Кырг
Ч31
А-76
А46

Бекембай АПЫШ

# ПедагогикА

ОШ—1993

АРХ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

**Бекембай АПЫШ**

# ПЕДАГОГИКА

**(1-бөлүм)**

**Окуу куралы.**

Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечими менен студенттер үчүн окуу куралы, мугалимдер жана ата-энелер үчүн колдонмо катары басмага сунуш кылынган.

ОШ—1993.

Окуу куралына пикир жазгандар:
Ош мамлекеттик университетинин профессору, философия илимдеринин доктору

Токтосун АТТОКУРОВ.

Ош педокуу жайынын директору, педагогика илимдеринин кандидаты

Кенжемат АБДИЛАКИМОВ

Ош шаарындагы Уркуя Салиева атындагы лицейдин психологу

Дилзат ЖОЛДОШБАЕВ

Жооптуу редактор:
ОМУнун кафедра башчысы, психология илимдеринин кандидаты

Турдумамат КАЧЫКЕЕВ.

**Бекембай АПЫШ**

**Педагогика (1-бөлүм). Окуу куралы**

Бул окуу куралы — мугалим даярдоочу атайын жогорку жана орто окуу жайларында өтүлө турган педагогика дарсинин биринчи бөлүмү. Анда кыргыздын элдик педагогикасы, кыргызга тектеш жана тагдырлаш калктардын, ошондой эле жалпы инсанаттын таалим, тарбия жөнүндөгү ой толгоолорунун өнүгүш динамикасы, педагогика илиминин жалпы негиздери жана категориялары жөнүндөгү маалыматтар аздыр-көптүр ырааттуу баяндалат.

Мугалимдик адистикке даярданып жаткан студенттер үчүн окуу куралы, мугалимдер жана ата-энелер үчүн колдонмо.

3158
НАЦИОНАЛЬНАЯ
БИБЛИОТЕКА
2000
Кыргызской Республики

Ош шаары, 1993.

## РЕДАКТОРДОН

Педагогика деген сөздү бүгүнкү кең маанисинде — ар бир элдин руханий дүнөсүнүн өзөгү, маданий дараметинин көрсөткүчү, адеп-ахлагынын таянычы деп түшүнсөк болот. Дүйнөлүк цивилизациянын туу чокусуна көтөрүлгөн элдер так ошондой мааниде түшүнүп, педагогиканы чын ыкласы менен иликтеп үйрөнүшөт. Кыргыз элин бүгүнкү цивилизациянын деңгээлинде кайра жараткыбыз келсе, автор туура белгилеп кеткендей, педагогиканы мугалимдер үчүн да, ата-энелер үчүн да, атка минерлер үчүн да өтө зарыл илимге айландыруубуз ылазим. Анткени коомдук прогресске дем берүүчү күч— адам фактору. Ал эми адам (инсан) — педагогикалык жараяндын продуктусу.

Элдин маданий жүрүш-турушуна педагогдор үлгү көрсөтүп, ал эми илимий мекемелер менен окуу жайларында педагогика үлгүлүү илим катары болбогон өлкөдө келечек жок. Мунсуз элдин маданияты, ыйманы жөнүндөгү сөздү козгоонун эч кандай кажети да жок.

Өз учурунда орус тили биздин экинчи эне тилибиз болуп калды. Педагогика, психология өңдүү илимдерди кыргызча иликтөөнүн зарылдыгы деле жок. Аларды орус тилинде үйрөнө беребиз деген чолок этек ойдо болуп, кыргыз тилинде окуу китебин же окуу куралдарды түзүүгө бир да көңүл бурбай койдук. Натыйжада эне тилибизде педагогика, психология жаатында өз улутубуздун өзгөчөлүгүн эсепке алган эч нерсебиз жок, караманча алакан жайып олтуруп калдык. Бул эч качан орду толбой турган биксөлүк! Бекембай Апыштын бул китеби ошол бөксөлүктү аз да болсо толуктоого карата болгон эң биринчи, дээрлик деңгээлдеги жемиштүү аракет десек көп эле жаңылышпайбыз.

Автор бул эмгегинде перзенттин онтогенездеги психикасынын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн илимий негизин, инсандын калыптануусунда педагогика илиминин жетишкендиктерин жана элдин бай тажрыйбасын жемиштүү пайдалануу усулдарын ырааттуу баяндайт.

Китептин оригиналдуулугу жана талданган маселелердин актуалдуулугу эч кимди шектендирбейт. Кыргыздын элдик педагогикасынын маңыз мааниси ашкере айгинеленген, окурмандар үчүн жаңы маалыматка бай окуу куралды өзүн кыргыз жаранымын деген ар бир инсан чоң ыклас менен астейдил окуп чыгуусу мезгилдин өтө өктөм талабы деп эсептейбиз.

**Турдумамат КАЧЫКЕЕВ,**

Мугалимдик адистикке ак пейили менен даярданып, Москва шаарындагы педагогикалык университеттин психология бөлүмүнүн III курсунда ийгиликтүү окуп жатып мезгилсиз кайтыш болгон кызым ЖЫЛДЫЗдын жаркын элесине багыштайм.

## СӨЗ БАШЫ

Элибиздин кылымдар бою эңсеген эркиндиги эми колуна тийип, өз алдынча эгемендүү мамлекет болду. Эркин кыргыз өлкөсүнө мезгил өтө татаал, өтө жоопту милдетти — элди бүт күл дүйнөлүк цивилизациянын бүгүнкү деңгээлинде кайра жаратуу озуйпасын тапшырды.

Ондогон кылымдарды карыта басып өткөн тарыхый жолуна астейдил сарсеп салып, ал улуу жолду баалоодогу бөтөн элдик масилаткөйлөрдүн таңуулаган пикирлерин чечкиндүү четке кагып, кара кылды как жарган өзүнүн калыс баасын берүүгө элибиз эми чындап киришти.

Өткөн тарыхын астейдил иликтеп үйрөнүп, ага туура илимий баа бере албаган элде келечек жок экендигин калкыбыз түшүндү. Ар кандай эле элдин өркүндөп өсүүсүн ошол элдин улуттук маданиятынын гүлдөшү камсыз кылат. Анткени улуттук маданият элдин тарыхын, турмуштук тажрыйбасын, салтсанаасын, оозеки адабиятын, динин, тилин, дилин, улуттук өнөр ажарын өзүнө камтыйт. Ушундай чартараптуу улуттук маданияттын каймагын калпып, өзүнүн тулку боюна сиңирген, ар бир улуттун руханий дүйнөсүнүн мерчемдүү түйүнү, ошондой эле бабалардан урпактарына дайыма өтүп келген маданий мурас — бул элдик (улуттук) педагогика.

Демек, элибизди кайра жаратуу ишинин уюткусун кыргыздын элдик педагогикасы менен азыркы дүйнөлүк илимий педагогиканын орошон ширетмеси түзүүгө тийиш. Бүгүнкү дүйнөлүк цивилизациянын туу чокусуна чыккан жапон, америка, англис, француз, немис өңдүү элдерде так ошондой ширетме педагогика элдин баары үчүн — мугалимдер үчүн да, кызматчылар үчүн да, ата-энелер үчүн да — зарыл илимге айланып калган. Алардын руханий дүйнөсүнүн да, жүрүш-туруш маданиятынын да өзөгүн ошол илим түзөт.

Дүйнөнүн маданияттуу элдеринин барында эле педагогикага болгон ыклас күчтүү. Анткени коомдун дүркүрөп өсүүсүнө дем берүүчү күч болгон адам факторун педагогикалык жараян калыптандырат. Ошондуктан ар бир калктын социалдык жактан өркүндөп өнүгүүсүнүн өзөгүн ошол улуттун элдик педагогикасы түзүүгө тийиш.

Кыргыздын элдик педагогикасы — ондогон кылымдар бою кырындыдан чогултулуп келген нарк нускалуу каада салт, кудрети күчтүү руханий дарамет. Ата-бабалардын мындай асыл даанышмандык керезин урпактарга төкпөй, чачпай жеткизүү— элибиздин цивилизацияга жетүүсүнүн эң зарыл шарты болуп эсептелет. Бул мыйзам ченемдүү зарылдыкты таназар албай, орус болобуз же европалык болуп кетебиз деп жетимиш жылдан ашуун дээликтик. Аягы эмне менен бүттү?! Өкүнүч... Кыргыз барыдан мурда кыргыз эле болуусу илазим. Ал эми кыргыз болгон инсан дүйнөлүк элдердин тарыхын, тилин, маданиятын окуп өздөштүрүүдөн мурда кыргыздын тарыхын, маданиятын, тилин, дилин, пейилин үңүлө изилдеп үйрөнүүсү керек. Демек, мектеп, окуу жайлардын окуу китептерин, окуу куралдарын кыргыздын жана башка чыгыш элдеринин, ошондой эле тектеш элдердин тарыхый жана маданий материалдарына негиздеп түзүү бүгүнкү күндүн өктөм талабы.

Мезгил талабына ылайык кыргыздын элдик педагогикасы менен дүйнөлүк илимий педагогиканын орчундуу маселелери жөнүндө азын-оолак ректөө максатында бул китепти окурмандарга сунуш кылып жатабыз. Мындай максатта бир нече атаандаш окуу китептерин жана окуу куралдарын түзүп элдин терең катмарына тез аранын ичинде жеткизүү бүгүнкү күндө өтө эле актуалдуу.

Окурмандардан пикир күтөбүз.

**Автор.**

# БИРИНЧИ БАП

## ПЕДАГОГИКА ПРЕДМЕТИ ЖАНА АНЫН МИЛДЕТТЕРИ

Темадагы түйүндүү ойлор.

Педагогика жөнүндө түшүнүк. Кыргыздын элдик педагогикасынан кыскача маалымат. Педагогикалык ойлордун жана тарбия назариятынын келип чыгышы, өнүгүшү. Педагогика илиминин тармактары ж. б. илимдер менен байланышы. Илимий педагогиканын изилдөө усулдары. Буржуазиялык педагогиканын айрым агымдарына кыскача мүнөздөмө.

Темадагы бейтааныш педагогикалык туюнтмаларга кыскача таржымал жана терминдердин котормосу.

Амалият — практика, ишке амалга ашыруу.

Афоризм — (гр.) учкул сөз, санат сөз.

Назарият — теория, илимий ой, пикир.

Эфебия — байыркы грецияда б. з. ч. V к. 18—20 жаштагы эркин туулган уул балдарга аскердик дене тарбия берүүчү мамлекеттик система.

Көркөм өнөр — искусство.

Палестра — «күрөш мектеби», байыркы афинадагы б. э. ч. VI—VII к. окуу, тарбия мекемеси.

Педоном — байыркы спартада кул ээлөөчүлөрдүн балдарына жетекчилик кылуучу интернаттагы тарбиячы.

Схоластика — турмуштан, амалияттан таптакыр ажыраган, курулай баш катырма окуу.

Синкреттик — гр. кошулган, аралашкан, ширелишкен.

Сенсуализм — таанып билүүнүн бирден бир булагы сезүү болот деп эсептөөчү философиялык окуу.

Жараян — процесс, иш аракетинин туруктуу абалы, туруктуу абалдагы үзгүлтүксүз иш аракеттердин ырааттуу алмашуусу, Мис:иш жараяны, өсүмдүктүн өсүү жараяны ж. у. с. бул сөздү XI к. түрк тилин тереӊ изилдөөчү Махмуд Кашкири процесс деген мааниде колдонгон. Азыркы өзбек тилинде ошол эле мааниде кеӊири колдонулат.

Илоттор — кулдар.

Периэктер — толук эркиндикке ээ боло албаган, көз каранды соодагерлер жана кол өнөрчүлөр.

Теология — (грек. тео-кудай, логос-окуу, түшүнүк) кудай таануу.

Экзистенциализм — (лат. жашоо-философиялык идеализмдин бир агымы. Баланын жетилүүсү педагогикалык таасирсиз эле, бала өзүнүн ишмердүүлүгүн көрсөтүүсү аркылуу өсөт деген окуу.

П а к и з а — таза, аруу, ак.

Р и т о р и к а — чечендик, сөзмөрдүк, актандайлык жөнүндөгү окуу.

И р р о ц и о н а л и з м — философиядагы идеалисттик агым. Таанып билүүдөгү акылдын мүмкүнчүлүгүн чектейт жана танат.

И н с т р у м е н т а л и з м — субъективдик-идеалистик окуу, прагматизмдин бир туру. Бул агым аң-сезимди өзгөртүп туруучу айлана-чөйрөгө ыңгайлануучу каражат катары карайт. Логикалык түшүнүк, илимий эреже, бул бар болгону курал, инструмент, анын жардамы менен максатка жетет.

Э к с п е р и м е н т а л и з м — прагматизмдин бир түрү.

К о н с т р у к т и в и з м — прагматизмдин бир түрү.

П р а г м а т и з м — айрыкча АКШда кеңири таркалган идеалияттид философиянын бир агымы. Прагматистик педагогиканын изилдөөчүсү Дж. Дьюи ошол кездеги мектептеги схоластика менен формализмди айыптап, балдарды амалияттык иш аткаруу жараянында окутууну талап кылган, бирок баланын мүмкүнчүлүгүн өтө эле жогору баалап жиберген.

А с к е т — жашоодогу жыргалчылыктан баш тарткан, таркы дүйнө өткөрүү үчүн өзүн моралдык жактан өтө такыба туткан, динчил адам.

К а д е т т и к к о р п у с — падышачылык россиянын жабык типтеги согуштук окуу жайы.

Т р и в и у м — (лат. үч багыт, үч илим) —грамамтика, риторика, диалектика. Батыш Европада XVII кылымга дейре схоластикалык орто билим берүүнүн мазмунун түзүүчү окутумдар.

К в а д р и в и у м — (лат. төрт жолдун кесилиши деген маанини түшүндүрөт) орто кылымда тривиумдан кийин берилүүчү жогорулатылган курс төрт илимден турат: арифметика, геометрия, астрономия, музыка назарияты.

О к у т у м д а р — окуу предметтери.

У с у л н а м а — методология, изилдөө методдорунун негизи.

## Теманын мазмунун чечмелөөчү ой чабыттары

Педагогика гректин «педагогос» — баланы ээрчитип (алып, баштап) жүрүүчү деген сөзүнөн келип чыккан. Кыргызчага азыркы так маанисин которсок: педагогика — тарбия жөнүндөгү илим.

Тарбия инсаниятtын түбөлүк камы, анткени адам баласы жаралып дүйнөгө келген учурдан баштап эле тарбияга жана тарбиячыга өтө муктаж. Ал тарбиячысыз өсүп жетилмек тургай жөнөкөй эле жашап турууга да жөндөмсүз. Тарбиянын жана

тарбиячынын жардамы менен ал акырындап денеси чыңалып чоңоёт, акылы өнүгүп бойго жетет, инсанга айланат.

Аздыр, көптүр ырааттуу педагогикалык ойлор адам коомунда али пайда боло электе деле тарбиянын амалияты ишке ашып келген. Жыйналган алгылыктуу тажрыйбалар бара-бара акырындык менен элдик педагогиканын казынасына топтоло берген. Тиричилик турмуштун тажрыйбасынан келип чыккан ой-пикирлер, эмпирикалык маалыматтар, алибетте, илимий назарият эмес. Коомдук прогресстин белгилүү этабында гана алар илимий ой жүгүртүүгө өбөлгө түзүүчү башат же булак боло алышат.

Адам коомунун тарыхый өсүүсүнүн белгилүү сересинде гана элдин педагогикалык ой толгоолору, тарбия жөнүндөгү эмприкалык түшүнүктөрү элдик фольклордо, айрыкча санат сөздөрүндө, макал-лакаптарында, болумуштарында, тамсилдеринде ж. б. оозеки чыгармаларында чагылдырылса, элдик маданият пайда болгон учурдан баштап педагогикалык идеялар сөз чеберлеринин көркөм чыгармаларында бериле баштайт. Ал эми өзүнүн түбөлүктүү жазма адабияты жок элдерде педагогикалык көз караштарды өзүндө көркөмдөп чагылдырып, аны муундан муунга жеткизүүчү бирден бир каражат — элдин оозеки чыгармачылыгы.

Көчмөн турмуштун жана түрдүү тарыхый кырдаалдын натыйжасында кыргыз эли чоң жазма тарыхый эстеликти калтырбаганы менен көптөгөн кылымдар бою эмгекчи элдин башынан кечирген нечен түрдүү кайгы, кубанычтарын, бейпил турмушу менен жоокердик күндөрүн чагылдырган кара сөз жана ыр түрүндө түзүлгөн оозеки адабияттык эстеликтер жаратты. Ал чыгармалар педагогикалык залкар идеяларга жык толгон, тарбиянын элдик тажрыйбасынын соолбос булагы.

Демек элдик педагогикабыз ондогон кылымдарды өзүнө камтыган кыргыз тарыхынын жана маданиятынын каймагын калпып өзүнүн тулку боюна сиңирген ата-бабаларыбыздан бизге калган бай мурас, түгөнбөгөн кенч. Биз аларды канчалык ыйык тутуп, туура баалап, терең изилдеп үйрөнгөн сайын алар бизге өзүнүн укмуштуудай купуя сырларын ачып бере берчү өткөндөрдүн керээзи. Бабаларыбыздын мындай залкар педагогикалык идеялары таң каларлык. Ата бабаларыбыз адеп, акыл, эмгек, экологиялык тарбиялардын илимий негизин таамай түя билишкен. Алдын ала миңдеген жылдар кийинкини көрө билген. Алсак, Жер тыңшаар Мамыт жер түпкүрүндөгүнү эшите алса, Угар кулак Мамыт ааламдын күбүр-шыбырын уга алат. Көрөр көз Мамыт ааламда эмне болорун көрүп, Куюн кетен Мамыт аларды дароо эле барып аныктай коёт. Миңдеген жылдар мурун бабаларыбыз кыялында туйган элестер бүгүнкү ре-

алдуу чындык болуп олтурат. Өсүп-өнгөн, акылман, сезимтал, түптүү нарктуу элибиздин маданий-интелектуалдык дараметин аңдап, иликтеп ага маани бере албай көпкө жүрүп калдык, бул абал биздин жан дүйнөбүздү жардылантып, ыйманыбызды булгады, дилибизди бузду, касиетибизди жойсоп, улуттук өңүбүздү өчүрдү. Ата мурастарыбыз адам баласынын жан дүйнөсүнүн карым-катнаш мамилелерин табийгатка, коомго болгон көз карашын туюнтуп таамай айтылган макал-лакаптар, афоризмдер жаратылышты, жан жаныбарларды билүүгө байланыштуу тамсилдер, табышмактар, коомдук турмушка байланыштуу акыл-насаат берүүнү көздөгөн санаттар, эмгекке, махабатка арналган лирикалык ырлар, кадимки турмуш менен фантазия аралашкан укмуштуу жөө жомоктор жана ушулар сыяктуу чыгармалар — эмгекчи элдин педагогикалык мүдөөсүн баяндаган рухий гүл азык. Элдин маданий дүйнөсүнүн океанын сузуп өтүп элдин рухий гүл азыгына карк болбогон инсан, ал элдин чыныгы атуулу боло албайт. Жети өлүп жерде калсам да өз ата журтумду жана анын тарыхын башка эң кымбат нерсеге да алмаштырбас элем деп жазган орустун улуу уулу А. С. Пушкин.

Белгилүү тарыхый кырдаалда объективдүү шартка ылайык биздин кыргыз жаштарыбыз бул жагдайда Телибай тентек, же тагыраак айтканда чыныгы Маңкурт болду. Анткени түптүү, нарктуу элибиздин өткөнүн иликтеп үйрөнгөн билимдин негизинде жаш муундарга улуттук аң-сезимди ойготуп, кыргыздын урп-адатына, салт санаасына, тарыхына, маданиятына сыймыктанып, анын тилин, дилин, пейилин сүйүүнү түптөөнүн ордуна, бабаларыбыздын рухий дүйнөсүн чагылдырган алтын кенчти таптакыр жерип, жаш жеткинчектерибизге Европа маданиятын үйрөтөбүз деп батыштын элдерин туурамыш болуп «Же нары барып Чүйдө өлбөй, же бери келип үйдө өлбөй» — дегендей арасат жолдо тентиреп калдык. Мунун салакасы дагы көпкө чейин элдин кендирин кесчүдөй болуп турат.

Мындай көрүнүштү өз учурунда баамдап, акыл калчаган чубаш элинин чыгаан окумуштуу педагогу, академик Г. Н. Волков: элдик педагогика менен илимий (мектеп) педагогикасынын тарыхын миң беттен турган бир китеп катары элестете турган болсок, мектеп педагогикасы жана анын тарыхы жөнүндөгү сөз ал китептин 995 же 996 бетинен башталмак. Демек педагогика илимин жана анын тарыхын илимий педагогиканын тарыхы менен гана чектөө акылга тете келбейт. Улуттук педагогиканы жээришке эч кандай элдин акысы жок. Элдин педагогикасына ырая кылбаган калктын келечеги жок деген ойду өтө таасын айткан (7, 20).

Ата бабалардын тарыхын ынтаа коюп иликтеп, алардын урп-адаттарына, калтырган мурастарына таңданган, атагы ааламды дүңгүрөткөн Цицерон: «Турмуштун насаатчысы —та-

рых» деген тыянакка келген. Биз ошол насаатчыбызды көп жылдар таназар албадык. Байыртадан адам акылын улаган алтын учуктарды изилдеп, анын башатына акыл калчап, учул улап, жаман-жакшысын иргеп, жакшысынан таалим алсак жан-дүйнөбүз кандай байып, кандай тазармак! Аттиң! «Баба өмүрүн билген киши караңгыда шам чырактуу»— деген эл макалын этибарга албай, андайга паам-парасатыбыз жетпей турган маңкурт болуп кетпедикпи. Кыргыз элинин мазмундуу окуяларга мол тарыхын, өнүккөн маданиятын чагылдырган көлөм жагынан таң каларлык чоң, мазмун жагынан шумдуктуудай бай, көркөмдүгү ажайып көкөлөгөн оозеки адабияты — элдик педагогиканын соолубас булагы, көөнөрбөс каражаты экендигин өз мезгилинде түшүнө албадык. Алардын үстүнөн эле кайгыта ой жүгүртүп көрөлүчү. Алсак, табышмактар балдардын эс-акылынын зиректигин, паам-парасатын, ой чабыттарын логикалык жактан өркүндөтүп өнүктүрсө, элдик оюндар айыгышкан татаал кырдаалда түрдүү айла, амал менен туюктан бачым жол таап чыгып чапчаң, ден соолугу чың, чыдамкай, күчтүү болууга үйрөтөт. Ал эми жомоктор адамды баарыдан күчтүү кылган да, амалдуу кылган да, акылдуу, адептүү кылган да адал эмгек экендигин көрсөтүп, инсандагы калыстык, айкөлдүк, ыймандуулук касиетти даңазалайт.

Мындай майда фольклордук формалар менен катар эл узак окуялуу чоң жомоктор, баатырдык эпостор да жараткан. Ал эми элден чыккан көркөм сөз чеберлери аларды акырындык менен бүт ырга айланткан. Композициялык түзүлүшүнө жана окуяларынын кеңири берилишине карай бул чыгармаларды эки топко — чоң (улуу) жана кичи (кенже) эпосторго бөлөт. «Манас» трилогиясы — улуу эпос, калгандары — «Курманбек», «Эр Төштүк», «Кожожаш», «Кедейкан», «Жаныш-Байыш», «Олжобай менен Кишимжан» ж. б. кенже эпостор. Булардын ар бирин элдин педагогикалык залкар ой корутундулары десек аша чапкан болбос элек.

«Эр Төштүк» эпосу — эмгекчи эл табияттын купуя сырларын тынымсыз иликтеп үйрөнүп, аны ооздуктап өзүнө баш ийдирип, өз кызыкчылыгы үчүн кызмат кылдырууга активдүү аракетти күчөтүүсү зарыл экендигин көрсөтсө, «Кожожаш» — жаратылыш ыйык, ошондуктан адам ал жөнүндө дайыма кам көрүп, аны коргоо үчүн астейдил күрөшүүгө, ага өтө этият мамиле жасоого милдеттүү экендигин баса белгилейт. Бул чыныгы инсандык касиеттерди түптөөдөгү экологиялык тарбиянын маанисин эмгекчи эл өтө жогору баалагандыгынын күбөсү. «Кедейкан» — элдин социалдык аң сезиминин жетилгендигин даректеген чыгарма. Эмгекчи элдин эңсегени коомдук турмуштагы теңдик жана кара кылды как жарган калыстык. Жашоо-

кун жана жыргалчылыктын бирден бир адал булагы — адамдын пешене тери, ак эмгеги.

«Олжобай менен Кишимжан» — үй-бүлөлүк турмуштагы эри менен аялынын бири-бирине карым катнаш мамилелеринин адептүүлүгү, ынак мамилелеринин пакизалыгы. Сүйүү сезимдеринин ыйык жана бийиктиги, ашык жарлардын тунук сүйүүсү жөнүндөгү ой—эмгекчи элдин мүдөөсү.

«Манас» — кыргыз элинин бай руханий дүйнөсүнүн океаны, боёктору даана түстөр менен чебер тартылып, бири-биринен инсандык мыкты касиеттери менен ташка тамга баскандай айырмаланып турган (Манас, Алмамбет, Бакай, Каныкей, Чубак ж. б. ондогон) каармандардын портреттери — эмгекчи элдин адам тарбиялоодогу идеалы. Калкыбыздын өткөнүн, инсан, тарбия, коом, жашоо жөнүндөгү ата бабаларыбыздын мурастарын терең изилдеп үйрөнүп, андан чыгарган назарияттык тыянагыбызды жашоо тиричилигибиздин күндөлүк амалиятында чыгармачылык менен пайдаланбай туруп азыркы жаш муундарды ийгиликтүү окутуп-тарбиялоо мүмкүн эмес экендигине эми гана толук көзүбүз жетип олтурат.

Тарбия жараянында байыркы, айрыкча, орто кылымдагы чыгыш элдеринин үлгүлүү тажрыйбасы эч кандай баа жеткис кенч экендигин баяндаган VIII—XIII кылымдардагы Жакынкы жана Орто чыгыштын, Орто Азиянын окумуштуу — энциклопедиячыларынын эмгектери бизге ата-бабалардан калган мурас. Ал эмгектердеги залкар педагогикалык идеялар жүрө-жүрө акырындык менен таалим тарбия берүүнүн элдик тажрыйбасы менен ширелишип, эмгекчи элдин аң-сезимине терең сиңип, элдик педагогиканын соолбос булагына айланып кеткен. Азыркы тарбия жараянын уюштурууда элдин ошол үлгүлүү тажрыйбасын терең изилдеп үйрөнүп бүгүнкү таалим-тарбиябызды ошого негиздебей туруп элдин маданий деңгээлин көтөрүү мүмкүн эмес экендигин өз турмушубузда көрдүк. Ата-бабаларыбыздан калган ушундай баа жеткис дөөлөттү жерип, ушундай ыйык мурасты терең үңүлө изилдебей, элибизди алардан бейдарек калтырганыбыз чоң күнөө эмеспи. Алар жөнүндө үстүртөн болсо да учкай сөз козгой кетели.

VIII кылымдын орто ченинде Араб халифатынын аймагы кеңейгендиги бизге тарыхтан белгилүү. Арабдар өз тилин жана ислам динин басып алган жерлерине зордоп таркатышкан. Арабдардын, мусулмандардын маданияты Жакынкы, Орто Чыгыштагы жана Орто Азиядагы элдердин материалдык жана руханий маданияты менен аралашып өзгөчө бир синкреттик типтеги маданиятты түзгөн. Акырындык менен бул маданияттын борборуна айланып кеткен Сирия, Иран, Орто Азия элдеринин бүт турмуш-тиричилигин жөнгө салуучу идеология ислам дини

болуп калган. Бул идеологиянын таасири коомдук жана мамлекеттик турмушта да, үй-бүлөлүк—никелик мамиледе да, элдердин, адамдардын карым-катнашында да, балдарды тарбиялоодо да өтө күчтүү болгон.

IX—XIII кк. Араб халифатында илим дүркүрөп өскөн. Анын баштоочулары синкреттик типтеги маданияттын чыгаан окумуштуу—энциклопедиячылары: Беруни Абдурайхан Мухаммед Ибн Ахмед аль-Беруни (973—1050), Ибн Сина Абу Али Хусейн ибн Абдаллах (латындаштырылган ысмы—Авиецена) (980—1037), Фараби (аль—Фараби) Абу Насир ибн Мухаммад (870—950), Омар Хайям Гиясаддин Абу-аль-Фатх-ибн Ибрахим (1048—1123), Унсур Аль-Маали Кей Кавус (1021—1098), Махмуд Кашгари (XI кылым, туулган өлгөн, жылдары дайынсыз), Жусуп Баласагын (1918-жылы туулган, өлгөн жылы белгисиз) жана башкалар болушкан.

Энциклопедиячы — окумуштуулар табият жөнүндөгү илимди өркүндөтүп гана тим болбостон, математиканы, философиянын түрдүү проблемаларын, коомдун жана жеке адамдын өнүгүү мийзам ченемдүүлүктөрүн терең изилдешип, диндин айрым догмаларына чечкиндүү сокку урушкан. Ошону менен бирге алар тарбия-таалим маселелерин чечүүдө диндин оң таасирин да белгилеп көрсөтүү менен өздөрүнүн педагогикалык ой толгоолорун элдик тажрыйба менен тастыктоого далалаттанышкан. Орто кылымдын чыгаан окумуштуу, ойчул, педагогдору залкар педагогикалык идеяларды элдин тажрыйбасынан алып, аны көркөмдөп, коoздоп кайра элге тартуулашкан.

Ал окумуштуулар көптөгөн илимий эмгектеринде тарбия жөнүндөгү өз идеяларын баяндашкан. Алсак Ибн Синанын «Үй-бүлөлүк чарба» деген китебинде эки бап элге билим берүү маселесине багышталган. «Эмчилик илиминин мыйзамы» деген фундаменталдык эмгегинин төрт бабын улуу аалым-педагог бабабыз Ибн Сина балдарга дене тарбиясын берүү маселесин изилдеөгө арнаган. Ал эми «Дарылап айыктыруу китеби» деген изилдөөсүндө окумуштуу тарбиянын негизги усулдарын талдап, илимий нукка салган.

Кей Кавустун 44 баптан турган «Кабус-Намеси» чыгыш элдеринин үлгүлүү таалим-тарбия иштери жөнүндө баяндалган улуу педагогикалык эстелик. Муну адам баласынын инсандык сапатын байытууга чоң салым кошуучу педагогикалык чыгарма катары Батыш менен Чыгыштын көптөгөн элдеринин тилине которушкан. Алсак 1432-жылы түрк, 1786-уйгур, 1811-немис, 1860-өзбек, 1886-француз жана орус тилдерине которулган.

Энциклопедиячы окумуштуулар бир жагынан Куранды диний чындыктын булагы катары карап, ошол эле учурда анын

-айрым догмаларын тануугa далалаттанышкан. Адам өз эркинче, ар кандай иш кыла берсе болот деген пикирди баяндоо менен бирге ар бир пенде Курандын талаптарын кыйшаюусуз аткаруусу ылазым деген ойду кошо бекемдешет. Ар бир мусулман пендеси исламдын төмөндөгүдөй беш парзын аткарууга милдеттүү: биринчиден: Жараткан бир — кудрети күчтүү Алла Таала, анын эл арасындагы өкүлү Мухаммад пайгамбар экендиги не шек келтирбей ишенүү. Экинчиси — беш убак намаз окуу. Үчүнчүсү — орозо тутуу. Төртүнчү — Меккеге (Каабага) ажыга баруу. Бешинчи — мал, жанына зекет берүү.

Орто кылымдагы чыгыштын энциклопедиячы — окумуштууларынын эмгектеринде таалим-тарбия жөнүндө өтө көп жүйөлүү пикирлер бар. Алар акыл, адеп, эмгек жана дене тарбияларынын максат, каражаттарын рационалдуу негиздеп, керек жеринде ислам идеологиясын четке кагышкан.

Платон менен Аристотельдин окуусун терең өздөштүрүп өзүнүн социалдык көз караштарын көбүнчө ошолордун философиясына негиздеп, Аль-Фараби, тарбия жөнүндө мааниси өтө күчтүү оргиналдуу көп ойлорду айткан. Тарбиянын негизги максаты, анын ою боюнча, адамды жакшылыкка, жакшы жөрөлгөлөргө үйрөтүү аркылуу анын бактысын ачуу. Ал Платончосунан, жакшы адамдын жаны денесинен ажырагандан кийин түбөлүк бейиште жашайт деп үйрөтөт. Фараби адамды рухий жактан тарбиялоодогу илимдин маанисин жогору баалаган. Анын ою боюнча билим адамдын жүрүш-турушун коздойт, дарактан өсүп чыккан бутактар мөмө байлагандай эле билимге умтулган адамдын адеп-аклагы тазарат. (2, 26). Фараби билим алууга дилгир адамдарды жактырып, андайлар жаш, жупуну, тени таза, адептүү, тарбия көргөн, туруктуу, эч кимди алдабаган, жамандыкка барбаган, илимпоздорго сый, урмат менен мамиле кылган инсан болууга тийиш деген (3, 70).

Аристотельдин идеяларына таянып Фараби тарбиянын негизги милдети жан дүйнөсү жыргалга эмес чындыкка умтулгандай кылып инсандын табиятынын оңолушуна көмөк көрсөтүү. Андан тышкары тарбиянын жардамы менен адам адеп нормаларын өздөштүрүп, кол өнөрчүлүктүн амалияттык ык, машыгууларын үйрөнүүсү ылазым. Инсандын ар кандай эле (жаманы да, жакшысы да) сапаттары тубаса берилбейт, ал сапаттар адегенде үй-бүлөнүн (ата-эне, чоң ата, чоң эне, ага, эжелер) андан кийин улам кеңейген чөйрөнүн таасири менен калыптанат. Ошону менен бирге инсандын адептик сапаты дале көнүгүү менен адаттын натыйжасы болуп эсептелет деген жүйөлүү пикирге келген.

Беруни адамдын жан дүйнөсүнүн табиятын, анын дене менен байланыш мамилесин талдап олтуруп идеялуулук матери

алдуулукка баш иет деген тыянак чыгарат. Адамга баарынан өз руху эң жакын, ошондуктан ага биринчи жакшылык издейт, андан кийин рухту жакындан курчап тургандардын жакшы болуусун каалайт. Алар, адамдын этине тийип турган кийими, жашап турган жайы, ал адам жөнүндө кам көргөн нөөкөрү, ичеге-карынына кирген тамагы жана эмгек аспаптары. Адамдын өзүнүн да, бою-сынынын да сулуулугу ар ким үчүн жагымдуу, жолуккандын баары ошондой болуусун ар пенде каалайт. Бирок адамдын чырайы тубаса болот, аны эч ким өзгөртө албайт. Ал эми адамдын жан дүйнөсүн, жашоо жолун адеп-ахлак нугуна бурса болот. Өз рухундагы илдетти эмчилик менен айыктырып, өз жан дүйнөсүн тарбиялоо менен жаман кылык-жоруктан кутулган инсан жакшы пейилге ээ боло алат деп үйрөтөт (4, 518).

Тарбиянын негизги милдети, Берунинин ою боюнча, адамдын жоругун жана акылын жаман касиеттерден тазалоо, аны жамандыкка алып баруучу эски ырым-жырым, үрп-адаттан, жалган ишенимден, түрдүү азгыруудан, кунүчүлүктөн, мансапкорлуктан, көйрөңдүктөн куткаруу... Беруни тарбияны өзүн-өзү тарбиялоо менен өтө тыгыз байланышта караган.

Орто кылымдын улуу ойчулу Ибн Сина тарбиянын негизги максаты инсанды акыл жана дене жагынан шайкеш өстүрүү андагы оор басырык, токтоо мүнөздү калыптандыруу деп эсептеген. Ал өзүнүн «Эмчилик илиминин мыйзамы» деген белгилүү эмгегинде туура берилген тарбиядан эки пайда табабыз: биринчиси — баланын ыйманы жашынан пакизалыкка көнсө, жан дүйнөсү, пейли оңолуп, айкөлдүк анын адатына айланат, экинчиси — дене үчүн да пайда, анткени адепсиздик түрдүү бузулган табияттын натыйжасы болгон сыяктуу эле. айныган адеп адатка айланса ал табиятты да сөзсүз айнытат. Алсак, ачуу келгенде адамдын денеси кызыйт, кайгырганда кургайт, көңүл чөккөндө шалдырап бошоңдойт (10).

Ибн Сина баланын наристе кезиндеги, бойго жеткен курагындагы психикасынын жетилүү жараянын терең изилдеп үйрөнүп, аны жемиштүү өстүрүүнүн каражатын изилдеген. Дене тарбиясына бөтөнчө көңүл бөлүп, Ибн Сина, баланы төрөлгөндөн толук бойго жеткенче денесин чыңдап, рухий жагынан да шайкеш өсүүсүнө жетишүү зарыл деген.

Дене тарбиясындагы көнүгүүнүн ролун жогору баалап, Ибн Сина, көнүгүүлөр ар түрдүү болот: кичине—чоң, күчтүү—алсыз, акырын—ылдам, бош—чыйрак ж. б. Ал көнүгүүлөрдүн ар бирин талдап, кайсынысы акылдын өсүүсүнө, кайсы бири дененин чыңдалышына таасир тийгизерин толук чечмелеп баяндаган.

Ибн Синанын бул илимий жактан негизделген педагогикалык идеясын биз кыргыз элинин улуттук тарбиясынын тажрыйбасында өтө кеңири пайдаланылгандыгын көп булактардан жолуктурабыз. Мисалы Актан Тыныбековдун «Кыргыздардын улуттук оюндары» деген китебиндеги балдар оюндарын карагыла 3—53—беттер, (22, 2—150). Фараби өңдүү эле Ибн Сина да акыл тарбиясы түрдүү илимдерди өздөштүрүү жараянында ишке ашат, түрдүү илим акылдын түрдүү касиетин камсыз кылат. Ал эми адеп тарбиясы каниеттүүлүккө, чечкиндүүлүккө, эстүүлүккө жана адилеттикке көнүгүү жараянында ишке ийгиликтүү ашат деген корутунду чыгарат.

Адам жарык дүйнөгө же жакшы, же жаман, же ачуулу же боорукер болуп келбейт, ар кыл таасир этүүчү факторлордун жыйындысы аны мындай же тигиндей кылып калыптандырат. Сырткы чөйрөнүн таасирин кабыл алып аны таанып билүү менен гана чектелбестен, анын таасири менен бала жаман, жакшы сапатка да ээ болот. Балдарды тарбиялоодо өтө кылдаттык менен мамиле жасоо керек, баланын жан дүйнөсү таза тактай сыяктуу, ага ар кандай сүрөттү оңой эле чиймелеп тартса болот— деп жазат улуу окумуштуу.

Ибн Синанын ою боюнча жаман кылык-жорукка дуушар болбоо үчүн бала жакшы адамдардын чөйрөсүндө чоңоюуга тийиш. Бала алдамчылыкка, ушакчылыкка үйрөнбөөсү керек. Тарбия берген адам акылдуу, жөндөмдүү болууга тийиш, анткени ал рухий ата болуп эсептелет.

Орто кылымдагы окумуштуу—энциклопедиячылардын эмгектеринин ичинен педагогикалык жагдайда эң маанилүүсү Ибн Синанын «Үй тиричилиги жөнүндөгү» трактаты. Анда үй-бүлөнүн башчысы болгон атанын өз балдарына берүүчү тарбиясынын бүт тармактары жөнүндө көп пайдалуу кеңеш, сунуштар айтылган. Анда баланы жашынан тарбиялоо зарыл экендигин эскертип, ал жарык дүйнөгө келе электинде эле анын келечеги жөнүндө кам көрүү керек деген ой баса белгиленген. (10).

Омар Хайям ойчул, акын, окумуштуу катары тарбиянын максаты—ыйманы таза, акылы тетик, сезими курч адамды калыптандыруу. Сезими өтө курч адам гана өркүндөгөн жан дүйнөнү канааттандырып рахаттандыра турган бийиктикте эргиген илхамга ээ боло алат. Бул эле аздык кылат. Андан тышкары инсан адептүү болуп, өз жакындарын сүйүүгө милдеттүү. Тарбия көргөн пенде илимдеги дилгирликти, иш-аракетиндеги белдүүлүк менен шайкеш айкалыштырып, бардык адамдарга жакшылык кылууга тийиш. Андай адам акылы күчтүү, ыманы накиза келип, турмуштагы өтө зарыл иштерден башкага көңүлүн бурбайт, бийликке умтулбайт, түрдүү азгырууга берилбейт деген ойду окумуштуу өтө баса белгилейт. (19).

Ибн Сина менен Фараби сыяктуу эле Омар Хайям да адамдагы жаман сапат да, жакшы сапат да тубаса берилбейт, ал түрдүү факторлордун таасири астында калыптанат деген ойго келген. Адамда жакшы адат болбосо, акыл менен аракет жасаса жаман адатынан кутулуп, жакшы адатка ээ боло алат. Адам адептүүлүк касиетке эки жол менен жетишет. Биринчиден, жакшы адат ар бир пендеде атайылап көнүгүү жолу менен, экинчиден, акыл-калчап ойлонуу жолу менен калыптанат. Жакшы кылык-жорук адатка айланса адеп жакшырат, жаман жорук адатка айланса адеп бузулат. Хайям, муну менен адамдагы адепти, мүнөздү активдүүлүк менен түптөө мүмкүн экендигин баса белгилеген. Тарбия бала кезде башталып, бүт өмүр бою улантылат. Инсан бекерликке берилбей билимге умтулуусу ылаазым, ансыз өз зоболосун бийик көтөрө албайт деген тыянак чыгарат (20).

Чыгыш элдердин, жалпы мусулмандардын баарына кеңири таркалган баа жеткис педагогикалык мурас— Кей Кавустун «Кабус—Намеси». Бул эмгек ошол эле кылымда чыгып славян элдерине кеңири белгилүү болгон «Владимир Монамахтын насааттары» сыяктуу чыгарма. «Кабус—Наме» мезгилиндеги эл башкарган атанын уулуна берген насаатын баяндаган чыгыш элдеринин, ошондой эле славян жана башка Европалык элдердин үлгүсүндөгү педагогикалык жанр. Кей Кавустун уулуна үйрөткөн акылынын мазмуну адамдагы эң негизги касиетакылмандык, чынчылдык жана адамкерчиликтүүлүк. Мындай касиеттер көп адамдарда жок.

Бул чыгарма ар бир пендени өз өмүрүндө төмөндөгү үч адептүүлүк эрежени бекем тутууга милдеттендирет: сүйлөгөн сөзүңдү турмушуңда ишке ашыр, чындыкка каршы иш кылба, сабырдуу бол (11). Кудурети улук Те«ирим жаратkандарынын ичинен адамды өзгөчө жасаган. Адам денесиндеги, бешөө ички, бешөө сырткы аң-сезим менен жаныбарлардан артыкча жаралган. Ички, жабык бешөө: ойлоо, эсте тутуу, кыялдануу, айырмалоо жана речь, ал эми сырткы ачык бешөө: угуу, көрүү, жыт сезүү, даам сезүү жана дене аркылуу туюуу. Булардын айрымдары кээ бир жаныбарларда болгону менен адамдыкына окшобойт. Ошондуктан адам бүтүн жаныбарларды баш ийдирет, алардын падышасы. (11, 64—65).

Дүнүйөң азайып жакырлансаң акылыңды байыт, анткени акылдын байлыгы ар кандай дүнүйөдөн кымбат. Акыл менен дүнүйө жыйнаса болот, ал эми дүнүйө менен акыл жыйнай албайсың. Дөдөй бат эле жакырланат, ал эми акылды ууру да ала албайт. суу агызып, от күйгүзүп кете албайт. Акылың болсо өнөр үйрөн, дейт Кей Кавус уулу Гиляншахка кайрылып, өнөргө машыкпаган акыл кийими жок жылаңач дене сыяктуу, жу-

зу, чырайы жок бет сыяктуу. Билим—акылдын жүзү деген кеп бар эмеспи деп кайрылат улуу аалым (11, 25). Автор баланы үй-бүлөдө тарбиялоого бөтөнчө көңүл бөлөт. Акылдуу уул ата-эненин баркын билип, алардын койгон талабына урмат-сый менен мамиле кылат, аларды чексиз сүйөт. Ошондуктан балдарына көп билим берүүгө аракеттенүү ата-эненин ыйык парзы. Уулду үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, колуктусуна кыла турган мамилени үйрөтүү да ата-эненин милдети деп эсептейт Кей Кавус. Автор динге ырая менен мамиле кылуу маселелерине өтө көп көңүл бөлүп, илимдин турмуштагы маанисин да жогору баалайт. Табыпчылык жөнүндө көп кызыктуу ойлорду айтып, баланы согуш ишине да даярдоону сунуш кылат. Соода-сатыкты үйрөнүү да тиричилик үчүн зарыл нерсе деп эсептейт.

Орто кылымда Чыгышта да, Батышта да балдарга таалим-тарбия берүүдө авторитардуулук өкүм сүргөн. Баласын окууга тапшырган ата мугалимге: «Эти сеники, сөөгү меники» деп берүү жалпы эреже болуп турган шартта ойчул, окумуштуу-энциклопедиячылар мугалим менен окуучулардын мамилесиндеги гумандуулукту жана демократиялуулукту талап кылышкан.

Фарабинин ою боюнча мугалим окуучудагы адеп ахлакты, көркөм өнөрдү өздөштүрүү үчүн зарыл болгон ык, машыгууларды түптөйт. Мындагы негизги максат окуучуларга бакыт жолун изденүүнү үйрөтүү. Өз ишине астейдил берилбеген мугалим сый, урматка татыксыз дейт окумуштуу.

Мугалимдин милдети өлкөнүн көсөм жол башчысыныкындай эле жооптуу. Ошол көсөм өңдүү эле мугалим да көргөн, укканын унутпоого тийиш. Акылы тунук, сөзү даана, элестүү, так болуп, мугалим аларды окуучуларына көркөмдөп жеткирүү жөндөмүнө ээ болуусу ылаазым, илимди үйрөнүүгө да, үйрөтүүгө да дилгир, бул иште арып чарчоону билбеген, ичимдик ичпеген, чындыкты жана чынчыл адамды сүйгөн, жалганды жана жалганчыны жек көргөн, өз наркын баалап, абийрин сактаган, окуучуларына калыс мамиле кылган чечкиндүү адам болууга тийиш. Мындай инсан — деп жазат Фараби, — жогорку деңгээлде өркүндөлүп, бакыттын жогорку чегине көтөрүлгөн болот. Ага кандай иш-аракет менен адам бактылуу болор жолдору дапдайын көрүнүп турат. Ибн Синанын түшүнүгү боюнча мугалим эр жүрөк, чынчыл, ак көңүл, тарбиялоонун усулдарын, адеп ахлактын нормаларын жакшы билген инсан. Ал баланын жан дүйнөсүнө үңүлүп кирип, анын табигатын терең өздөштүрүүгө тийиш. Окутуу жараянында ал түрдүү усулдарды колдонуу менен балдардагы ар кыл шык, жөндөмдүү өркүндөтүп, келечек адистигин тандоого өбөлгө түзүүгө тийиш. Окумуштуунун ою боюнча мугалим менен окуучунун карым каткаш мамилелери гумандуулукка, ~~бири-бирин~~ сыйлап, урмат-

3158



НАЦИОНАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА Кыргызской Республики

тоого, бири-бирине кемсинтпей толук ишеним көрсөтүүгө негизделүүсү ылазым. Окуучуларына туура таалим-тарбия бере турган мугалим өзүнүн жүрүш-турушуна турмуштун бүгүнкү талабын коюусу тийиш. Окумуштуу — энциклопедиячылар таалим, тарбия ишин уюштуруудагы педагогикалык маданияттын ролун жогору баалап, мугалимдин жан дүйнөсүнүн бай болушун чечкиндүү талап кылышкан.

Ушулар өңдүү элден чыккан даанышмандардын таалим-тарбия жөнүндөгү залкар ойлоруна ширелишкен калайык калктын педагогикалык иш тажрыйбасынын жана ой мүдөөсүнүн кенчи болуп калган элдик педагогика таасирдүү таалим-тарбиянын жибек учугун укумдан тукумга тынымсыз улап олтуруп биздин күнгө чейин жеткиргендигине акылман акын, таасын педагог бабабыз Жусуп Баласагындын, «Кут алчу билим» (Фрунзе Кыргызстан басма 1988) дастаны эң сонун далил. Дастан мындан 9 кылым мурда жаралган. Окумуштуулардын божомолуна караганда Жусуп 1018-жылы Токмоктун түштүк жагында Баласагын шаарында туулган. Ошондуктан анын ысмы дүйнөлүк адабияттарга баласагындык Жусуп — Юсуп Баласагуни деген наам менен таркалган.

Педагог бабабыз Жусуптун «Куттуу билим» дастаны каармандарынын бири Адилет — чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүктүн, бири Дөөлөт — кут, ырыс кешиктин, бири Акыл —парасаттын, дили ак тазалыктын, бири Каниет-сабырдуулук, топуктуулук, мансапка, дүйнөгө алданбастыктын касиетин айгинелеп ачкан, өркүндөгөн инсандын мындай асыл сапаттарынын ар бир пендеде калыптануусу коомдук турмуштун зарылдыгы экендигин баяндаган залкар педагогикалык мурас, окуган адамдын ички сезимин козгоп жугумдуу таалим-тарбия берүүчү шурудай сөз тизмеги. Окурмандарга кайрылып Жусуп.

«Жалаң, акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,

Шуру сымал жибек жипке тизилген» (8, 20). деп китептин мазмунун элдин педагогикалык казынасынан алгандыгын, ал казына түгөнбөс кенч экендигин, ал кенчти элге жеткизүүнүн каражаты жандуу, элестүү, учкул сөз жана аны жеткизүүчүлөр элден чыккан сөз чеберлери экендигин көрсөтүп:

«Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың» (8, 21).
Эске тут, бул китепти жазган адам,
Атактуу, сыпаа, сөзмөр болгон абдан — дейт (8, 22).

Дастан түрк тилиндеги алгачкы педагогикалык эстеликтердин бири. Бул жөнүндө автор:

«Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде» — деп жазат (8, 24).

Жусупутун замандашы түрк тилин терең изилдөөчү окумуштуу, агартуучу, педагог Махмуд Кашкари 1072—1974-жылдары түзгөн «сөздүгүнө» жыйнаган байыркы түрк сөздөрүнүн жүздөн сексени элибиздин бүгүнкү күндө сүйлөгөн жандуу сөздөрү экени жалпыга маалим. Бирок калктын сабатсыздыгынан бул өлбөс, өчпөс педагогикалык мурас ушул күнгө чейин элге жетпей келген. Дастандагы тарбия-таалимдин элдик салттары жаш муундарды турмушка даярдап, эмгекчи элдин чыныгы инсандык касиети жөнүндөгү идеялын ишке ашыруудагы ата-энелер, тарбиячылар үчүн күчтүү каражатка айланууга тийиш. Дастанды кунт коюп, ыклас, ынтаа менен окуган инсан өзүнүн жан-дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрөт.

Анда: «Улуулук—акыл-эстин натыйжасы,
А билим—улуу иштин дарбазасы:
Билим тизгин алга көздөй сүрөгөн,
Адымдай бер ал көрсөткөн жол менен. (8, 49)
же: «Билимдүү — аз, эң арбын билимсиздер,
Акмактар көп эң эле аз илимдүүлөр». (8, 52).
Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,
Ач көзүңдү, билимге умтул тезирээк. (8, 58)

Жусуп бабабыз инсандагы асыл сапаттарды жетилдирүүнүн эң негизги каражаты окуу, билим, илим экендигине элди ынандырып, малга, пулга жардылык эмес, рухий жардылык адамды кемсинтип жан дүйнөсүн жардылантып, наадандык касиетке ээ кылып, катардан чыгараарын эскертет.

Жусуп инсандыгы асыл касиетти чырайына чыгарып, анын ой сезимин ойготуп, жан дүйнөсүн байыткан эң күчтүү курал катары эне тилин эсептеген. Эне тилин терең үйрөнүп аспеттеп, байытып элге жугумдуу, жагымдуу ширин сөздү таруу дай чубурткан адам элдин урмат сыйына ээ, ал касиеттүү инсан. Кылымдар бою калкыбыз жакшылыктын уюткусу — билим, илим, накыл сөздү даңазалап, кутту көксөп келгенине Жусуптун;

«Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса.
Кут бир келет-бакпасаң кетип калат,
Бак бир конот, үйлөсөң учуп кетет», — деген саптары ачык күбө боло алат (8, 92).

Инсандагы зоболонун бийиктиги окунгандыкта, билимдүүлүктө экендигин, кут китеби айткандай, элибиздин тилегин, мүдөөсүн чагылдырган, акыл ойдун каймагы-оозеки сакталып келген макал-лакаптарда айгинелейт. «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат». Билимдүүлүктү жана жан-дүйнө-

нүн байлыгын инсандагы жакшылыктын бардык касиетин өзүнө даана камтыган бакыт катары эсептеп, Жусуп:

«Төрдөн орун тийген болсо наадаңга,
Улагада калганыңа арданба.
А акылман улагада болсо эгер,
Анда улага ардактуу деп биле бер» (8.) — деп, адамдын ким экендигин анын ээлеген орду, аткарган кызматы аныктабайт. Адамды байлык, бийлик көркүнө чыгарбайт. Инсандын касиети — анын акылында. Акылды өстүрүүнүн каражаты окуу, эмгек экендигине элди ынандырып, өзүнүн залкар педагогикалык идеяларын элдин тарбиялык тажрыйбасы менен тастыктап, элдик педагогиканы даңазалап, өлбөс өчпөс педагогикалык мурасты Жусуп бабабыз бизге белек кылып калтырган. Андагы педагогикалык тунук акылды талдап түшүнүп, элге тартуулоо чоң патриот, дилгир окумуштууну талап кылат.

Жусуп бабабыз урпактарына түбөлүк белекке калтырган дастаны «Куттуу билик» деп аталган себеби түрк калкынын ишениминде кут—бардык жакшылыктын жышанасы. Бул дастан залкар педагогикалык ой-пикирге жык толгон улуу эстелик, эч качан көөнөрбөс мурас. Анда элибиздин байыртадан берки педагогикалык гумандуу ой-жүгүртүүлөрү камтылган. Улуу ойчул, илимпоз—энциклопедиячы бабаларынын салтын улап, казак, кыргыз элдеринин окумуштуу, акын, жазуучу, насаатчы даанышмандары элдин педагогикалык ой жүгүртүүсүн жаңы сереге көтөрүшкөн. Алар жөнүндө азыноолак дарек берүүгө аракеттенип көрөлү. Чокан Чингисович Валиханов (1835—1865) боордош казак элинин көрүнүктүү окумуштуу агартуучусу, тарыхчы, этнограф, улуу саякатчы. Ал сабатын менчик мусулман мектебинде жоюп, 1847-ж. Омскийдеги кадеттик корпуска кирип окуган. Болочок окумуштуу зирек Чокан орус тилин бат эле терең өздөштүрүп, бир топ чыгыш тилдерин катар үйрөнгөн. Ага корпустун бир топ прогрессивдүү ойдогу мугалимдери көп таасир тийгизген. Ф. М. Достоевский, П. П. Семенов — Тянь-Шанскийлер менен тике тааныштыгы анын саякатчы, изилдөөчү, чыгармачыл окумуштуу болушунда чоң роль ойногон. Ал 18 жашынан адабий, коомдук ишмердүүлүгүнө киришип, илимий экспедицияларга катыша баштайт. Ал Орто Азия, Казакстандын тарыхын, маданиятын изилдеп, биринчилерден болуп «Манас» эпосун жыйнап, анын айрым бөлүктөрүн орусчага которгон. Ал өзүнүн өтө кыска өмүрүндө баалуу көп илимий эмгектерди калтырган энциклопедиялык касиеттеги ийкемдүү акылга ээ окумуштуу болгон.

Чокан Валиханов психология, педагогика илимдрин атайын изилдеген эмес. Бирок эмгектеринде жаш жеткинчектерге таалим, тарбия берүү жөнүндө көп кызыктуу ойлорду айткан,

тиричилик турмуш, жашоо шартына ылайык казак элинин психикалык өзгөчөлүктөрүн окурмандарга илимий негизде түшүндүрүүгө далалаттанган.

Чокан өз эли үчүн орустун демократиялык маданиятынын маанилүүлүгүн баамдап, казактардын орус мектептеринен билим алуусу үчүн күрөшүп, падышачылыктын билим берүүдөгү дискриминациялык саясатына кыжыры келип аны катуу айыптап жазган. Казак элинин улуттук жүзүн сактап калуу үчүн кам көрүү менен бирге өз элин алдыңкы орус маданиятын жана илимин терең үйрөнүүгө үндөгөн. Анын прогрессивдүү идеяларын И. Алтынсарин, А. Кунанбаевдер улантышкан.

**Ибрай Алтынсарин (1841—1889)** бут өмүрүн казак элин агартууга, орус маданиятынын алдыңкы идеяларын жайылтууга арналган, педагог, жазуучу болгон. Ал Оренбургдагы чек аралык комиссия мектебин бүтүп, Оренбургдагы Чекаралык комиссиянын концеляриясында эки жыл кызмат өтөгөн. 1860-жылдары адабий ишин баштайт, мектепте мугалим, кийинчерээк, Оренбург окуу округундагы казак мектептери боюнча инспектору болуп иштейт.

Алтынсарин мектептин бардык баскычтарын казак эли үчүн жеткиликтүү кылууга умтулган. Казак талааларындагы бир класстуу училишелер менен тыгыз байланышта иштей турган уезддик эки класстуу училишелерди негиздеген. Муну бүтүргөндөр, анын ою боюнча, жалпы жана кесипчилик билим берүүчү орто окуу жайларында окуусун улантышмак. Ошентип, Алтынсарин, областтын беш уездик шаарларынын ар биринде 50 балалык интернаты менен эки класстык училишелерди ачтырган. Ар биринин ыңгайлаштырылган имаратын курдурган. Анда мугалимдер үчүн квартиралары да бар болучу.

Ал көчмөндөр үчүн ыңгайлуу бир класстык талаа училишелерин да ачтырган. 1883-ж. Кыргыз (казактар өзүн ушундай аташкан) мугалимдер мектебин негиздеген, казак аялдарын окутуу маселесин биринчи көтөрүп, казак жаштарын Россиянын институту, университеттерине жөнөтүүнү ишке ашырууну да ошол баштаган.

Алтынсарин ошол мезгилде орус мектептериндеги алдыңкы тажрыйбаны тынымсыз үйрөнүп, педагогикалык назарияттын жетишкендиктерин иликтеп окуп, аларды казак мектептеринде жайылтууга умтулган. Алтынсарин иштеп чыккан казак балдарына орус тилин окутуунун методикасы бүгүнкү күнгө чейин жемиштүү пайдаланылат. Казак элинин бай фольклордук материалынын тарбиялык маанисин жогору баалаган казак мектептери үчүн «Кыргыз хрестоматиясын» түзүп 1879-ж. басмадан чыгарган. Мектептин ишин туура жолго коюунун негизги

шарты деп квалификациялуу мугалимдерди даярдоону эсептеп, жаш мугалимдер жөнүндө жан талашып кам көргөн.

Алтынсарин өз чыгармаларында мектепти, билимди даңазалап, сабатсыздык менен караңгылыкты жектеген.

Абай Кунанбаев (1845—1904) — коомдук ишмер, казак адабиятын негиздөөчү, өзүнүн поэтикалык чыгармаларында, насаат ырларында агартуучулук жна демократтык идеяларды пропагандалаган. Ал артта калгандыкты, сабатсыздыкты катуу айыптап, элди билим алууга, орустун алдыңкы маданияты менен жакындашууга үндөгөн. Мектепте балдарды окутуунун максаты, Абайдын ою боюнча, аларды чиновниктик мансапка даярдоо эмес, чыныгы илимий билимге ээ кылуу болгон. Ал мектептеги куру жаттоого каршы чыгып, билимди аң-сезимдүү өздөштүрүүнү талап кылган. Билимди ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн окуучуда өз алдынчалык, окууга болгон кызыгуу калыптанууга тийиш деген ойду баса айткан. Өз чыгармаларында байлардын жатып ичер адепсиздигинин бетин ачып, жаштарды өнөр үйрөнүүгө үгүттөгөн.

Жаштарды тарбиялоодогу көркөм сөздүн, поэзиянын, музыканын ролун жогору баалаган. Бир да атайын педагогикалык эмгек жазбаганы менен Абай бүт өмүрүн, чыгармаларын жаштарды тарбиялоого арнаган. Анын таалим, тарбия, бөтөнчө адептүүлүк жөнүндө айткандары казак жаштарын жетилдирүүдө чоң роль ойноду жана ойной бермекчи.

Цивилизацияга гректер байыркы доордо, ал эми Жакынкы, Орто Чыгыштагы, Орто Азиядагы көп элдер орто кылымда эле ээ болуп, тиричилик турмуштагы жалпы жоболорду өзүнчө раатка салып, философиялык, педагогикалык назарияттарды түзүп, китеп чыгарышкан. Ал эми биздин көчмөн элибиз андай илимий ойлорду эч качан өксүтпөй оозеки өнүктүрүп келген. Биз жогоруда кыскача үстүртөн кеп салган элдик фольклорга күбө. Жазма адабиятыбыздын сакталбагандыгынан, элдин сабаты жоктугунан ал чыгармалардын авторлорунун ысымы да дайынсыз. Ал авторлор эл арасындагы даанышмандар, акындар, ойчулдар, насаатчылар, Чыгыш менен Батыштын маданияттуу элдеринин илимий назариятын түзгөн алымдардын деңгээлиндеги тарбия-таалим теориясынын жазма эстеликтерин калтырбаганы менен мазмун жагынан алардан бай, логикалык ырааттуу, философиялык деңгээли бийик, залкар педагогикалык идеялардын системасын элдик оозеки чыгармаларда калтырышкан. Алардын көп залкар педагогикалык ойлору элдин тарбия тажрыйбасына сиңип кеткен. Элибизге кеңири белгилүү ойчул-насаатчылардын эң алгачкыларынын өкүлү **Калыгул Бай уулу** (1785—1855). Анын ысмы, олуялык кылып алдын ала айткан залкар ойлору эл арасында кеңири таркап,

кыргыздын элдик педагогикасынын казынасына сиңип кеткен. Калыгул бабабыз көзү ачык ойчул, залкар насаатчы—акын, улуу педагог болгон. Ал орусиянын колониялык саясатынын натыйжасында элдин жашоо турмушуна кирген өзгөрүүлөрдү, элдин бүлүнүүсүн, пейилдин бузулушун пессимистик маанайда кабыл алып:

«Уй бул болоор,
Кул бий болоор.
Аяк адам баш болоор,
Баш адам пас болоор.
Алка жака салынган кийим чыгаар,
Акча кагаз бул болуп, тыйын чыгаар.
Айылын жоодой аңдыган жыйын чыгаар,
Атасынан баласы кыйын чыгаар. (16, 22) — деп ырдаган.

Падышачылык Россиянын колониялык саясатынын натыйжасында элибизге кирип келген тили, дили башка калк социалдык психологияны өзгөртөрүнө баамы жеткен улуу ойчул мындай чөйрөнүн таасири менен элдин наркы нускасы бузулуп, адеп ахлактын, жорук-жосундун айнышын алдын ала ала даана көрүп:

«Кызыл, кызыл кыялар,
Кыргый талга уялар.
Такыясын колго алып,
Кыз-жигитти кубалар.
Өңү сары, көзү көк,
Орус чыгат деп айткан.
Миң түтүнгө бир киши
Болуш чыгат деп айткан.
Буйрук менен көндүргөн
Конуш чыгат деп айткан (16, 28) — деп, элден кең пейил, ынтымак — ырыс кетип, куну учканына муңканып, өксөп ырдаган. Калыгулдун олуялык менен айткандары бир кылымдын ичинде эле толук реалдуу чындыкка айланды.

Улуу насаатчы педагог бабабыз элдин пейили бузулуп, адеп-ахлактын осолдошунун тескери таасири жаштардагы кыргыз калкына жат жоруктарды пайда кылып жатканын аңдап терең түшүнгөн. Мындай нравалык кризистен чыгуунун бирден бир жолу пейилди оңдоп, жакшы ниет менен дилди тазалоо экендигин зар какшап айтып, элди ыймандуулукка үндөп:

«Жаман ишке киришпе
Акылы бар боз бала.
Адал ишти козголо
Акылдууга дос бала.
Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка.

Жаман иштен качып өт
Жакшылыкка жетесиң.
Кокусунан жаманга
Жолукпагын нааданга,
Армандуу болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң (16, 30) — дейт.

Элдин акыл казынасына жыйналган турмуштук тажрыйбасын иликтеп үйрөнүп акылын байыткан адамдын зоболосу бийик болоорун ашкерелеп, ага баамы жетпегендерди келекелеп, Калыгул жаштарды билим алууга чакырган.

«Акыл, макал-экөө бирдей келээр,
Ал экөөнүн айтканы күндөй тиер.
Билбеген наадандардын ичи күйөр,
Билген адам ошону байым кылаар.
Көкүрөккө ойлонуп дайын кылаар.
Билбегендер ошону айын кылаар (16, 31) — деп ырдаган.

Материалдык байлык пенденин түбөлүк энчиси эмес, инсандын табиятын, касиетин, адамдык сапатын анын байлыгы же бийлиги аныктабайт деген элдик педагогиканын идеясын даңазалап Калыгул:

«Аргымакта жал жок деп,
Жолго таштап кетпеңер.
Азаматта мал жок деп,
Жоого таштап кетпеңер!» — деп ырдаган. Инсандын зоволосун көтөрүп, анын кадыр-баркын жогорулатып, аны жаман кылык-жоруктан арылта турган каражат эпкиндүү эмгек экендигин насаатчы анын оптимисттик маанай менен:

«Өзөндүү сууга тал бүтөт,
Өлбөгөн кулга мал бүтөт» — деп
ырдайт. Калыгул бабабыздын залкар педагогикалык ойлорун, даанышмандык идеяларын, көзү ачык олуялыктарын ырааттуу изилдөө келечектин иши, чыгармачы окумуштуу педагогдордун ыйык парзы.

Арстанбек Буйлаш уулу (1840—1882) өзүнүн кыска өмүрүндө кыргыздын башына түшкөн бир-топ мүшкүлдөргө күбө болгон. Кокон хандыгынан элдин эзилгендигин, бугу- сарбагыш чабыштарын, Кененсарынын элге жасаган чабуулун, падышачылык Россиянын кыргыздарга кылган колониялык саясатынын четин көргөн акын «Тар заман» ж. б. ырларында кыргыз элинин салт-санаасынын, үрп-адатынын, адеп-ахлактыгынын бузулгандыгына өксөгөн, элди ынтымакка, сабырдуулукка үндөгөн.

Ал: Ушул заман тар заман,
Азуулуга бар заман.
Бечарага зар заман. (16, 36) — деп элдин укуксуздугун,

коомдук мамиленин адилетсиздигин көрсөткөн. Ошону менен бирге айлана-чөйрөдөгү кырдаал элдин пейилин бузуп, зордук зомбулукту күчөтөрүн алдын ала байкап:

«...Көч алды болор орусуң,
Сары журт болор көнүшүң» (16, 37).
Бул орусту карасаң,
Ченчи салып жерди алды,
Бээден туулган керди алды.
Карды салык байды алды,
Кача турган жайды алды. (16, 37, 38) — деп ырдайт. Элдин үрп-адатынын, каада-салтынын бузулганына кыжырланып:
Кыз он бешке чыкканда,
Энесине баш бербей,
Боюн күүлөйт дечү эле. (16, 39) — деп, кейип, кепчип ырдаган. Бул көрүнүш социалдык айлана-чөйрөнүн жана табияты бузулган тарбиянын натыйжасы экендигин педагог акын аңдап туура түшүнүп, өз ырларында мындай кубулуштардын себеп натыйжа байланыштарын талдап ачып, баса белгилеп көрсөтөт.

Молдо Нияз (1820—1896) — кыргыз жазма мурасынын кеч башы, залкар акын, насаатчы — педагог. Кадамжай районундагы Шаймардан сайынын боюндагы айылда төрөлгөн. Окуп сабасыздыгын жоюп, жашынан ыр жазган. Молдо Нияз Арка менен Анжияндын бүт кыргыз айылдарын, атүгүл кытайлык кыргыздарга чейин кыдырып ырларын окуп берген. Бир нече колкитептерин кол жазма түрүндө барган бардык аймактарына таркаткан (13).

Молдо Нияз кыргыз, арап, фарси, эски түрк тилдерин билип, ал тилдерде сабаттуу жаза алган, философиялык терең ойду айта алган насаатчы мударис катары Кокон Хандыгына кеңешчи болуп кызмат өтөгөн, мартабасы балант инсан болгон. Анын билимдүүлүгү, акындык-насаатчылык дарамети мүлдө кыргыздын хандары, бектери, байлары, баатырлары менен алакада болуп, алардан жакшы сый, урматты көрүүсүнө өбөлгө түзгөн. Буга акындын:

«Көрдүм жүрүп далайды,
Каратегин, Алайды,
Кашкар менен Кабакты,—
Көп көрдүм эшен калпаны,
Ат-Башы менен Арпаны
Миң жылкылуу байлардын,
Мингенмин жакшы жоргосун.
Кашкарга кирип көргөнмүн
Калмактын койгон доргосун.
Арка журттун ичинде,

Абдандарды көргөнмүн.
Жантай баатыр баласы,
Шабдандарды көргөнмүн.
Ашуву кыйын тоолордун
Күлфатини көргөнмүн.
Нарын суу өткөн Курткада
Алимбек менен Койчунун
Үлфатини көргөнмүн» — деген саптары күбө.

Молдо Нияздын кол жазма китептери элге мураска калган. Бирок адамдын ички сезимин ойготуп, көңүлүн эргиткен сөз берметин шурудай тизген насыят, санат ырлары ушул күнгө чейин элге дайынсыз, иликтелбей калганына акындын:

«Албарс кафир заманы
Арзан болбойт галабыз
Адепти билбейт балабыз.
Катка түштү үйүбүз,
Каттык болду күнүбүз
Кооп сийген кафирга
Кошулуп кетти бийибиз»,

деген, элдин турмушунун катаалдашына, адеп-ахлак, нарктуу каада-салттын бузулушуна колониялык саясат сөзсүз таасир тийгизээрин олуялык кылып ачык айткан саптары себеп болгон.

Молдо Нияз кыргыз элинин тилин, дилин, үрп-адат, каада-салтын жакшы билип, кыргыз тилин даңазалап, жаштарды билим алууга, эл камын ойлоп, кужүрмөн эмгектенүүгө, адеп сактап, адамгерчиликтүү болууга үндөгөн.

«Азиз кылган бандани
Адептүү болот жашида.
Мейманы күндө үзүлбөйт,
Береке бар ашыда
Айтып көр адам баласы,
Билген ырдын маанисин
Бир жерде жоктур чаласы.
Бетбактын тиет баласы,
Казаның жугат карасы.
Кардына кызыл чок болот,
Казынын жеген парасы.
Караниет көп болот,
Жакын келбе жаныга

Жаманның тиет жалаасы» — деген ыр саптары жаштарга таалим, тарбия берип, алардын дилин агартып, ыйманын тазартышта мындан ары да чоң роль ойнору шексиз.

Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866—1917) кыргыздын жазма акыны. Ал ошол учурда дин жолун түзүк түшүнгөн Са-

яктан чыккан белгилүү Молдо Баяндан, Чүйдөгү Молдо Мамбетаалыдан, Ак молдо дегендерден азыноолак окуп сабатсыздыгын жойгон. Өз алдынча аракеттенип китеп окууну, жазууну жакшы өздөштүрүп алган. Өзүнүн окуусу, билими жөнүндө.

«Молдо Кылыч мен атым,
Болжолу жок санатым.
Чала чыккан башынан,
Чаар китептен сабатым.
Жүрө-жүрө арбыган,
Казал жазган кагазым» — деп жазган. (16, 43) Кылыч элдин сабатсыздыгына, караңгылыгына катуу өкүнүп:

«Жатып өзүм кайгырам
Кыргыз, казак калкыма
Артта калган караңгы,
Жапан өскөн салтына: — деп жазат (16, 215)

Элдиг маданияттуу турмушка, окууга үндөп, илим жолуна чакырган агартуучу, педагог болгон. Ал жаштарга, элге окуу, өнөр үйрөн деп үндөгөн.

Кең пейилдүү жигиттин
Иши келер илгери.
Пайда болор жигитке
Жакшы өнөр билгени» (16, 55)

Сабатсыздыктан, рухий дүйнөнүн жардылыгынан айрым жаштар ата салтты жээрип, элдин адеп-ахлагы бузула баштаганына кейип:

Илгеркинин калыбы,
Деги жакшы нарыгы,
Атасындай урматтап,
Ак сакалдуу карыны.
Эмдигинин баарысы,
Уяты жок таалымы.
Атасына баш бербейт,
Бул замана тарыды. — деп жазат (16, 66)

Элдик педагогиканын залкар идеяларын аңдап терең түшүнгөн улуу агартуучу Молдо Кылыч элдин пейилинин бузулушун замананын бузулушу деп эсептеген. Бул балдарга таалим, тарбия берүүдө элдин өткөндөгү бай тажрыйбасына текебердик мамиле жасоонун натыйжасы экендигин боолгоп түшүнгөн.

Кылыч өмүрүнүн акыркы учурунда бир мезгил бала окуткан. Ал жалаң эле дин китептерин окубастан, мусулман жазуучуларынын адабий чыгармаларын да окуган. Түрк тилине которулган «Миң бир түн», «Тотунама», «Шах-нама» сыяктуу араб, фарсы адабиятынын үлгүлөрү менен таанышып, татар тилинде чыккан гезиттерди окуп турган. 1911-жылы Казанда

анын «Зилзилия» аттуу казалы кыргыз тилинде басылып чыккан биринчи адабий чыгарма.

Анын калган чыгармалары эл арасына кол жазма катары таркаган. Кыргыз элин ошол мезгилдеги караңгылык, наадандыктан билимге, маданиятка үндөгөн, алдыңкы көз караштагы чоң агартуучу педагог болгон.

Жеңижок (Өтө) Көкө уулу (1860—1918) сөз берметин шурудай тизген актаңдай акын, насаатчы. Анын чыгармаларынын топтому Элден жыйналып 1982-жылы биринчи жолу жарык көрдү. Жеңижок адамды жаратылыштын бир бөлүгү деп боолгоп баамдаган. Инсандын жетилүүсүндөгү тажрыйбанын, илимдин ролун туура түшүнгөн. Жаштарды туруктуулук менен турмушту үйрөнгүлө, адебиңерди сактагыла деп үгүттөгөн. Инсандын ыйманынын тазалынын, пейилинин кеңдигинин, абийиринин бийиктигинин булагы бешене-тер, ак эмгек деп эсептегеч Жеңипок:

«Ак мээнеттин пайдасы
Акыры барып ирденет.
Эрте туруп иш кылсаң,
Элден ишиң бат бүтөт.
Эр жигиттин жакшысы,
Эгин эгип мал күтөт» — деп ырдайт (16, 254),

Элдин эркиндигин эңсеп, коомдогу адилетсиздикти, паракордукту, ач көздүктү, акыйкатсыздыкты ашкерелеп, жек көрүп ырдаган:

Бирөөгө кен бирөөгө
Тар экенсиң замана.
Бирөөгө жок бирөөгө
Бар экенсиң замана.
Куу турмуштун азабы
Артып барат замана
Адамзат көп түйшүктү
Тартып барат замана.
Жылкы тийип, эр өлүп
Кун сураттың замана,
Бар малыңды алдырып,,
Жокчулукка маң кылып,
Тунжураттың замана. (16, 267)

Адамдын адеп жагынан туура калыптануусундагы айлана-чөйрөнүн ролун туура түшүнүп элдин «Ырыс алды ынтымак» — деген накыл сөзүнүн педагогикалык идеясын назик туйган зирек насаатчы Жеңижок:

«Жамаатын жакшы болгон соң
Ырыска ыктоо эл болот.
Каршылашып жоо келсе,

Биригип каптай сел болот.
Жамаатың жаман болгон соң,
Үйүң жакын конушпайт...
...Тогу болсо — көрө албайт,
Ачы болсо бөлө албайт,
Алаар оору тооруса,
Алын сурап келе албайт» — деп ырдаган (16, 259).

Жеңижоктун сезимди козгогон бийик көркөмдүктөгү насаатгарын изилдөө келечек окумуштуулардын эл алдындагы парзы.

Токтогул Сатылган уулу (1864—1933) кыргыздын улуу акыны, даанышман ойчул, насаатчы педагог. Кетмен-Төбө өрөөнүндө туулган. Бала кезинен ырдаган, чоң комузчу, белгилүү обончу.

Токтогул жемекейлердин суктугунун, мыкачы зулумдугунун бетин ачып, эл бийлеген төбөлдөрдү калыс, айкөл, адептүү болууга үндөп ырдаган.

Ал өзүнүн көптөгөн санат, насыят, үлгү, термелеринде адамдагы терс сапаттарды: жатып ичер жалкоолукту, кара ниет аңкоолукту, ичи тар көрө албастыкты, кара мүртөз кекчилдикти, алдым-жуттум ач көздүктү, намыз ариетти билбеген адепсиздикти, наадандыкты жектеп ырдаган. Ошону менен бирге жаштарды эпкиндүү эмгектенип, эл камын көрүп намыз ариеттүү, адептүү, ак ниет, айкөл, мээрбан болууга чакырган.

Токтогулдун бул ырларынын ар бир сабы балдарды тарбиялоодогу элдин мүдөөсүн, элдик педагогиканын идеалдарын көркөмдөп чагылдырат. Алсак, өзүнүн насыятырында:

«Дениң соода эринбей
Бекерликке берилбей
Эркиң менен жумуш кыл
«Эринчээк, жалкоо» дедирбей.
Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай.
Өзүн-өзү асырайт

Уурулукка малынбай (16, 300—301) деп, адам качан гана элдин жүгүн көтөрүп, өзүнүн зоболосун пешене тери менен көкөлөтсө ар кандай жамандыктан оолактап, чыныгы инсандык касиетке ээ боло аларын айгинелеп көрсөтөт. Андай инсан өз эрки менен эмгектенет, уурулукка (жаман ишке) малынбайт.

Токтогулдун санаттары бүтүндөй эле нукура элдик педагогика.

Алсак: «Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач!
Күлүк менен жарышпа,
Билимдүү менен алышпа» (16, 304)

Же үлгү ырларындагы:
«Жаман адам белгиси —
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адамдын белгиси —
Эл камы үчүн күйүнөт» (16, 306).
Термелериндеги:
«Эсиң болсо жигиттер,
Капа кылып тилдебей,
Кайрыла жүр жетимге.
Тамаша кылба жыртаңдап,
Эри өлгөн аял жесирге» (16, 307) — деген саптары окурмандарга айтылган нускалуу насаат, жугумдуу таалим таасирлүү тарбия, нукура педагогикалык залкар ой. Мында акын элдик педагогиканын гумандуу, демократтык салттарын жетимге, жесүк адамга ырайымдуу болууну даңазалап, жаштарды элдин ошол салттарын ыйык тутууга үндөп, нарктуу элдин адеп нормаларын бузгандарга (жесир аялга тамаша айтуу, муңдуу адамга ыржаңдап тийишүү өздүү адепсиздик көрүнүштөргө) (каршы чечкиндүү күрөш жүргүзгөн. Кыргыз элинин бай маданий дараметин терең өздөштүргөндүгүн, турмуштук тажрыйбага бай даанышман ойчулдугун, залкар педагогдугун акындын таамай айткан насыят, санаттары айгинелеп турат. Токтогулдун чыгармаларындагы педагогикалык ой жүгүртүүлөрдүн айрым маселелерин иликтеп Ж. Баласагын атындагы Кыргыз университетинин профессору Нурила Имаева 1969-жылы кандидаттык диссертация коргогон. Бул эмгектин педагогика илимин өркүндөтүүдөгү өтө маанилүүлүгүн белгилөө менен бирге акындын педагогикалык ой толгоолорун тереңдетип ырааттуу изилдөө келечек окумуштуу педагогдордун ыйык милдеттери деп эсептейбиз. Тоголок Молдо-Байымбет Абдырахман уулу 1860—1942) кыргыздын улуу акыны, иштиктүү педагог. Анын ырчылык, жомокчулук дараметин, педагогикалык ой толгоолорун ашкерелөөгө арналган изилдөөлөр арбын. Акындын педагогикалык көз караштары жана агартуучулук ишмердүүлүгү жөнүндө 1965-жылы Жумаш Койчуманов кандидаттык диссертация коргогон.

Өз чыгармаларында кыргыздын элдик педагогикасынын залкар идеяларын, үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун элдик тажрыйбаларынын нарктуу салттарын элдин терең катмарына жугумдуу кылып жеткирүүнүн бийик чеберчилигине ээ болгондугун таамай көрсөтө алган. Элдик тарбиянын идеалы эл жүгүн көтөрүүгө өзүн багыштап эпкиндүү эмгектенген инсанды калыптандыруу экенин баамдап туура түшүнгөн акын, жаш муундарды тарбиялоодогу эмгектин ролун өтө жогору баалаган. Өзүнүн «Жанбакты» поэмасында, «Иттин доолдай тикти-

рем дегени» аттуу тамсилинде жалкоолукту, бекерпоздукту кэ лекелеп, инсандын зоволосун эпкиндүү эмгек көкөлөтө көтөрүп, бешене тер гана аны чырайына чыгара аларына окурмандарды толук ынандырат.

Баланы жашынан туура тарбиялоонун бирден бир ыңгайлуу жолу аны өндүрүмдүү эмгекке активдүү катыштырып, турмуш менен көзүн ачуу экендигин насаатчы акын баса белгилейт. Ансыз баладагы инсандык асыл сапаттар түптөлбөйт деген ойду бекемдеп:

«Башынан жаман көнүккөн,
Турпаты жаман өлүктөн.
Түбөлүк эмгек кылбаган,
Түйшүк кылбай көнүккөн» деп Жанбактыга мүнөздөмө берет.

Тоголок молдо жаштардын акылын жетилдирүүнүн эмгек менен бирдей маанидеги каражаты — окуу, билим алуу экендигин туура аңдап түшүнүп, аларды окуп сабатсыздыгын жоюуга активдүү киришүүгө үндөп:

«Ордунда болот акылың,
окусаң өнөр кат жакшы.
Үйүңдө бекер жатканча,

Үйрөнсөң илим кат жакшы» — деп жазат.

Элдик тарбиянын идеалы жамы журттун камын ойлоп, элдин пайдасы үчүн ак эмгек өтөгөн атуулду калыптандыруу экенин туура баамдап, ага толук ынанган насаатчы акын: «Эмгек болот өмүрдө, адамдардын кесиби...» деп жазат. Элдин түйшүгүн дайыма көтөргөн дыйкан, уста, мергенчи өңдүү эмгек адистеринин аткарган ишин даңазалап:

«Жалпы журт пайда көрсүн,—деп,
Жасадың таштан тегирмен.
Туйгунум устам барында,
Тууганың нанга кеңилген» — деп, устанын аялынын кошогунда ырдаган. Ошондой эле дыйкандын, мергенчинин аялдарынын кошокторунда эл үчүн өтөлгөн ак эмгек эч качан өлбөс экендигин даңазалаган.

Тоголок Молдо Тогуз-Торо жергесиндеги биринчи мектептин ачылуусуна активдүү катышып, ал мектептин алгачкы окуучуларына арнап жазган «Алга, алга», «Кайдасыңар», «Окугула» өңдүү ырларында мугалимдерге элдик гумандуулук, демократтык нарктуу салттарды ыйык тутуп, окуучулардын инсандык беделин түшүрбөй, аларга жапакеч мамиле жасап, алар менен кызматташ болууну эскертет.

«Үркөр-үркөр топ жылдыз», «Торпогум», «Турумтай, «Бал дар ыры», «Куштардын аңгемеси», «Жер жана анын балдары»,

«Эки чилде» «Талым кыз менен Көбөктүн айтышканы», «Ала-Тоо» өңдүү ырларын жана поэмаларын Тоголок Молдо балдардын сөз байлыгын өркүндөтүп, аларга жергесин, анын табиятын, флора, фауналарын таанып үйрөнүүгө, коомдук турмуш, жаратылыштын түрдүү кубулуштары жөнүндөгү маалыматтар менен балдардын түшүнүгүн байытууга арнап жазган жана кыргыздын балдар адабиятын эң биринчи негиздөөчүлөрдүн бири болгон, Насаатчы акындын педагогикалык идеяларын толук изилдеп ыраатка келтирүү дале келечектин окумуштуу педагогдорун түйшөлтүүгө тийиш.

Барпы Алыкул уулу (1884—1949) кыргыз элинин залкар акындарынын бири. Барпы кыргыз пейилин таныып, элди алдап, букараны эзип адеп ахлагы бузулган текеберликти, куулук-шумдукту, ыймансыздыкты айыптап, элибиздин алдыңкы прогрессивдүү ата салтын, үрп-адаттарын даңазалап, эмгекчил болууга үндөгөн, ак таңдай насаатчы педагог.

Ал: Ниетин бузук, оңбо бай.
Этек жеңиң курган бай.
Чыдап тура албайсың,

Кишинин акын уурдабай» — деп байдын ачкөздүгүн, алкымынын бузуктугун ашкерелейт. Байга мүңкүр болуп, таягын жеп, кызматын өтөп, кошоматчы болуудан баш тартып, мындай акыйкатсыздыкка каршы күрөшүү үчүн күчтү активдүү топтоо зарыл экендигин эзилген жаштарга баян этип:

«Бай камчысын көрсөтөт,
Жетилген жетим коркпогун
Өзүндөй карып көрүнсө,
Айланаңа топтогун» — деп аларды эркиндик үчүн күрөшкө үндөйт (16, 365).

Барпы көзү азиз, сабатсыз экендигине карабастан объективдүү дүйнөнүн диалектикалык мыйзам ченемдүүлүгүн акыл калчап туура аңдаган. Инсандын жетилүү, ар-тараптан өркүндөө мүмкүнчүлүгү чексиз экендигин, бул дүйнөдө калыстыктын жок экендигин, элди алдап жешке көп «Жакшы» сөрөйлөрдүн маш экендиктерин боолгоп, терең пикир менен эң туура баамдаган акын, улуу насаатчы:

«Айт айт десе, ааламды айт,
Аалам алга кадамдайт.
Ар түркүн өнөр чыгарган,
Ааламдагы адамды айт.
Бири күлсө миңи ыйлайт,
Акыйкатсыз заманды айт.
Байга бакыт, кедейге —
Шорду жазган каламды айт.
Бул замандын улугу,

Жакынын, байды калкалайт.
Кедей барса арыз айтып,
Көргүсү келбей чалкалайт.
Теңсиңдикти ушундай,
Адам качан талкалайт?» — деп ырдайт (16, 378). Элдин мындай абалдан чыгаруунун жолу жаштарга туура тарбия берүү, таалим алып өнөр үйрөнүү, ата бабалардан калган эмгектик, нравалык салт-санааны, нарк-нусканы үйрөнүү жана аларды алпештеп коргоо деген идея анын ар бир чыгармасында ачык көрүнүп турат.

Түгөлбай Сыдыкбек уулу 1912-жылы Түп районундагы Кең-Суу айылында төрөлгөн. Өзүнүн эң алгачкы ырлары жана аңгемелеринен баштап дастан, романдарга чейинки чыгармаларында кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхындагы кайгы муңдуу, кубаныч-шаңдуу кайчылаш тагдырын, нарк нускалуу каада салтын, башка элдерден ташка тамга баскандай өзгөчөлүгү менен айырмаланып турган улуттук психологиясын өтө билгичтик менен реалдуу чагылдыра алган чоң жазуучу, чебер насаатчы, ишкер педагог.

Өз элинин маданий дараметин терең үңүлө иликтеп, анын өзөгү болгон элдик педагогиканын маңыз маанисине акыл токтотуп, ой жүгүрткөн даанышман насаатчы Түгөлбай: «Кандай гана эл болбосун анын басып өткөн жолу, жашап өткөн өмүрү бай. Ал өмүрлөр тек эле дат басып керексиз калган сынык эмес, ал өзүнүн бай, тажрыйбасы менен соңку урпактарга бүтүндөй таалим» — деп жазат (24, 5).

Элдин материалдык дөөлөтү менен бай руханий тажрыйбасынын жаш муундарга тарбия, таалим берүүчү дүрмөтүн Түгөбай купуя туюп, ачык сезип турат. Анын айрыкча улгайып калгандан кийинки жыйындарда чыгып сүйлөгөн сөздөрү, жазган макалалары, теле, радио боюнча маектери менен акыркы тарыхый романы нускалуу насаатка жык толгон нукура педагогикалык идеялар. Аларда Түгөлбай кутмандуу элибиздин Ысык-Көлүндөй кең пейилин, терең пикирин, аруу касиетин, айкөл маанайын даңазалап, аларды ыйык тутууга жаш муундарды үндөйт. Элинин тарыхын, маданиятын, тилин, дилин, пейилин билбеген адам атуул боло албасына толук ынанган ойчул педагог өспүрүмдөрдү кыргыз тарыхын, маданиятын, тилин астейдил иликтеп үйрөнүүгө үгүттөйт. Ата салтын ыйык тутуп, элдин пейилине таазим этүү ар бир инсандын атуулдук парзы экенин эскертет.

«Атаганат, — деп муңканат педагог Түке,—улам соңку урпак, тек көз жарааары менен эле ааламды «ачып жаткан» өзү өңдөнүп менсинбестен, бардык абылга-табылганы тек өздөрү гана таап алгансып оолукпастан, көшөкөрлөнүп сөлөкөт куур-

чакка айланбастан байыртадан адам акылы улаган алтын учуктарды иликтеп аны улап, жакшысынан таалим алып, жаманын жаман деп билүү ийгиликтерге чоң өбөлгө...

...Бийик сепилдер, кооз Сарайлар, Пирамидалар, монументтер куруп калтырбады бабаларыбыз дегенсип өз тегибизге жерий турган кезибиз да жок эмес.

Чынында иштин жайы ошондойбу?

Жок. Андай эмес!

Эң кооз, эң укмуш жана маанилүү асыл мурасты бабаларыбыз укум-тукумга белек этти! Ал сууга жуулбас, отко күйбөс, агааматтарда кыйрабас Улуу сөз Сепили! Биз аны канчалык баалап, терең иликтеп туюнган сайын, ал бизге өзүнүн туңгуюктагы укмуш сырларын ача берээр эң асыл мурасыбыз. Жалпы элдик чоң маданияттын төрүнө энчилеш!

Адеп башы—тил! — деп макал айткан элибиз ошол укмуш тилдин чеберчилиги курган эң сонун сөз мунараларын таасын көрүш үчүн, биз тарыхтын шам чырагын колго алууга тийишпиз!» (24, 11).

Даанышман ойчулдун айткандары «Баба өмүрү билген киши караңгыдан шам-чырактуу» — деген элдин накыл сөз мекен үндөш. Элинин өткөнүн жана азыркы учурун мыкты билген атуул насаатчынын урпактарга каалоосу да элдин мүдөөсү менен үндөш. Түгөбай кыргыз элинин маданияттуу, ыймандуу, айкөл болуусуна жол көрсөтө турган шам-чырак деп элдиң өткөнүн терең үңүлө иликтеп үйрөнүүнү, байыртадан адам акылы улаган алтын учукту улантууну эсептейт. Түгөлбай Сыдыкбек уулунун педагогикалык идеяларынын уюткусун элдик педагогиканын маңыз мааниси аныктайт. Даанышман насаатчынын педагогикалык ойлорун ырааттап келечек муундарга тартуулоо бүгүнкү жашоо тиричилигибиздин зарыл талабы.

Чыңгыз Айтмат, Төрөкүл уулу (12. 12. 1928) Талас дубанындагы Шекер айылында төрөлгөн. Төгөрөктүн төрт бурчуна аттын кашкасындай таанымал жазуучу, даанышман ойчул педагог. Анын тарбия, таалим жөнүндөгү ой толгоолору кыргыздын элдик педагогикасынын идеяларынан азыктангандыктан окурмандарга өтө жеткиликтүү, таасирдүү жана жугумдуу.

Жаш жеткинчектерге тарбия, таалим берүүдөгү кыргыз элинин залкар педагогикалык идеяларын жана бай тажрыйбасын жамы адамзаттын өткөн муундарынын урпактарына керээз кылган ыйык мурасы катары чеберчилик менен көркөмдөп баян этүүдөгү ийгилиги Чынгызды дүйнө элине даанышман педагог катары да таанытты. Кыргыздын кылымдарды карыткан мадаиий дарамети менен бүгүнкү дүйнөлүк цивилизациянын ортосундагы нукту түйшүктүү изденүүлөр менен аныктап, ага даң-

гыр жол салган Чыңгыз Айтмат биздин элдик педагогикабызды жамы инсанияттын руханий кенчине айландырды.

Анын каармандары — Данияр, Жамила, Момун, Султанмурат, Дүйшөн, Эдигей, Бостон ж. б. кыргыздын элдик тарбиясынын идеалындагы инсандар. Алардын көркөмдөлгөн элестери элдин руханий дүйнөсүндөгү асыл сапаттарды (чынчылдык, айкөлдүк, мээнеткечтик, туруктуулук, элге, ата журтка берилгендик, жөнөкөйлүк ж. б.) чагылдырат. Алсак, Момун —жупуну, өтө жөнөкөй, кичи пейил, эл үчүн жанын аябаган мээнеткеч, заты да, аты да Момун, кудайдын бир пендеси. Ал дайыма эл камында. Элдин, айрыкча өз уруусунун намызын өтө бийик тутат. Момундун колунан бардык иш келет. Анын жасаган ишине ар ким суктанат. Момун мал асырайт, тоют камдайт, эгин айдайт, кырман көтөрөт, ал турмак өтө назик, өтө татаал иш — бала тарбиялоону да жакшы билет. Баланы элдин пейилин, дилин алдестеп, кыргызчылыкты бек сактап, ата салтын ыйык тутууга үйрөтөт. Бирок Момундун эл арасында баркы жок. Буга, алибетте, Момун күнөлүү эмес. Буга элдин бузулган дили жана ата-бабаларынын нарктуу салт-санаасынан элди кур жалак калтырган ошол мезгилдеги жашоо шарты күнөөлүү. «Ар бир адамга муштай-таштайдан кылып алтынды бекер таркатып берсе, анын кадыры кеткен сыяктуу Момунда кадыр-барк жок» — деп улутунат даанышман ойчул педагог Чынгыз (3а.).

Мурзагүлгө болгон наристедей назик жана тунук сүйүүсү Султанмураттын инсандык зоболосун өтө балант көтөрөт. Анткени элдин идеалында сүйүү сезиминин пакизалыгы-инсандын адебинин туткасы. Ошондуктан чыныгы сүйүү инсаният үчүн дайыма ыйык жана бийик сезим болгон жана болуп кала бермекчи. Олжобай менен Кишимжандын, Лайли менен Мажнундун ашыглыгы — чыныгы сүйүү жөнүндөгү элдин идеалы. Согушка жөнөп кетерине аз калганда, Момун сыяктуу эле, Султанмураттын атасы уулуна элдин нарк нускасын, жигиттин эл алдындагы, сүйгөн жары алдындагы милдетин, ар намызын, абийирин айгинелеген акыл насаатын айтат. Аны уулу ата мурас катары кабыл алат. Ал мурас Султанмурат үчүн ыйык. Аны аткаруу парзым деп эсептейт ал. (3а).

Сүйүү сезиминин ыйык жана бийиктиги анын элден жашырындыгында жана уяттуулугунда. Султанмурат менен Мурзагүл, ата салтка жараша, ал сезимин элден уялып жашырышат, ал турмак жалгыз экөө гана ээн жерде учурашканда да өз сезимдерин ачык айтышпайт. Тим эле тиктешип, демдери ичине түшүп кетет. Бири-бирине болгон ысык сүйүүсүн жоодураган көздөрү гана билдирет. Жаштардын сүйүүсүнүн эң мыкты көрүнүшү деп так ушуну эсептеген эл.

Чынгыз Айтматтын педагогикалык даанышмандыгы элдик педагогиканын асыл идеяларындагы алгылыктуу көрүнүштөрдү бүтүндөй ынтаасы менен даңазалагандыгында. «Кыздын кырк чачы улуу» дейт кутмандуу элибиз. Бул элдик педагогика аял затынын табият менен инсаният алдындагы милдетинин ыйыктыгы жана бийиктигин баса белгилегенинин күбөсү. Кыргыздын ата-бабасы аял затын, энени ыйык тутканы ата мураска айланып калган элдик салт. Султанмурат менен Ороскулга карата болгон элдин мамилесин ошол салт аныктайт.

Элдик педагогикадагы залкар идеяларды чыгармачылык менен өтө чебер көркөмдөп кайра элге тартуулоо менен Чынгыз кыргыз элинин педагогикалык ой жүгүртүүсүн дагы бийик сереге көтөрдү. Анын педагогикалык даанышмандыгын терең изилдеп, жөнгө салуу келечек окумуштуулардын, илимий мекемелердин эл алдындагы парзы.

Жогоруда биз атын атап, педагогикалык көз караштары жөнүндө азын-оолак кеп салган, ошондой эле түрдүү себептер менен аттары аталбай калган улуу ойчул, даанышман педагог бабаларыбыздын, аталарыбыздын, замандаштарыбыздын тарбия жөнүндөгү залкар идеяларын терең изилдеп ырааттуу системага салуу бүгүнкү учурдун кескин талабы болуп олтурат. Бул талапты ишке ашырбай туруп элдин маданий деңгээлин жогорулатып, адеп-ахлагын жөнгө салуу, ыйманын түптөө мүмкүн эмес. Жогоруда биз кеп козгогон ойчулдар менен катар Сагымбай Орозбак уулунун, Саякбай Карала уулунун, Касым Тыныстан уулунун, Төлөгөн Касымбек уулунун жана ушулар өңдүү кыргыз элинин руханий дүйнөсүнүн океанын сүзүп өткөн алп насаатчылардын залкар педагогикалык идеяларын элдин жан дүйнөсүн байыта турган кенчке айландыруу азыркы мезгилдин өктөм талабы. Бул багытта али ич жылытаар иш аткарыла элек десек да болот.

Ырас, учурунда академик Г. Н. Волковдун жетекчилиги астында кыргыздын элдик педагогикасын түрдүү жагдайда иликтеп үйрөнүүгө жана илимий негизде талдоого багытталган бир топ иштер жүзөгө ашырылды. Алсак, Талип Ормонов «Байыркы кыргыздардын педагогикалык көз караштарын», «Манас» эпосунун материалдарынын негизинде изилдеп, 1972-жылы Казань шаарында, Бекембай Апышев «Элдин эмгек салттары жана аларды жогорку класс окуучуларын тарбиялоодо пайдалануу» деген темада 1974-жылы Москва шаарында, Жолчубек Бешимов «Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоодо элдик салттарды пайдалануу» деген темадагы илимий изилдөөнү 1975-жылы Казань шаарында коргошту.

Ал эми акыркы он жыл ичинде бул багытта иш ырааттуураак жүргүзүлө баштады. Жаш окумуштуулардын тобу өсүп

чыкты. Алардын ичинен У. Эгембердиев, Т. Тажикова, Ж. Орозбаев, А. Алимбеков, А. Исаевдердин изилдөө иштери өтө жемиштүү дилгирлик менен аткарылып жаткандыктарын белгилей кетүү абзел.

Бул изилдөөлөрдүн назарияттык да, амалияттык да мааниси аябай чоң. Анткени менен ондогон кылымдарды камтыган бай тарыхы, нускалуу каада-салты, үрп-адаты, өркүндөгөн маданияты бар элдин рухий дараметинин, эл ичинен көкөлөп чыккан даанышман ойчул, ак таңдай акындардын залкар идеяларынын таалим-тарбиялык маанисин кеңири планда ыраатту баяндаган фундаменталдуу илимий эмгек али жарала элек. Бул майдан көтөрүлө элек дың болуп эле турат. Ал эми биз жогоруда мисалга келтирген изилдөөлөр бул багыттагы жасалган алгачкы аракеттер гана болуп эсептелет. Орчундуу иш алдыда. Жаш окумуштууларыбыз эл алдындагы атуулдук парзын аткарууга көп узабай эле чамынып киришишет го деген үмүтүбүз зор.

Республикабыз өз алдынча эркин мамлекет болушу кыргыз элинин кайрадан жаралышын, болгондо да дүйнөлүк цивилизациянын деңгээлинде жаңыдан төрөлүшүн талап кылат. Ошол кайра жаралуунун көрөңгөсүн жогоруда биз азыноолак кеп козгогон элибиздин бай рухий дараметинин каймагын калпын, өзүнүн тулку боюна сиңирген элдик педагогика түзүүгө тийиш экендиги эч кимди шектендирбейт. Элдик педагогика коомдук тарбиянын тажрыйбасынын тарыхый жыйындысынан ыраатту мийзам ченемдүүлүктү иштеп чыккан ата-бабаларыбыздан калган ыйык мурас. Тарбия—коомдук кубулуш. Ал адам коому айбанат дүйнөсүнөн бөлүнгөн биринчи кадамында эле пайда болгон. В. И. Ленин тарбия адам коомун дайыма коштоп жүрүүчү түбөлүктүү жалпы категория деп так ушул мааниде көрсөтөт (14).

Инсанияттын тиричилик турмушунун башатында жөнөкөй эле эмгек куралдарынын пайда болушу алгачкы коомдогу аңчылыкты, балык уулону оожалдырып жиберген жана элдин жашоо шартынын өзгөрүүсүнө чоң таасир тийгизген. Өтө эле жөнөкөй эмгек куралдарын жасоо үчүн да колдун усулдуулугу талап кылынган. Мындан жашоо жараянында өндүрүштүк ык, машыгууларды улам жаңы муундарга үйрөтүү зарылдыгы келип чыккан. Мына ушунун өзү тарбиянын башталышы. Демек тарбия алгачкы коомдо эле адамдардын коомдук турмуш тиричилигинин зарылдыгынан келип чыккан кубулуш.

Ал эми адамдар мал асыроо, жер айдоого өткөндө коомдук тарбия башталган. Алгачкы коомдогу өтө эле төмөн экономикалык абал тарбияны өзүнчө коомдук функцияга айландыра албаганы менен эмгекчи элдин өндүрүштүк жана нравалык таж-

рыйбасын жыйнап, байытып өркүндөтүүдө тарбия чечүүчү ролду ойногон. Алгачкы коом бир нече миңдеген жылдарды өз кучагына алган. Тарых даректерине караганда ал доордогу балдарда ойноо курагы деле болгон эмес. Алар 2—3 жашынан эле ата-энелеринин күнүмдүк жашоо үчүн алпурушкан тиричилигине кол кабыш кылышып, турмуш менен көздөрүн ачышкан, өндүрүмдүү эмгекке активдүү катышпай туруп тиричилик өткөрүү мүмкүн эместигине бала кезинен көзү жетип ынанышкан. Уул, кыздардын жыныстык өзгөчөлүктөрүн гана анча-мынча эске албаса, балдардын, бардыгына бирдей тарбия берилген.

Алгачкы коом кыйроого учурай баштаганда эле тарбиянын мүнөзү өзгөргөн. Акыл тарбиясы жрецтер, аксакалдар жана уруу башчыларынын энчисине өтүп, эмгек тарбиясы кара тамандарга тийгенин бизге кары тарых эбак эле баяндаган.

Кул ээлөөчүлүк өкүм сүргөн түрдүү өлкөлөрдөгү элдердин өндүрүштөгү жана жашоодогу түрдүүчө шарттары өз таасирлерин тарбияга тийгизбей коё албаган. Тарбия түрдүү өлкөлөрдө түрдүү форма жана түрдүү мазмунга ээ болгон. Бирок ошого карабастан бардык өлкөлөрдө тең тарбия коомдогу үстөмдүк кылуучулардын гана кызыкчылыгын коргогон. Байыркы Кытай, Байыркы Индия, Мисир, Персияларда мектеп мындан 4—4,5 миң жылдар илгери пайда болгон. Байыркы Грецияда кийинчерээк, б. э. ч. VIII кылымдарда пайда болгон. Андагы эң ири, эң күчтүү эки кул ээлөөчүлүк мамлекетте: Спарта жана Афинада бири-биринен максат, мазмун, усул жагынан түп-тамырынан бери айырмаланган тарбиянын эки системасы пайда болгонун биз тарыхый даректерден билебиз.

Спартада 9 миң спартияттык үй-бүлө 250 миң көз каранды периэктер менен илотторду эзип, аларга үстөмдүк кылып турушкан. Тарбиянын максаты, ошол шартка ылайык, спартияттарга согушчулук мүнөздөгү дене тарбиясын берүү болгон. Кулдарды болсо кемсинтип, кордоп, эзип кара жумуш аткартышкан.

Спартияттык эркек балдарды 7 жашынан мамлекеттик тарбиялоо мекемелеринде (интернаттарда) 18 жашка чейин асырашкан. Алардын ден-соолугун чыңдап, чыдамкайлуулукка көндүрүшкөн жана кулдарды жек көрүүгө тарбиялашкан. Ал эми акыл тарбиясын окуу, жазуу жана эсептөөнү үйрөтүү менен гана чектешкен. Эстетикалык тарбия согуштук, жортуулдук музыка уктурууну, согуштук ырларды жаттоо, согуштук диний бийлер үйрөнүүнү гана талап кылган. Интернатта баланы урул жазалоо кеңири таркалган усулга айланган. Интернаттык тарбиячыларды педономдор деп аташкан. 18ден 20 жашка дейре спартияттык уландар эфебияда аскер кызматын өтүшкөн, аларды эфебиячылар деп аташкан. Эфебиядан кийин уландар аскер

кызматкерине айланышкан. Спартада кыздар да дене тарбиясын алышкан. Аларды спорт аянттарына тынымсыз зордуктап алып барып турушкан.

Афиналык тарбия спартандардыкынан таптакыр башкача болгон. Анткени Афинада кол өнөрчүлүк, соода-сатык күчөп, илим, маданият, көркөм өнөр (искусство) өөрчүй баштаган. Анын үстүнө Афинада кул ээлөөчүлүк демократия өрчүгөн болучу. Ошого карабастан Афинада деле эркин элдердин гана балдарын тарбиялашкан. Тарбиянын негизги милдети — адамдын бою сынын келбеттүү кылып, жан-дүйнөсүн байытуу эле. Афина тарбиясынын системасында:

1. Грамматистердин жана кифаристердин мектеби (окуу, жазуу, эсеп, музыка, ыр ырдоо, ыр жаттоо ж. б. 7 жаштан 13—14 жашка чейин).

2. Палестра — «күрөш мектеби» (сууда сүзүү, пятиборье—жүгүрүү, секирүү, күрөш, диска жана копье мелжөө, адеп жана саясат жөнүндөгү аңгемелер 13—14төн 15—16 жашка чейин).

3. Гимнастика, адабият, философия, саясат (16дан 18 жашка чейин).

4. Эфебия — аскер кызматы, илимий жана саясий темалардагы аңгемелер, мамлекеттин мыйзамдарын үйрөнүү (18ден 20 жашка чейин) болгон.

Жакырчылыктын айынан элдин көбү окубай калганын, ал эми айрымдары грамматистер жана кифаристтердин гана мектебинде араң катышканын да айта кетүү абзел. Ал эми кыздарды мектепке албастан үйдө гана тарбиялашкан.

Дыйкан менен кол өнөрчүлөрдүн балдары күндөлүк тиричилик-турмуш жараянында өз ата-энелери менен кошо иштешип, алардын эмгек тажрыйбаларын үйрөнүп элге керектүү байлыкты өндүрүүгө даярдалса, кул ээлөөчүлөрдүн балдары кулдарга үстөмдүк кылып, өндүрүштү башкарууга даярданышкан. Ошентип, коомдогу теңсиздик элди бай жардыга бөлүү менен гана чектелбестен кул ээлөөчүлөрдүн балдарын тарбиялоо акырындык менен өзүнчө адистикке айлана баштайт. Тарбиянын назариятын илимий негизде иштеп чыгуу турмуштук талапка айланат. Мектеп (илимий) педагогикасынын тарыхы мына ушундан башталат.

Кул элөөчүлүк коомдо мезгилдин чыгаан ойчулдары өз доорунун талабына ылайык тарбия назариятын иштеп чыга баштaskan. Алардын ичинен эң өткүрлөрү: Байыркы Грецияда Демокрит (б. э. ч. 460—370-жылдар чамасында жашаган)— материалисттик назариятын биринчи иштеп чыккандардын бири. Ал математика, тарых жана башка илимдерди терең үйрөнүп өздөштүргөн энциклопедиячы — окумуштуу болгон. Ба-

йыркы грек жазуучуларынын айтуусу боюнча Демократ илимдин түрдүү тармагынан 70ке жакын эмгек жазган, алардын бири да бизге толугу менен жетпептир. Анын айткандарын башка авторлордон өтө көп кезиктиребиз.

Демокрит тарбияны баланын табийгатына ылайыкташтыруу зарыл деген таамай материалисттик даанышмандык ойду биринчи айткан. Ошондой эле балдарды акыл жана дене жагынан өнүктүрүүнүн зарылдыгын айгинелеп, окутуудагы көнүгүүнүн чечүүчү ролу жөнүндө, ата-эненин тарбиячылык милдети тууралуу ж. б. баалуу педагогикалык ойлорду илимий жактан негиздеген.

Сократ (б. э. ч. 469—399) байыркы грек ойчулу, окутуунун сократтык усулун, эвристикалык усулдарды иштеп чыккан. Анын сократтык сухбат усулу ушул күнгө чейин өзүнүн активдүүлүгүн жана актуалдуулугун жогото элек.

Платон (б. э. ч. 427—347) байыркы гректин объективдүү идеализмди негиздөөчү ойчулу. Сократтын окуучусу. Афинадагы гимназиянын Академиясында философияны каалоочуларга көп жылдар бою дарс окуган «Мамлекет», «Мыйзамдар» ж. б. эмгектеринде тарбиянын маңыз мааниси, милдеттери, мазмуну, аны уюштуруу усулдары жөнүндө бир топ ыраттуу ойлор айткан. Ал өзүнүн окуусун идеялисттик диний көз карашка негиздеген. Ал иштеп чыккан тарбиянын назарияты кул ээлөөчүлөрдүн кызыкчылыгын коргогону менен Платон педагогиканы илим катары негиздөөдө чоң роль ойногон.

Аристотель (б. э. ч. 384—322) байыркы дүйнөнүн улуу ойчулу, энциклопедиячы окумуштуу. Өзүнүн «Этика», «Саясат», «Жан жөнүндө» ж. б. эмгектеринде адеп, акыл, дене, эстетикалык тарбиянын усулдарын баланын курак жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык иштеп чыккан, табият берген адамдардагы түрдүү шык, жөндөмдөрдү шайкеш өстүрүүнү талап кылган, мектепке чейинки тарбия назариятынын биринчи негиздөөчү. Аристотель аялдардын билим алуусуна каршы чыгып, кулдарды жек көрүп, тарбия үстөмдүк кылуучу таптын гана энчиси деп эсептеген.

Марк Фабий Квинтилиан (118—42 б. э. ч.) байыркы Римдин белгилүү педагогу. «Ораторду тарбиялоо жөнүндө» деген 12 китептен турган педагогикалык зор эмгек жазган. 20 жыл бою императордун өзүнө баш ийген даңктуу риторикалык (чечендик сөзмөрдүк) мектепте дарс окуган. Баланын барын эле табият жөндөмдүү кылып жаратат. Муну тарбия жараянында толук эске алуу керек, окутуу, тарбия иштерин да өз табиятына ылайык туура уюштуруу зарыл деген талапты катуу койгон. Анткени менен Квитиллиан деле кул ээлөөчүлөрдүн мүдөөсүн көз-

дөп, ошолордун балдарын жетилдирүү жөнүндө кам көрүп, түрдүү пикирлер айткан.

Феодалдык мамилелердин өнүгүүсү менен инсанды ар тараптан жетилдирүүнү талап кылган идея акырындап барып күн тартибинен биротоло алынып ташталган. Педагогикалык ойлор жүрө-жүрө теологиянын составдуу элементине айланып, философия диндин нөөкөрү болуп калган. Тарбияга болгон көз караш түп тамырынан бери өзгөргөн. Байыркы дүйнөнүн педагогикасы инсандын рухий жана дене күчтөрүн шайкеш өстүрүү идеясын көтөрсө, орто кылымдын педагогикасы адамдын жанын акыретте түбөлүк жашоого даярдоону талап кылып, денени шайтандын идиши деп караган. Окуу, тарбия иштерин чиркөө толук көзөмөлгө алып, түрдүү типтеги мектептерди ачкан. Ал мектептердин (приходдук башталгыч, монастрдык, собордук —(собор — чоң чиркөө) — негизги милдети чиркөө кызматкерлерин даярдоо болгон.

Башталгыч мектепте чиркөө ырын ырдашып, диний китептер гана окутулса, собордук о. э. көпчүлүк монастрдык мектептерде тривиум (грамматика, риторика, диалектика) жана квадривиум (арифметика, геометрия, астрономия жана чиркөө музыкасы) окутулган. Бул сабактарды жети эркин көркөм өнөр дешкен. Булардан тышкары «илимдердин толтосу болгон» теологияны (кудай таануунү) окутууга бул мектептерде өзгөчө көңүл бөлүнгөн.

Собордук мектептердин базасында орто кылымдын университеттери ачылган. Болон, Париж, Оксфорд университеттери XII кылымда, Испанияда (Саламанка, Вальядорит), Португалияда (Коимбра) — XIII кылымда, Славяндарда (Прага 1348, Краков 1364) XIV кылымда ачылган. Бул университеттерде артисттик, богословдук, медициналык, юридикалык — төрт факультет иштеген. Окутуунун мазмуну схоластикалык, динчил мүнөздө болуп, окуу латын тилинде жүргүзүлгөн. Ошого карабастан Европадагы илимдин, маданияттын, агартуу ишинин өөрчүшүндө университеттер чоң роль ойношкон.

Кол-өнөрчүлүктүн жана соода-сатыктын дүркүрөп өсүшү ошол мезгилдеги коомдун экономикасын өөрчүткөн. Анын негизинде илимдин, маданияттын, эл агартуу ишинин гүлдөшү кайрадан жаралуу (Ренессанс) дооруна алып келди. Ренессанс феодалдык коомдун кыйраш жараянын ылдамдатып, буржуазиялык мамилелердин өнүгүүсүнө түрткү берди. Бул доордун ойчулдары өз чыгармаларында карапайым элдин кызыкчылыгын көздөгөн тарбиянын назариятын иштеп чыгышты. Алар орто кылымдагы тарбияны чиркөөнүн көзөмөлүнөн бошотуу үчүн, схоластикалык окууга, аскеттик тарбияга каршы күрөшүшкөн. Көңүлдүн борборунда адам болууга тийиш деген ой-

чулдар-гуманисттер деген наамга ээ болушкан. Гуманисттер коомдун көңүлүнүн борборунда жашоону, жыргалчылыкты сүйгөн, активдүү ишмер адам болууга тийиш дешкен. Алар мектептин турмуш менен байланышта болуусун, окуу-тарбия ишиндеги окуучулардын өз алдынчалыгын жана активдүүлүгүн камсыз кылууну, окуучулардагы ар тараптама шык, жөндөмдү шайкеш өстүрүүнү мектеп камсыз кылуусун талап кылышкан. Англиядан Томас Мор (1478—1535) «Утопия, Италиядан Томазо Компанелла (1588—1639) «Күн шаары», Франциядан Мишель Монтель (1533—1592) «Тажрыйбалар», Германиядан Эразм Роттердамский (1466—1540) «Кеңкелести мактоо сөздөрү», Испаниядан Луиджи Вивес (1492—1540) «Акылман» өңдүү социалист — утописттердин чыгармалары VIII—XIII кылымдардагы Жакынкы жана Орто Чыгыштын, Орто Азиянын энциклопедиячыл-окумуштууларынын залкар педагогикалык идеяларын андан ары өркүндөтүп, ааламдын гуманисттик педагогикасынын илимий-назарияттык негизин түптөдү.

Педагогиканы өз алдынча илим катары негиздеп, анын пайдубалына биринчи кыш койгон чех элинин улуу педагогу Ян Амос Коменский (1592—1670) болгон. Ага чейин педагогика философия илиминин составына кирген. Ал өзүнүн педагогикалык системасын окутуу жана тарбиялоону баланын табигатына ылайыкташтыруу принцибине (принцип природосообразности) негиздеп, балдардын бардыгын өз эне тилинде окутуу идеясын колдогон, окутуунун сабак формасын, аны уюштуруунун маанилүү принциптерин, эрежелерин иштеп чыккан. Коменскийдин педагогикалык табылгаларына окуу куралынын дидактика бөлүмүндө кең кесири токтолуп, анын гумандуу, демократтык идеяларын толугураак баяндайбыз.

Батышта педагогика илимин андан ары өнүктүрүүгө салым кошкондор: Джон Локк, Гельвеций, Дидро, Руссо, Песталоцци, Гербарт, Дистерверг, Сен-Симон, Фурье, Оуен, Радишев, Белинский, Чернышевский, Добролюбов, Герцен, Ушинский, Толстой, Ульянов, Яковлев ж. б. болушкан.

Коменский илим менен христиандык динди жараштырууга аракеттенсе, Локк (1632—1704) өзүнүн педагогикасындагы теологиялык челди жарып сыйрып алып, өз окуусун сенсуализмге негиздеп, педагогиканы илимий нукка салууга дадалаттанган. Бирок, инсандын калыптануусундагы тарбия менен айлана чөйрөнүн маанисин өтө эле жогорку баалап, мурасчылдыктын ролун таптакыр танган. Адам төрөлгөндө анын башы эч нерсе жазыла элек таптаза тактайдай же ак барак кагаздай, ага бул же тигил сапат трбия жана айлана чөйрөнүн таасири менен гана жазылат деген тыянакка келген Дж. Локк.

Клод Адриан Гельвеций (1715—1771) французддардын улуу педагогу, материалист ойчул. «Адам, анын акыл жөндөмү жана тарбия жөнүндө», ...«Акыл жөнүндө» деген педагогикалык чыгармаларында балдардын бардыгы бирдей төрөлөт, адамдын кызыгуусу анын жетилүүсүнө түрткү берет жана анын ишмердүүлүгүнө башат болот, ал кызыгууга багыт берүүчү күч-тарбия, тарбияны саясий система аныктайт деген идеяларды колдогон.

Гельвеций адам — айлана чөйрөнүн гана продуктусу деген. Адам акылдуу болуп да, кеңкелес болуп да, мыкаачы же айкөл болуп да төрөлбөйт, ал тарбия менен гана түрдүү инсандык сапатка ээ болот деген ойду айткан.

Дени Дидро (1713—1784) француздук ойчул-материалист, агартуучу. Ал инсандын калыптануусундагы тарбиянын ролун өтө жогору баалаган, бирок тарбия баарын жасайт деген Гельвецийдин оюна каршы чыккан. Дидро жалпыга милдеттүү акысыз башталгыч билим берүү идеясын колдогон.

Жан Жак Руссо (1712—1778) агартуучу, ойчул, жазуучу, композитор, педагог. Ал окутуу, тарбияны баланын табийгатына ылайыктап, баланы зордобой, эркин тарбиялоону талап кылган. Тарбиянын негизги факторлору — табият, эл жана айлана чөйрөдөгү буюмдар. «Эмиль же тарбия жөнүндө» — деген эмгегинде ал негизги педагогикалык идеяларын кеңири баяндаган.

Иоганн Генрих Песталоцци (1746—1827) Швейцариялык демократ педагог. «Лингард менен Гертруда», «Энелер китеби» — деген ж. б. педагогикалык чыгармаларында тарбия элдин балдарын эмгекке даярдап, дене жана акыл күчүн өстүрүүгө тийиш, ал бала төрөлөрү менен башталат деген ойду айткан.

Песталоцци дидактиканын орчундуу маселелерин өтө терең иштеп чыгып, жекече предметтерди окутуу методикасын негиздөөчү дүйнөдөгү биринчи педагог болуп эсептелет.

Иогани Фридрих Гербарт (1776—1841) метафизик — идеалист, немец педагогу. Тарбиянын мазмунун Гербарт эч качан өзгөрүлбөс беш этикалык идеяга негиздейт: ички эркиндик идеясы (айткан сөз менен кылган иштин биримдиги), өркүндөөнүн идеясы (ички шайкештик жана уюшкандык), ак көңүлдүк идеясы (биреөнүн эркинин башка биреөнүкүнө ылайык келиши), укук идеясы (түрдүү эрктердин жаңжалын жөнгө салуу), калыстык идеясы (жакшылыкка жакшылык, жамандыкка-жамандык). Бул идеялар Гербарттын оюу боюнча жалпы адептүүлүктүн негизин түзүп, мамлекеттик тартипти коргоого тийиш.

Адольф Дистеверг (1790—1866) немистик демократтык педагогиканын көрүнүктүү өкүлү. «Немис мугалимдеринин окуусуна жетектеме» деген эмгегинде мугалимдин психология ме-

деп физиология илимдерин терең иликтеп, окуп өздөштүрүп билүүсүн талап кылган. Психология тарбия жөнүндөгү илимдин негизи деп эсептеген. Өзүнүн дидактикалык көз караштарын 33 миийзам эрежелеринде баяндаган. Аны билген ар бир мугалим өз ишине өтө чыгармачылык менен мамиле кылары шексиз. Өз билимин тынымсыз өркүндөтүп, өз үстүнөн иштебеген мугалимде окутуучулук касиет өлөт деп, мугалимге өтө жогору талапты койгон.

Улуу ойчулдар Сен-Симон (1760—1825), Шарль Фурье (1772—1837) жана Роберт Оуен (1771—1858) педагогиканын орчундуу маселелерин иштеп чыгууда баа жеткис салымдар кошушкан. Сен-Симон үстөмдүк кылуучу таптын билим алуудагы артыкчылыгына кыжырланып, билим алуу баары адам үчүн жеткиликтүү болуусу керек, эмгектенүүгө жана жөндөмүнө ылайык иш кылууга ар ким укуктуу болууга тийиш деген. Фурье келечектин коомун эркин эмгек бирикмеси түзүүсү ылазым деп, балдарга эркин эмгек тарбиясын берүүнүн планын иштеп чыккан.

Оуендин ою боюнча адам айлана чөйрөнүн продукту, Ошондуктан элди агартуу үчүн айлана чөйрөнү өзгөртүү керек деген. Адамзаттын келечеги социалисттик коом, андагы адам чыныгы жыргалчылык эмне экендигин билет, өзүнүн чыгармачылык күчүн жана мүмкүнчүлүгүн өстүрүү үчүн толук эркиндикке ээ болот деп, окутууну индустриалдык өндүрүмдүү эмгек менен айкалыштыруу сынамыгын биринчи жасаган.

Орустун революциячыл — демократтары В. Г. Белинский (1811—1848), А. И. Грецен (1812—1870), Н. Г. Чернышевский (1828—1889), Н. А. Добролюбов (1836—1861), булардын окутуучусу А. Н. Радишев (1749—1802) падышачылык өкмөттүн элге билим берүү системасын аеосуз сынга алып, дыйкандарды жалпы агартууну өөрчүтүү, билим алууга болгон аялдар менен эркектердин укуктуулугуна жетишүү, мектепте жазалоону жоготуп, окуучунун эркин болушун камсыз кылууну талап кылышкан.

Белинский балдар адабияты жөнүндө аябай кам көрүп, балдардын китеби тарбиялоо үчүн жазылат, тарбия болсо өтө улуу иш, анткени ал адамдын тагдырын чечет деп, бул талапка жооп бере албаган китептерди катуу сынга алган.

Герцен өзүнүн убагында окуу планынан чыгарылып ташталган табият таануу сабагынын окуучулар үчүн өтө мааниси чоң экендигин баса белгилеген.

Чернышевский билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүүгө таасир тийгизип, тарбиянын максаты активдүү коомдук ишмерди, революционерди түптөө деген.

Добролюбов мектептеги курулай жаттоону, схоластиканы, авторитардуулукту катуу айыптаган. Эмгек тарбиясын адептүү адамды калыптандыруунун күчтүү каражаты деп эсептеп, мектепте диндин окулушуна каршы болгон, окуучуларды жазалоону жоготууну талап кылган.

Л. Н. Толстой (1828—1910) башталгыч окутуунун назарияты менен амалиятынын өнүгүшүнө чоң үлүш кошкон. Анын педагогикалык көз карашы өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Ал эркин жана чыгармачыл инсанды тарбиялоо идеясын көтөргөн, дыйкандардын кызыкчылыгын коргогон, динге өтө ырая кылган мамиледе болгон.

К. Д. Ушинский (1824—1870) — орус педагогикасынын атасы. XIX-к. Россиянын экономикасынын жана маданиятынын өсүшү мектеп жана педагогиканын алдына жаңы милдеттерди койду. Айрымдар бул милдетти чет элдик окуу куралдарын Россиянын шартына ылайыкташтырып которуу менен ишке ашырууга аракеттеништи. Ушинский бул көрүнүшкө кыжырланып элге элдик мектеп керек, тарбия ар бир элдин жашоо шартына жана тарыхый өсүү талабына ылайык болууга тийиш. Педагогиканын назарияты да элге кызмат кылышы керек дегени менен башка элдердин тажрыйбасын да танган эмес. Тескерисинче ал Батыш Европалык жана Россиялык алдыңкы иш тажрыйбаларды жалпылап терең назарияттык эмгектер жазган.

Илья Николаевич Ульянов (1832—1886) элге кеңири, ар траптама билим берүү үчүн күрөшкөн, ал ачкан мектептердин максаты—рух жана акыл жагынан күчтүү инсан тарбиялоо болгон.

Ульянов билим алууга кыздар, балдар орус жана орус эмес калктар, байлар жана кедейлер бирдей укуктуу болууга тийиш, анткени билимдүү адам гана бактылуу жыргал турмуш кура алат деген. Ульянов окутуу тарбия берүүчү мүнөздө болуусун талап кылган.

Яковлев Иван Яковлевич (1848—1930) чубаштын агартуучу педагогу. Демократ-педагог Яковлев тарбиянын негизги принциби деп анын элдүүлүгүн, эмгекчи элге кызмат кылып, улуттун маданиятын жана аң-сезимин көтөрүүгө тийиш экендигин баса белгилеген. Орус эмес улуттардын балдарын өз эне тилинде окутуу маселесине көп көңүл бөлүп, аны ишке ашыруу үчүн көп аракеттенген, ошону менен бирге ал мектептерде орус тилинин окутулушунун маанилүүлүгүнүн да эсинен чыгарган эмес.

Капитализмдин өнүгүшү менен жаш муундарды тарбиялоо назариятында буржуазиянын кызыкчылыгын жактаган көз караштар акырындык менен өөрчүй берди.

Кайрадан жаралуу доорунда буржуазиянын идеологдору адамдар арасындагы тең укуктуулукту, эркиндикти эңсешип, ал үчүн элдин баарын активдүү күрөшкө үндөшсө, бийликти өз колуна толук алгандан кийин буржуазия мурунку идеясын чанып, аны өзү үчүн коркунучтуу деп эсептей баштайт.

Адамдар тубаса тең жаралбайт, бирөө акыл эмгеги үчүн, ал эми экинчиси күч эмгеги үчүн жаралат деген идеяны таркатышып, акыл эмгеги буржуазиянын артыкчылыгы деп эсептеп, адамды чүнчүтүп жүдөткөн кара күч менен аткарылуучу эмгекти карапайым элдин энчсине басып берет. Мындан жаштарга мектепте билим берүүнүн эки системасы келип чыгат. Бири колунда барлардын балдарына толук орто жана жогорку билим берсе, экинчиси, карапайым элдин балдарынан жумушчуларды, усталарды, капитал үчүн нөөкөрлөрдү даярдоочу башталгыч жана техникалык мектептер. Ошентип мектептеги илим буржуазия табы үчүн кызмат кыла баштайт.

Табигатты жана коомду материалистерче таануудан илим бара-бара кетенчиктей берет. Бул мектепте, В. И. Лениндин айтуусу боюнча, «Ондон тогузу керексиз жана ондон бири бурмаланган өлчөмсүз көп билим менен жаштардын мээсин айландырган...» (Ленин, Жаштар союзунун милдеттери, Фрунзе 1965, 22-бет).

Диалектикалык материализмдин окуусуна таянып коомдун өнүгүүсүнүн жаңы шартында жаштарга билим берүү жана тарбиялоонун татаал маселелерин В. И. Ленин илимий негизинде иштеп чыкты. Падышачылыктын эл агартуу саясатындагы «реформисттик», көз боёчулукту айыптап, ал өкмөт... жумушчуларды дүрмөт деп караса, билимдүүлүктү жана окумалдыкты от деп карайт деп жазган (т. 2, б. 74) В. И. Ленин тарбиялоо жана билим берүүнү эмгекчил элдин өзүн эркиндикке чыгаруу үчүн күрөшүүнүн бир формасы катары карап, коммунисттик партиянын бул жагдайдагы программалык талабын теориялык жактан иштеп чыккан. Бул маселени Плехановдун «Эмгекти эркиндикке чыгаруу» тобу да көтөрүп: динсиз, жалпы, милдеттүү билим берүү талабын койгону белгилүү. В. И. Ленин муну: билим алуудагы аял менен эркектин укугун теңдөө, чиркөөнү мамлекеттен, мектепти чиркөөдөн ажыратуу, кедейдин балдарын тамак, кийим, окуу куралдары менен бекер камсыз кылуу талаптары менен толуктаган. Бул маселени партиянын II съездинде талкуулоодо: ар бир улут өз эне тилинде билим алууга, чогулушта жана коомдук, мамлекеттик мекемелерде эне тилинде сүйлөөгө укуктуулугун камсыз кылуу милдетин белгилеген. Ал педагогиканын жалпы, политехникалык жана кесипчилик билим берүүнүн биримдиги, илимий материалисттик көз карашты калыптандыруу, адеп-ахлак тарбиясы, мектептин тур-

муш менен байланышын чындоо өңдүү татаал маселелерин тайманбастан чечкиндүү талдап, жаңы педагогикалык ойдун өнүгүшүнө багыт берген. Анын идеяларын андан ары өркүндөтүүдө Крупская Н. К. (1869—1939), Макаренко А. С. (1888—1939), Луначарский А. В. (1875—1933), Шацкий С. Т. (1878—1934), Блонский П. П. (1884—1941) өңдүү чыгаан педагогдор жана мамлекеттик ишмерлер баа жеткис салым кошушкан.

Жалпы инсанияттын жана улуу даанышман педагогдордун гумандуу, демократтык залкар идеяларын андан ары өркүндөтүүдөгү ийгиликтери башкалардан аттын кашкасындай өзгөчөлөнтүп турган айыл мугалими Василий Александрович Сухомлинский (1928—1970), педагогика илиминин назариятында да, амалиятында да өтө бийик обочолонуп турат. Анын «Балдарга жаным садага», «Жарандын төрөлүшү», «Павлыш орто мектеби», «Уулума кат» өңдүү көп китептери жаңыча педагогикалык ой жүгүртүүнүн илимий негиздеги үлгүсү. Сухомлинскийдин чыгармаларында социалисттик коомдо узак жылдар бою өкүм сүргөн зордук зомбулуктун педагогикасын кайрымдуу, күйүмдүү педагогикага айландыруунун усулдары, жол жоболору илимий назарияттык негизде иштелип чыгып, айкөл педагогдун амалияттык тажрыйбасында эң сонун жүзөгө ашырылган (23). Даанышман педагогдун идеяларына чын дили менен берилген грузин алымы, жаңычыл педагог Ш. А. Амонашвилинин күйүмдүү педагогиканын гумандуу принциптерин жетекчиликке алып чеберчилик менен уюштурган тарбиялык иш тажрыйбасы ааламдын элин тамшандырып жатат. Бул жагдайда жаңычыл педагогдор: Шаталов В. Ф., Шетинин М. П., Лысенкова С. Н., Ильин Е. Н., Волков М. П., Никитин Б. П. ж. б. лардын да салымдары өтө чоң.

Кыргыздын элдик педагогикасынын жана даанышман ойчулдардын идеяларын иликтеп үйрөнүп, жаңычыл педагогдордун иш тажрыйбаларына шыктанып окутуу, тарбиялоонун бийик чеберчилигиндеги өз чыйырын аныктаган Кара-Кулжа аймагындагы «Кашка-Жол» орто мектебинин адабият жана тил мугалими Мамади Байымбет уулу, өз предметин балдардагы ар тараптама шык, жөндөмдү өстүрүп өркүндөтүүнүн, инсандык асыл сапаттарды калыптандыруунун сыйкырдуу каражатына айландырган Таластагы «Арал» орто мектебинин тил, адабият мугалими Бектур Исак уулу өңдүү изденген, чыгармачыл мугалимдер ар бир аймак, дубандарда пайда болуп жатканы жумуриятыбыз үчүн чоң сыймык. Бирок, ал мугалимдердин иш тажрыйбаларындагы баа жеткис табылгаларды баамдап, изилдеп үйрөнүп, жалпылап илимий тыянак чыгарууга ушул күнгө дейре бир да көңүл бурулбаганы өтө өкүнүчтүү.

Эгерде элибизди башка элдердей эле илим, маданият жагы-

нан көтөргүбүз келсе, интеллектуалдык потенциалыбызды жогорулаткыбыз келсе, мугалимдердин изденген чыгармачылыгын өркүндөтүүгө өбөлгө түзүү үчүн эч нерсени аябашыбыз керек. Элге билим берүүнү иш билги, Ата Журтка берилген, элдин келечеги үчүн өзүн курмандыкка чалууга даяр, Касым Тыныстан уулу, Болот Юнусалиевдердин салтын уланткан алымдар башкарууга тийиш эле... Ансыз элдин акыл потенциалы көтөрүлбөйт. Байлыкты акыл табат, куулук-шумдук менен табылган байлык адамга жукпайт. Ал эми ыймандын өзөгү маданият, жан дүйнөнүн байлыгы болууга тийиш.

Демек мугалимдердин, ата-энелердин, эл башкарган жакшылардын педагогикалык сабатсыздыгын жоюуга астейдил көңүл бурбаган элде эч кандай келечек жок.

Ар бир илимдин өзүнүн негизги түшүнүгү (категориясы) же иликтеп үйрөнө турган предмети болот. Педагогика илиминин негизги категориялары: тарбия, окутуу жана билим берүү. Педагогиканы үйрөнүүгө киришүүдөн мурда анын негизги түшүнүктөрүнүн маанисин илимий жагдайда аңдап, так түшүнүп алуу ылазим. Педагогика тарбияны коомдук кубулуш катары изилдеп үйрөнүүчү илим.

**Тарбия** үй-бүлөдө жана атайын коомдук мекемелерде ишке ашырылуучу максатка ылайык жараян. Бул жараян же коомдун жалпы кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн, же коомдогу айрым топтордун кызыкчылыгын камсыз кылуу үчүн, биринчиден, жаш муундардын рухий жана дене жагынан өсүп жетилүүсүн, экинчиден, алардын жүрүш-туруш эреже, нормаларын белгилүү нукка сала турган көз караштарынын, коомдук-ишенимдеринин калыптануусун, үчүнчүдөн, алардын коомдук өндүрүшкө жана коомдук турмушка бул же тигил формадагы даярдыгы менен катышуусун камсыз кылат. Демек, **тарбия** — инсандын калыптануусун уюштуруу жана башкаруу жараяны болуп эсептелет.

Улам жаңыланып өсүп келе жаткан жаш муундарды инсанияттын коомдук жашоодогу тарыхый тажрыйбасына эгедер кылуу тарбия жараянында ишке ашат. Тарбия маселелери адамдарды коомдук турмуштун башталышынан бери эле кызыктырып жана толукталып келе жаткандыгын жогоруда айтылгандардан көрүп олтурабыз.

Адам коому тарбиясыз өркүндөп өсмөк тургай жөн эле жашап да тура албайт. Анткени адам бардык жаныбарлардан социалдык да жаныбар экендиги менен айырмаланат. Ал эми инсандын жетилүүсү биологиялык тукум куучулуктун күчү менен гана аныкталбастан, айлана-чөйрөдө өкүм сүргөн коомдук мамилелердин мүнөзүнө да жараша болот. Ар кандай эле жаныбардын баласын туулары менен аны өз энесинен, өз үйүрү-

нөн, өз семейством сундагы жаныбарлардан таптакыр ажыратып бөлүп, аларды бир да көрөөтпөй багып өстүрсө, биологиялык мурасчылыктын жана инстинктин гана күчү менен ал өз тукумунун нарк нускасын, сырткы кебетесин, басып-турушун, тамак таап жешин жана о. э. ошол семействодогу тиешелүү ички сапаттарды да толук сактап чоңоёт. Чоңойгондон кийин өз семействосундагы жаныбарлар менен эч кандай кыйынчылык сезип оңтойсузданбай эле эркин аралашып, алардын жолу менен тамактанып, жашоосун уланта берет. Аң-сезими толук калыптана элек бөбөктөр адам чөйрөсүнөн ажырап айбандардын үйүрүндө (карышкырлар, маймылдар, аюулар ж. б. жаныбарлардын) асыралып чоңойгон кыркташ ашуун окуя адамзаттын тарыхында белгилүү. Чоңоюп кайра адамдардын чөйрөсүнө кайткан балдардын айрымдарын кайра тарбиялап адам кылуу үчүн аябай көп күч жумшашкан учурлар болгон. Бирок ал аракет эч качан оң натыйжа берген эмес. Демек, жарык дүйнөгө көз ачып келген ар бир баланын адам болуп жетилүүсү үчүн ага ылайык адамдын чөйрөсүнүн болуусу өтө зарыл. Ал эми жомоктогу Маугли — бул фантазия. Реалдуу турмушта андай болбойт.

Арыстандын дөбөтү менен канчыгынын чагышуусунан жаралган жаныбар атайын оңтойлуу кырдаал түзүп, өзү жан талашып аракеттенбесе деле арыстан болуп чоңоёт, бирок арыстан же болборс эмес чыныгы адамдын баласы болуп төрөлгөн неме карышкыр болуп да, эшек болуп да, же башка каалаган жаныбар болуп калышы да ыктымал деп Елинскийдин айтканынын илимий чындык экенин биз жогоруда келтирген мисал далилдеп турат. Тарбиясыз инсан түптөлбөйт.

Тарбия өтө кенен түшүнүк. Ал окутуу деген түшүнүктү да өзүнө камтыйт.

**Окутуу** — тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири. Ал эки жактуу жараян. Бири — окутуу (мугалимдин иши), экинчиси — окуу (окуучунун иши).

Окутуу — окуучулардын акыл ишмердүүлүктөрүн (объективдүү дүйнөнү таанып билүү ишмердүүлүктөрүн) уюштуруу жана башкаруу жараяны. Көпчүлүк мугалимдердин амалиятында окутууну окуучуга билим берүү деп түшүнөт. Бул, албетте туура эмес. Анткени билим берилбейт. Лак эттирип биреөгө бере салчудай ал буюм эмес. Билим алынат. Билимди алуу үчүн окуучу көп түрдүү акыл операциясын (байкоо жүргүзүү, кабыл алуу, талдоо, түшүнүү, салыштыруу, топтоо, эсте сактоо, тыянактоо эске түшүрүү ж. б.) жасайт.

Туура уюшулган окутуу окуучунун акыл күчүн оожалдырып, акыл эмгегинин ыгына ээ кылат. Окутуу билим берүүнүн эң негизги жолу.

Билим берүү — окутуунун тыянагы, системалаштырылган билим, ык, машыгуулардын жыйындысынын өздөштүрүлүшү Билим берүү көлөмүнө карай: башталгыч, орто жана жогорку билим болуп, мазмунуна карай: жалпы, политехникалык жана кесипчилик билим болуп бөлүнөт. Жалпы билим окуучуларга илимий билимдердин негизи жөнүндө маалымат берсе, политехникалык окуу жаштарды азыркы өндүрүштүн илимий негизи жана маанилүү тармактары менен тааныштырып, кесипчилик билим алууга даярдайт. Тарбия, окутуу жана билим берүү бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-бирин толуктайт, бири-бирисиз эч кандай натыйжага ээ боло албайт.

Ошентип педагогика илими улам жаш муундарды коомдук турмушка даярдоо амалиятын изилдеп үйрөнүп жалпылоо зарылдыгынан келип чыккан. Педагогика илиминин милдеттери инсандын жетилүүсүндөгү жана коомдук турмуштагы тарбиянын ролун аныктоо жана жаш муундарды окутуп, тарбиялоонун мазмунун, максатын, принциптерин, эрежелерин, усулдарын жана ыкмаларын иштеп чыгуу. Педагогика эң байыркы илимдердин бири. Ал көптөгөн кылымдар бою философия илиминин составында жүргөн. XVII к. ал өзүнчө илим болуп философиянын составынан бөлүнүп чыккан. Азыр ал өзүнчө бир топ тармактуу илимге айланып кетти.

Биз сөз кылып жаткан тарбия жөнүндөгү илим жалпы элдик жана мектеп педагогикасы болуп эсептелет. Балдардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык мектепке чейинки педагогика илими, дене жана рухий жактан жетилүүсүндө кемчилдиги бар балдарды окутуп тарбиялоонун мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдеген педагогиканын жаңы тармактары (дүлөй-дудук балдарды окутуп тарбиялоо назариятын-сурдопедагогика, көзү азиз балдарды окутуп-тарбиялоону-тифлопедагогика, акылы жетилүүсү жагынан артта калган балдарды окутуп тарбиялоону — олигофрено — педагогика илимдери) иштеп чыгат. Кийинки мезгилде үй-бүлө педагогикасы, аскер педагогикасы, социалдык педагогикалар өзүнчө илимге айланып бара жатат. Мектеп гигиенасы да педагогика илиминин өзүнчө бир тармагы. Жекече методикалар да педагогика илиминин тармактарына кирет. Педагогикалык ойлордун өнүгүүсүн талдап тарыхый тажрыйбаны изилдөөчү педагогиканын тарыхы да ушул системага кирет. Демек педагогика илими кечээ эле XVII кылымда философия илиминин составынан өзүнчө бөлүнүп чыгып, бүгүн бир топ педагогикалык илимдердин системасына айланып олтурат.

Педагогика башка илимдерден обочолонуп өзүнчө эле четке чыкпайт. Ал көп илимдер менен эриш-аркак болуп байланышкан. Ал эң биринчи философия илими менен өтө жуурушуп

кеткен, жогоруда айткандай көп кылымдар бою анын бир бутагы болуп келген. Педагогиканын усулнамалык негизи болуп диалектикалык жана тарыхый материализм эсептелет. Анткени тарбиянын социалдык маңыз маанисин диалектико-материалисттик философиясыз туура түшүнүү кыйын. А. С. Макаренко айткандай, педагогика эч кандай догмага жол койбогон өтө диалектикалык илим.

Педагогика илими психология менен да тыгыз байланышта. Психологияны билбеген адам педагогикалык иште ийгиликке жетише албайт. Педагогика адамды ар тараптан жетилдиргиси келсе, баарынан мурда аны ар тараптан билүүсү илазим деген К. Д. Ушинский. Педагогика адамдын анатомиясы жана физиологиясы, педатрия илимдери менен да байланышта. Педагогика тарых илими менен тыгыз байланышта экендиги өзү эле байкалып турат. Теманын баш жагында биз көрсөткөндөй педагогика илими элдик педагогика менен, адабият менен, элдердин улуттук маданияты, үрп-адаты, салт-санаасы менен да өтө тыгыз байланышта.

Техникалык прогресс педагогиканын негизги бир бөлүгү болгон дидактиканын кибернетика илими менен карым-катнашын улам оожалдырып баратат.

Педагогика — эч качан өзгөрүлбөө болуп катып калган билимдердин жана түбөлүктүү чындыктардын жыйындыгы эмес. Тескерисинче ал тынымсыз өсүп-өнүгүп, мааниси жоголуп эскирген жоболордон бошонуп жаңы ачылыштар менен толуктанып турат. Педагогика илими диалектикалык-материалисттик окууга таянып өзүнүн изилдөө усулнамасын иштеп чыккан. Ал өзүнүн изилдеп үйрөнүү предметине ылайыкташкан. Тарбия социалдык кубулуш болгондуктан педагогикалык илимий изилдөөдө социалогиялык жалпылоо методуна белгилүү орун берилет. Бирок тарбиялоо, окутуу жана билим берүүнүн так маселелерин бул усул менен толук аныктоого болбойт. Ошондуктан педагогикалык илимий изилдөөнүн негизги усулдары болуп: байкоо, мектеп документтерин талдоо, мектептеги табигый сынамык (эксперимент), мугалимдер менен, окуучулар менен, ата-энелер менен аңгемелешүү, педагогика илими тыгыз байланышкан илимдердеги ачылыштарды пайдалануу, анкета жүргүзүү, статистикалык анализ ж. б. усулдар эсептелет.

Байкоо — окуу тарбиялык көп маселелерди чечүүгө колдоно турган илимий-педагогикалык изилдөө усулу. Байкоо белгилүү кырдаалдагы бул же тигил педагогикалык кубулушту максатка ылайык системалуу үйрөнүү. Байкоо жүргүзүүгө атайын даярдык болууга тийиш. Байкалган фактыларды так жазып, зерикпей талдап, керектүүлөрүн жыйноо зарыл.

Илимий байкоо жүргүзүүнүн объектилери болуп тарбиячы менен баланын окуу, тарбия жараянындагы ишмердүүлүгү эсептелет. Ар кандай эле байкоо табигый шартта жүргүзүлүүгө тийиш. Мында изилдөөчү педагогикалык жараяндын жүрүшүнө кийлигишпейт. Ал максатка ылайык, бир нече мезгилди өз кучагына алып жүргүзүлөт. Байкоо тике жана кыйыр болуусу ыктымал. Тике байкоодо педагогикалык жараяндын табигый динамикасына атайын көңүл бурулуп, керектүү фактылар пландуу түрдө жыйнала берет. Ал эми кыйыр байкоо педагогикалык кубулушту максатка ылайык ыраат менен, техникалык каражаттардын, стенограмма, протоколдордун жардамы менен жүргүзүлөт. Эгерде изилдөөчү жаңы кырдаалга кабылган балдардын жүрүм турумун баяндаган материал жыйнаса байкоо усулун, ал эми балдардын жүрүш-турушуна таасир тийгизүү максатында кырдаалды өзү атайлап өзгөрткөн болсо сынамык усулун колдогон болот.

Сынамык же тажрыйба усулу — бул дале байкоо, бирок бардык жагдайды эсепке алган атайын уюштурулган шартта өткөзүлө турган байкоо. Мында изилдөөчү педагогикалык жараяндын түзүлүшүнө активдүү аралашып, аны өзүнүн изилдөө планынын максатына ылайык өзгөртөт. Өзгөргөн шарттын натыйжага тийгизген таасирин изилдеп, тийиштүү мыйзам ченемдүүлүктү аныктайт. Лабораториялык сынамыкта бүтүндөй жараяндын өнүгүш шарты максатка ылайык өзгөрсө, табигый сынамыкта типтүү шартта эле керектүү жараян изилденет. Изилдөөнүн башында эле окумуштуу жумушчу гипотезаны аныктайт. Сынамык таанып билүү маселелерин чечет, ошондой эле айрым назарияттык жоболорду текшерүү үчүн кызмат кылат. Сынамык назарияттык жобону башка жол менен далилдөөгө мүмкүн болбой калган учурда өткөрүлөт.

Аңгеме усулу педагогикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө көп колдонулат. Аңгеме белгилүү планга ылайык тике жана кыйыр коюлган суроолор аркылуу окуучулар менен да, ата-энелер менен да, мугалимдер менен да өткөрүлөт. Ангеменин жыйынтыгында жыйналган материалдар байкоо, сынамык усулдарында аныкталган изилдөөлөрдү толуктоо, тактоо үчүн пайдаланылат. Аңгеме усулунда максатка жараша эркин аңгемелешүү жана изилдөөчүнүн көзөмөлдөөсүнө ылайык багыттагы маек, пикир алмашуу же изилдөөчүгө керектүү жоопту талап кылган так соболдор таштоо өңдүү аңгемелешүүнүн түрлөрү колдонулат.

Мектеп документтерин талдоо усулунда изилдөөчү окуу программаларындагы, окуу китептериндеги, класс журналы жана экзамен ведомостторундагы, педагогикалык, усулдук кеңешмелердин токтомдорундагы, окуучулардын жазма иштериндеги түрдүү усулдук жана психологиялык изилдөөнүн документте

риндеги информацияларды кеңири пайдаланууга мүмкүндүк алат. Балдардын, окуучулардын түрдүү ишмердиктеринин продуктусун (сочинение, контролдук иш, сүрөт, чийме ж. б.) да бул максатта пайдалана берсе болот. Аталган мектеп документтерин талдоонун натыйжасында алган информация сынамык жана байкоо усулдарынын натыйжаларын толуктап баяндоо үчүн пайдаланылат.

Анкета усулу педагогикалык илимий изилдөөдө биринчи талдоо жүргүзүү үчүн зарыл жана андан ары изилдөөнү улантуу үчүн керек болгон материалды жыйноо үчүн жүргүзүлөт. Анкета конкреттүү фамилияны көрсөткөн же фамилия аталбаган жашыруун жагдайда, түрдүү формада жооп талап кылган суроолордон да түзүлүшү мүмкүн. Анкета, аңгеме усулдары педагогикалык изилдөөлөргө белгилүү адамдардын билим деңгээли жөнүндө информация керек болгондо, алардын кубулуштарга же жараяндарга берген баасын билүү керек болгондо да пайдаланылат.

Статисикалык талдоо усулдары педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын сан жагынан иштеп чыгып тыянактоодо талап кылынат. Бул изилдөөнүн натыйжаларын сан чоңдуктары аркылуу салыштырып карообузга мүмкүндүк берет. Ошондой эле изилдөөнү статистикалык жактан баяндоо да, жумушчу гипотезаны статистикалык жактан текшерүү да мүмкүн.

Буржуазиялык коомдун шартында тарбия мазмун, максат жана уюштуруу жагынан түп-тамырынан бери татаалданып өзгөрдү. Анткени дүркүрөп өсүп жаткан өндүргүч күчтөр өндүрүштүн адамдарынын жогорку маданияттуулугун жана татаал мамлилелерди түшүнүп, куралдарды өндүрүмдүү иштетө билүүнү талап кылды. Демек элге билим берүү, эмгекчилердин маданий деңгээлин көтөрүү менен буржуазиянын тынчын албай турган чыдамкайлыкка тарбиялоосу керек эле.

Ушундай жылдан-жылга татаалдашкан шартта түрдүү багыттагы бири-бирине атаандаш мектептер жана түрдүү көз караштагы окуулар пайда болду. Ошол агымдардын айрымдарына кыскача мүнөздөмө беребиз.

Буржуазиялык педагогикадагы эң таасирдүү агымдардын бири экзистенциализм (жашоонун философиясы).

Экзистенциялизм — философиялык идеализмдин азыркы агымдарынын бири. Биринчи дүйнөлүк согуштун алдында Германияда пайда болуп, Франция, АКШ ж. б. өлкөлөргө таркаган. Экзистенциялизмдин көңүлүнүн борборунда жашоонун мааниси жана адамдын коомдогу орду жана ролу эмнеде, жашоодо тандап алган жолу үчүн анын жеке жоопкерчилиги кандай деген өңдүү суроолор турат. Мындай суроолорго ал өтө эле ашынган индивидуализмдин, ирроционализмдин жана пессимизмдин

позициясынан жооп берет. Экинчиден, мектеп амалиятына тике жол көрсөткөн ырааттуу багыттагы окуусу иштелип чыкпаганы менен буржуазиялык педагогикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүшүнө экзистенциализм өз таасирин тийгизбей койбоду. Экзистенциализм инсандын жетилүүсүндөгү тарбиянын жана билим берүүнүн ролун төмөндөтөт. Инсандын жетилүүсүн эч кандай педагогикалык таасирсиз эле баланын өз алдынча тынымсыз кыймылынын натыйжасы деп эсептеп, экзистенциализм, — баланын ички дүйнөсүнө тарбиячы да, ата-эне да карым-катнаш жасай албайт деген корутундуга келет.

Бул окуу боюнча тарбиянын максаты коомго көз каранды эмес эркин инсанды калыптандыруу. Ар кандай эле социалдык нормага баш ийүү инсанды басмырлап коёт. Бул адамдагы өзү үчүн кооптонууну пайда кылат деген ойду баяндайт. Мында айрым ынанарлык жагдай бар.

Идеалисттик философиянын дагы бир кеңири таркалган агымы — неотомизм же неофомизм. Бул ачык дилчил философия XIII к. Богослав Фомо Аквинскийдин окуусунун модернизациясы. Бул окуу чындык—кудай, ал эми материалдык дүйнө анын кудрети менен жасалган деп карайт. Неотомизм Италия, Испания, Бельгия, Франция, Германия, АКШда кеңири таркалган.

Неотомизмдин педагогикалык окуусунун эң маанилүү чеги — адамдын табигатынын эки бөлүктөн: убактылуу жашай турган денеден жана түбөлүк жашай турган жандан турат деген диний түшүнүк. Адамдын эки жагына тең көңүл бөлүү зарыл, бирок негизгиси жан экенин эстен чыгарбоо керек, динсиз адеп болбойт, христиан этикасына таянып гана айкөл адам тарбиялаш мүмкүн жана динге болгон терең ишенимди адамдын зарыл талабына айландыруу мүмкүн, адамды коомдогу революциялык өзгөрүү менен коргой албайсың, бул дүйнөдөгү жыргалдан акыреттеги бейишти өйдө көргөн ишеним гана адамды коргой алат дейт неотомистер. Мектепте илим менен диний ишенимди айкалыштырса болот деген идеяны көтөрүп, неотомизм дин менен илим байыркы убакта келише албаган, азыр болсо чиркөөнүн өзү илимдин өркүндөөсүнө кызыгат, бирок илим өз чегин билип дин менен көп пашалашпашы керек деген тыянакка келет. Мунун деле айрым жүйөлүү жактарын биз биротоло жокко чыгарып жибере албайбыз.

Буржуазиялык педагогиканын дагы бир таасирдүү агымы —прагматизм. Грекче — иш аракет, ишмердүүлүк дегенди түшүндүрөт. Бул агым АКШ, Англия ж. б. өлкөлөрдө таркаган. Кээде аны «инструментализм», «экспериментализм», «коструктивизм», «прогрессивизм» деп да жүрүшөт. Педагогикадагы бул агымды Джон Дьюи негиздеген. Бул окуунун негизги принциби объективдүү чындыкты тануу. Бирөөлөр үчүн пайдасы ачык

көрүнүп турган нерсе гана чындык. Окутуунун негизги максаты—балдарды пайдалуу иш аткаруу усулуна ээ кылуу.
Мында окутуу индивидуалдаштырылып, мугалимдин ролу төмөндөйт. Ошол кездеги мектептеги схоластиканы жана формализмди катуу айыптап Дж. Дьюи анын шакирттери Б. Боулд, У. Килпатрик, Х. Рагг, Чайлдс, Дж. Каунтс ж. б: төмөндөгүдөй система иштеп чыгышкан: 1. Окутуудагы негизги объект деп окуучунун жеке иш тажрыйбасын эсептеп, системалуу илимий маалымат берүүнүн маанисин, мугалимдин ролун тануу менен анын ролун өтө эле төмөндөтүп жиберет.

2. Окутуунун негизи баладагы кызыгууну жана талапты өстүрүү. Тарбиянын максаты — өсүү. Програматистер баладагы шык, жөндөмдү өстүрүүдө жазуу, сүрөт тартуу, жабыштыруу, эмгек маанилүү деп, баланын мүмкүнчүлүгүн көп эле ашыкча жогору баалап жиберишкен

3. Окуучуларды дайыма алдына коюлган маселени чечүү аркылуу керектүү билим, ык, машыгууларга, түрдүү иш аткарууга же түрдүүчө оюн ойноо усулуна ээ кылуу. Өз ишмердүүлүгүн окуучулар өзү пландаштырууга тийиш, ал эми мугалим тажрыйбалуу жолдош катары көмөктөшүүсү керек деген туура тыянакка келишкен.

4. Прагматистер мектептин ишин жакшыртуу менен коомду оңдоого болот деп ишенишкен. Мектептин традициясынын кемчилдигин туура көрсөтүп, аны четтетүүнү туура эмес чечишкен, билим берүүнүн усулун анын мазмунунан өйдө коюшкан. Анткен менен булардын айткандарынын көбү акылган теге ойлор.

Тема боюнча түйүндүү маселелердин өздөштүрүлүүсүн көзөмөлдөөчү соболдор жана окурмандын өз алдынча иштөө багыттары.

1. Педагогикалык ойдун келип чыгышы жана анын өнүгүү динамикасы жөнүндө эмнени аңдадың? Алгачкы коомдогу тарбия жөнүндө эмнени айта аласың? Кул ээлөөчүлүк коомдогу тарбия системаларына мүнөздөмө бер. Эмне үчүн Афина менен Спартадагы тарбия системасы бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланат? Мунун себебин баянда.

2. Кыргыздын элдик педагогикасынын булактары кайсылар? Элдик оозеки чыгармачылыкты эмне үчүн элдик педагогиканын соолубас булагы дейбиз? Эмне үчүн мектептин окуу, тарбия иштерин уюштурууда кыргыздын элдик педагогикасынын идеялары пайдаланылбай келди? Аларды мындан ары мектептин амалиятында колдонуу үчүн эмне кылуу керек?

3. Тарбиянын назариятынын өнүгүү этаптарын айгинеле. Алгачкы коомдогу тарбияга болгон ар кыл мамиленин (Демокрит менен Аристотельдин көз караштарындагы) айырмачылыктарынын себеби эмнеде? Эмне үчүн феодалдык коомдо адамды рухий жана дене жагынан жетилдирүү идеясы күн тартибинен таптакыр алынып ташталды? Кайрадан жаралуу доорунун пайда болгон себебин талдап ой жүгүртүп көрчү. Эмне үчүн Ренессанс доорундагы ойчулдарын гуманисттер дейбиз? Алар кимдер? Алардын кайсыл эмгектерин билесиң?

4. Педагогиканы өз алдынча илим катары негиздеген ким? Коменский менен Локктун педагогикалык көз карашындагы айырмачылыктарды аныкта. Педагогикалык ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүндөгү Маркс менен Энгельстин салымы эмнеде? В. И. Ленин окуу, тарбия маселелерин кандай чечкенин талдап баянда. Педагогика илиминин усулнамалык негизи эмнеде?

5. Педагогика илими жөнүндө баянда. Тарбия деген түшүнүктүн коомдук кубулуш экендигин айгинеле. Педагогика илиминин негизги түшүнүктөрү: Тарбия, окутуу жана билим берүүгө аныктама бер. Педагогика илиминин милдеттерин такта Педагогика илиминин негизги тармактары кайсылар, алардын башка илимдер менен кандай карым-катнашы мамилеси бар? Ал мамиленин себептерин баянда.

6. Биздин тарбия менен буржуазиялык тарбия назариятындагы негизги айырмачылыктар эмнеде? Азыркы буржуазиялык тарбия назариятындагы негизги агымдардын усулнамалык өзгөчөлүгү эмнеде?

Экзистенциализм педагогикасынын негизги идеясын айгинеле. Неотомисттик педагогика эмне үчүн капиталисттик өлкөлөрдүн окуу, тарбия иштерине чоң таасир тийгизет? Прагматистик педагогиканын көрүнүктүү өкүлү ким? Анын системасындагы өзгөчөлүктөр кайсылар? Тарбиянын буржуазиялык назариятындагы жана амалиятындагы алгылыктуу жактарды баяндап бер.

## РЕФЕРАТ ҮЧҮН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАЛАР

1. Педагогика тарбия жараянынын коомдук кубулуш катарында иликтеп үйрөнүүчү илим.

2. Элдик педагогиканын идеяларын азыркы учурдагы окуу, тарбия иштеринин амалиятында пайдалануу ыкмалары.

3. Тарбиянын таптык жана тарыхый мүнөзүн негизги булактарга таянып айгинеле.

4. Педагогика илиминин предмети жана милдеттери. Башка илимдер менен анын карым-катнаш мамилесин баянда.

5. Азыркы буржуазиялык тарбия назариятындагы негизги агымдардын педагогикалык идеяларын баянда.

## РЕФЕРАТ ЖАЗУУДА ПАЙДАЛАНУУ ҮЧҮН СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР:


1. Жусуп Баласагын «Кут алчу билим». Фрунзе, 1988 ж.
2. Мурас. Фрунзе, 1990 ж.
3. Кыргыздар (Санжыра, тарых, мурас, салт), Бишкек, 1991 ж.
4. Маркс К., Энгельс Ф. О воспитании и образовании. В двух томах. М., 1978 г.
5. Ленин В. И. О воспитании и образовании. 3-бас. М. 1973 г.
6. Сухомлинский В. А. Сердце отдаю детям. Киев. 1969 г.
7. Корчак Я. Педагогическое наследие. М. 1990 г.
8. Новое педагогическое мышление. М. 1979 г.

## ЭКИНЧИ БАП

# ӨНҮГҮҮ, ТАРБИЯ ЖАНА ИНСАНДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ТЕМАДАГЫ ТҮЙҮНДҮҮ ОЙЛОР.

Өнүгүү жөнүндө түшүнүк. Инсандын өнүгүүсүнө таасир тийгизүүчү булактар, факторлор жана өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчтөрү. Мурасчылдык, айлана-чөйрө жана тарбия. Бала тарбиянын объектиси жана субъектиси. Тарбия жана балдардын курак жаш өзгөчөлүктөрү.

## ТЕМА БОЮНЧА БЕЙТААНЫШ ПЕДАГОГИКАЛЫК ТҮЮНТМАЛАРГА КЫСКАЧА ТАРЖЫМАЛ ЖАНА ТЕРМИНДЕРДИН КОТОРМОСУ.

**Индивид** — лат. айрым тирүү организм, айрым адам, киши.

**Генетика** — гр. келип чыгуу, организмдеги өзгөрүүчүлүк, тукум куучулук жана аны башкаруунун мыйзамдары жөнүндөгү илим.

**Генотип** — гр. тубаса мурас, улуттун, элдин тарыхый өнүгүүсүнүн изи, мурастык негизин түзгөн организм.

**Генофонд** — гр. улутту, элди түзгөн өзгөчөлөгөн гендердин жыйындысы.

**Морфология** — гр. жеке организмдин түзүлүү жана сүлпөткө келүүсүнүн-индивидуалдык тарыхый өнүгүүсү жөнүндөгү окуу.

**Преформизм** — лат. алдын ала калыптануу, XVII кылымда үстөмдүк кылган метафизикалык окуу.

**Олигофрен** — гр. аз акыл, эненин курсагындагы өнүгүүсүндө доо кетип, кем акыл төрөлгөн бала.

**Дебил** — лат. алсыз, акылдын тубаса алсыздыгынын жеңилирээк даражада болушу.

**Идиот** — гр. акылдын тубаса алсыздыгынын күчтүү даражада болушу.

**Филогенез** — гр. элдин, уруунун, улуттун же жалпы адамзаттын бардык органикалык формаларынын жашоо башталгандан берки өнүгүү жараяны.

**Онтогенез** — гр. Жеке адамдын бойго бүткөндөн карып өлгөнгө чейинки өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөргө дуушар болуусу.

**Биогенетика** — гр. ата тек, жеке адам өзүнүн өнүгүүсүндө ата-бабаларынын өнүгүүсүндөгү негизги этаптарды кайталайт, инсандык сапат тубаса берилет деген окуу.

Социогенетика — гр. адамдын психикалык жактан өнүгүүсүндө мурасчылдыктын ролун толук танып, чечүүчү ролду чөйрө жана тарбия ойнойт деген окуу.

Моторика — лат. кыймылдатуучу, кыймыл аракеттерди башкаруучу мээдеги борбор.

Антропология — гр. адамдын биологиялык табиятын ар тараптан изилдеп үйрөнүүчү илим.

## ТЕМАНЫН МАЗМУНУН БАЯНДООЧУ ОЙ ЧАБЫТТАРЫ

Жарык дүйнөгө көз жарып келген ымыркай чүрпөнүн өнүгүп эрезеге жетүүсү деген эмне? Андагы инсандык касиеттердин өнүгүүсүн эмне камсыз кылат? Перзентти курчап турган сырткы дүйнөнүн жана тарбиячылардын жүргүзгөн иштеринин бул жагдайдагы мааниси кандай? Баланын жаш курагы, тукум куучулук жана айлана-чөйрө өңдүү булактар өнүгүү жараяны-на кандай таасир тийгизет? Инсандын жетилүүсүнө үрп-адат, каада-салт, оюн, окуу, эмгек, тарбия өңдүү факторлор да таасир тийгизеби? — деген өңдүү толгон токой соболдордун ынанаарлык жообун ар бир ата-эне, тарбиячы, мугалим жакшы билүүсү ылазим. Булар жөнүндө толук түшүнүгү жок адам таалим-тарбияны өз нугуна салып, туура жүргүзө албайт.
Анткени перзент жарык дүйнөгө биологиялык жаныбар-индивид катары келет. Өнүгүүнүн узак жана өтө түйшүктүү жолун басып өтүп гана ал инсанга айланат.

**Инсан** —коомдук индивидуум (айрым тирүү организм, жеке адам, пенде), сырткы дүйнөнү таанып билүүнүн, активдүү өзгөртүүнүн субъектиси, сүйлөөгө жана эмгектенүүгө жөндөмдүү, аң-сезимдүү жаныбар, акылы жайында, туура өнүккөн адам. Демек тарбия өтө татаал жараян. Ага ийгиликтүү жетекчилик кылуу үчүн ар бир тарбиячы баланын психикалык жактан жетилип социалдык инсанга айлануу мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы билүүгө тийиш. Инсандык асыл сапаттар өтө жай, көп кыйынчылык менен өнүгүп түптөлө турган абдан татаал кубулуш.

Өнүгүү табияттын, коомдун жанаадамдын ойлоосунун ажыралгыс касиети, алардын жөнөкөйдөн татаалга, пастан өргө караган кыймылы, жаңынын төрөлүшү, эскинин өлүшү. Ч. Дарвин жана диалектикалык материализмдин классиктери инсандын өнүгүүсү жана калытануусу жөнүндөгү окууну илимий жактан негиздөөгө чоң салым кошушту. Баладагы инсандык касиеттердин өнүгүүсүнө таасир тийгизүүчү булактар менен факторлордун бири-бирине шайкеш келиши же таптакыр ылайык келбей калышы ал өнүгүүлөргө оң же терс багыт бере турган мыйзам ченемдүүлүктөрүн аңдап билүү ар бир тарбиячынын

ыйык парзы. Ансыз инсандын өнүгүү жараян талапка ылайык ишке ашпайт.

Көз жашындай тунук оргуп аккан булактын суусу булганыч суу агып жаткан арыкка куйса ылай сууга айланган сыяктуу эле, анатомофизиологиялык жактан таза төрөлгөн генотип, ал өзү өнүгүп жетиле турган чөйрө таза болбосо толук алгылыктуу касиеттерге ээ инсан болуп жетиле албайт. Советтик коомдо жетилген кыргыз жаштарынын дээрлик көбүндөгү манкурттук касиет буга өтө эле ынанарлык далил боло алат.

Көзүнөн ылайланып агып чыккан булактын суусу тунубаган сыяктуу анатомо-физиологиялык талапка ылайык төрөлбөгөн бала толук касиетке ээ инсан болуп өнүгө албайт. Алсак, олигофендер, дебилдер, идиоттор.

Ч. Дарвин жана диалектикалык материализмдин классиктеринин өнүгүү жөнүндөгү окуусу илимде өктөмдүк кылуу менен объективдүү дүйнөнү таанып билүүдө өзүнүн жемиштүүлүгүн көрсөтө алды. Өнүгүү жараянын терең түшүнүү үчүн анын филогенездеги жана онтогенездеги жетилүү абалына үңүлө көңүл буруу зарыл. Филогенезде кандайдыр бир этникалык тайпанын же бүтүндөй адамзаттын тарыхый, коомдук-маданий калыптануусун изилдесе, онтогенезде жеке адамдын өнүгүү жараянын изилдейт. Бирок онтогенезде бөбөктүн бойго бүткөндөн төрөлгөнгө чейинки өнүгүү жараянын иликтеп, аны таалим, тарбия ишинде эске алууга биздин мектептерибиз менен ата-энелерибиздин билим дараметн жетпей келе жатат.

Экономика, илим, маданият жагынан өнүккөн элдерде перзенттин эненин курсагындагы тогуз айлык өнүгүүсүнө бөтөнче көңүл бөлүнөт. Илимий изилдөөлөрдүн натыйжасына караганда бойго бүткөндөн үч апта өткөндө түйүлдүктө беш ылайыкча, бир түтүкчө пайда болот. Ылаакчанын биринчиси-маңдай мээ, экинчи, үчүнчүсү—мээдеги оң жана сол жарым шарлар, төртүнчүсү — арткы мээ, бешинчиси —каракуш мээ, ал эми түтүкчө — жүлүн. Бешинчиден алтынчы аптага өткөндө түйүлдүктө акырындап кемирчектер пайда болуп, тогузунчу-онунчу аптадан кийин баланын морфологиялык дене түзүлүшү калыптана баштайт. Үч айда бала сүлпөтү түптөлүп, ал кыймылга кирет. Так ушул үч айлык өнүгүү учуру ата-энеден чоң жоопкерчиликти, өтө кылдат мамилени талап кылат. Бирок биздин элибизде буга эч кандай маани берилбейт. Жарык дүйнөгө келе жаткан перзенттин тагдыры үчүн толкунданып кам көрүү сезими болочок ата-энелерде инстинкттик деңгээлден көп эле өйдө көтөрүлбөй жатканын моюнга алуу керек. Бул түркөйлүк абалдан элди чыгаруу үчүн баланы тарбиялоону ал жарык дүйнөгө келгенден кийин эмес, энесинин боюна түйүлдүк бүтө электен мурда баштоо зарылдыгын ар бир болочок ата-

энеге жеткирүү ылазим. Демек эл арасында максатка ылайык бир багыттагы туруктуу үгүт-насыят жүргүзүү аркылуу калкты педагогикалык жактан агартуу ишин жолго коюу зарыл. Бул зарылдыкка эл башкарган жакшыларды (айылдын атка минеринен тартып президентке чейинки) ынандыруу элибиздин бүгүнкү коомдук өнүгүсүнүн өктөм талабы болуп калды. Элдин акыл потенциалын, маданий деңгээлин жогорулатабыз деген чакырык курулай ооз көптүргөн сөз болуп калбасын үчүн улуттун генофондун түзүү керек. Дүйнөнүн өсүп-өнгөн жогорку цивилизациялуу элдерине теңелгибиз келсе, жумурай журтту педагогикалык илимдин минимумуна эгедер кылуу бирден бир зарыл иш. Алсак, перзент күткөн жубай, айрыкча жүктүү аялы, боюндагы түйүлдүк эненин каны аркылуу азыктанаарын жакшы билип, тамактануунун гигиенасын дайыма туура сактоосу ылазим. Андай абалдагы аял заты ичимдик ичип, чылым чегүү быякта турсун, өтө туздуу же ачыган-чүчүгөн (тамактануу технологиясына жооп бербеген) азык-оокаттан оолак болуусу зарыл. Курсактагы бала үчүн да атайын кешик жеш керек деген түшүнүк ачарчылыкта эле анча-мынча пайда берип калбаса, жөнөкөй учурда перзентке кылган душмандык жана кара ниеттик.

Ошондой эле, жүктүү аял эс алуу, уктоо гигиенасын да толук сактоого милдеттүү. Болочок эне жашаган үй-бүлөдө психологиялык климат жагымдуу болууга тийиш. Анткени, боюнда бар аялдын оң же терс психикалык санаа тартуусунун түрдүү формалары түйүлдүктүн туура өнүгүүсүнө бөгөт болот. Кыргыздын элдик педагогикасы бул жагдайды дайыма эске алган. Боюнда бар келинди эч качан үйдө жалгыз калтырган эмес. Ал чочуп же сезгенип калса курсактагы балага доо кетээрин эл билген. Ата-бабаларыбыз үй-бүлөлүк мамилелердеги пакизалыкты, жогорку маданияттуулукту талап кылып, перзентти ыйык туткан. Биз элибиздин ушундай баалуу каада-салтын унуттук. Ал эми азыркы цивилизациянын туу чокусуна көтөрүлгөн жапон, америкаң, немис, англис, француз өңдүү элдер өз ата салтын өркүндөтүп олтуруп гана бүгүнкүдөй экономикалык, илимий жана маданий деңгээлге көтөрүлүштү. Булардын ар бири өз улутунун генофондун түздү. Үй-бүлөгө, перзентке карата болгон ыйык мамилени биз эми ошолордон үйрөнсөк болот.

Бул элдерде болочок жубайлар баш кошоордон бир нече ай мурда нике каттоо бөлүмдөрү аркылуу медициналык кароодон өтүп, ден соолугу ар тараптан текшерилет. Атайын даярдалган адис психолог, педагогдордун кеңеши боюнча тийиштүү илимий, популярдык булактарды окуп өздөштүрүп, жубайлардын

ынак мамилесинин жана перзентти тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык негизин үйрөнүшөт.

Алар перзенттүү болууну каалашса экөө тең узакка созулган медициналык изилдөөдөн өтүшөт. Дарыгер уруксат берсе гана аял төрөй алат. Бул элдерде аш казаны, жүрөгү же башка органдары быякта турсун, тиши оорукчан аял төрөөгө укуксуз. Цивилизация жагынан өркүндөп, өнүп өскөн элдердин генофонду, генотиби ушундай жол менен түзүлгөн. Бул маселени өйдө жакта аталган элдер чуулгандуу саясаты жок эле илимий негизде эбак чечип коюшкан.

Биздин ата-бабаларыбыз дале өз тукумунун келечегин акыл калчап, терең ойлонуп илимий негизде чечишкендиктерине элдик педагогиканын эстеликтери эң сонун далил. Канды тазартып, урукту жакшыртуу максатында Манасты тажик кызына үйлөп жатпайбы. Эмне Манаска мунасип кыргыз кызы табылбас беле? Табылмак. Бирок Семетей төрөлөт беле же жокпу, бул табышмак. Биздин кечөөкү эле ата, чоң-аталарыбыз өз үйүрүнө бээсинин кулунун айгыр салган эмес, аны бөлөк жактан алып келген. Тукумду жакшыртуу үчүн бир кандуулуктан арылуу зарыл экендигине элдин акылы жеткен. Куда-сөөк тандоодо текти сүрүштүргөн ата-бабаларыбыздын даанышмандыгын түшүнүүгө акыл дараметибиз жетпей, аларды караңгы адамдар болгон деп дөөрүп жүргөнүбүз төгүнбү?

Элибиздин күндөлүк тиричилик турмуштагы баштан кечирген тажрыйбаларга акыл токтотуп, терең пикир жүгүртүү менен шумдуктуудай так, илимий негизде чыгарган ой кортундулары таң калаарлык. Эненин боюндагы түйүлдүк үч айда бала сүлпөтүнө кирээри жөнүндөгү илимий маалымат менен өйдө жакта кабарлар болгонбуз. Ошол жаңыдан уюшулуп жаткан тулку бойдун жакшы жетилүүсүнө каршылык көрсөткөн тоскоолдуктар менен күрөшүү үчүн өзүнө керектүү азык-заттарды перзент өз энесинин организминен алат. Ошого байланыштуу боюнда бар аял тийиштүү витамини бар тамакты күсөп калат. Муну кыргыздар талгак дешет.

Перзенттин тени таза, чыйрак, тетик төрөлүүсү үчүн эненин талгагын кандыруу өтө зарыл экендигин интеллектуалдык потенциалы балант кыргыз эли байыртадан эле туура түшүнгөн. Буга «Манас» эпосундагы төмөнкү саптар толук далил боло алат:

«...Манас бойго бүткөнү
Бир нече айга жетиптир.

Байбиче болсо бул күндө
Бал, шекерге карабайт,
Башка тамак жарабайт,

Жесем дейт жолборс жүрөгүн,
Мындан башка самабайт»...

Жолборстун жүрөгүн өтө кыйынчылыктар менен таап келери менен эле Чыйырды байбиче энебиз шашылыш түрдө;

Чала-була бышырып,
Жанга бербей жалмады.
«Сонун экен бу да, — деп, —
Сорпосун ичем мына» — деп,
Эки аяктай сорпосун
Калтырбай ичип алганы
Байбиченин талгагы
Магдырап, канып калганы».
(Манас, 1-китеп, Фрунзе—1958, 21—22-беттер).

Перзенттин ден соолугу жөнүндө күйүп бышып кам көрүп, бары жокту жасаган эл эненин талгагын кандырууга бөгөт боло турган тоскоолдукка эч качан жол берген эмес. Талгак аял күсөп калса чочконун эти да алал деген ишеним эл арасында толук сиңип кеткен. Бул онтогенездин бойдо жетилүү учурунун өтө жоопкердүүлүгүн эл толук аңдап түшүнгөндүгүнүн далили.

Талгактын магдырап канышы бөлөчөк инсандын тагдырында өтө маанилүү экендигин азыркы билимдүү, илимдүү жаштарыбыз көп таназар албай коюп жатышкандыктарын эмне деп түшүнсөк болот. Бул карандай эле түркөйлүк эмеспи?! Ооба!..

Кыргыз санжырасындагы элди уруу-урууга бөлгөнү, айрыкча кудасөөк күтүүдө аны дайыма этибарга алганы келечек урпактардын канын тазартуу үчүн көрүлгөн улуттун камы экендигин азыркы илимий ачылыштар тастыктап жатпайбы!

Кутмандуу элибиз, ата-бабабыз өз башынан кечирип, акыл калчап чыгарган алгылыктуу ой кортундуларын иликтеп, талдап, ой жүгүртүп баалап, пайдалуу жактарын турмушубузда колдонуунун ордуна, аларды бүт жерип, бөтөн элдерди ээрчип, тексиз, нарксыз, келечексиз болуп кеткен экенбиз. Шүгүрчүлүк келтирели, эми болсо да, кичине ой жүгүртө баштаганыбызга, кечиксек да ата-бабаларыбыздын арбактарынан кечирим сурап, акыл токтотуп ойлонуп бабалардын нускалуу иштеринин учугун улоого киришүүгө тийишпиз.

Инсандын өсүп жетилүүсүндөгү биологиялык жана социалдык булактардан кайсынысы чечүүчү роль ойноорун аныктоодогу көз караштардын кайчылаш, оош-кыйыштары атам заманынан бери эле нары сүр, бери сүр болуп келе жатат. Кылымдарды карыткан айыгышкан мындай күрөштө өтө эле чектен чыккан эки көз караш пайда болгон эле. Аларга азыраак болсо да сарасеп салып көрөлү. Биогенетикалык көз караш боюнча инсандын өсүп жетилүүсүндө чечүүчү ролду табийгат ойнойт.

Мындай көз караштын башаты байыркы коомго барып такалат. Байыркы грек ойчулдары Платон менен Аристотель адамдын коомдогу авалын табийгат алдын ала белгилеп коёт деген ойго толук ынанышкан Аристотелдин пикири боюнча кээ бирөөлөр жарык дүйнөгө башка бирөөлөргө көз каранды болуп кыңк этпей кызмат өтөөгө келсе, айрымдар башка адамдарга буйрук берип, аларды башкарууга жаралат. Кул ээлөөчүлөрдүн балдары күч эмгегине көп эле жарай бербей турган, назик төрөлөт, ошондуктан алардан окумуштуу, ойчул, мамлекет башчыларын тарбиялоо керек, ал эми кулдун балдары болсо мескоол, чымыр, акыл эмгегине анча шыгы жок төрөлөт, аларды түп түз эле күч эмгегине даярдоо керек деп, Аристотель үстөмдүк кылуучу таптын эмгекчи элди эзүүсү табигый мыйзам ченемдүүлүк экендигине элди ынандырууга умтулган.

XVI—XVII кылымдарда пайда болгон философиядагы преформизмдин өкүлдөрү биогенетикалык көз караштын окуусун андан ары өркүндөтүп: бала менен чоң кишинин айырмасы сан (көлөм) жагынан гана болот, ал эми сапат жагынан аларда эч кандай айырма жок, башкача айтканда, бала кичинекей киши, анда чоң адамдын бүт эле сапаттары бар, баланын чүгү өтө эле кичине болгондуктан андагы сапаттар байкалбайт. Баланын денеси (бою) өскөн сайын андагы сапаттар да чоңоюп байкала баштайт, демек, өнүгүү жараянында эч кандай сапаттык өзгөрүү болбойт деп тыянак чыгарат.

Баланын дене жана рухий жактан жетилүүсү, тукумкуучулук мыйзамы боюнча, табийгат берген сапаттарга ылайык болот, — деп эсептеп америкалык белгилүү окумуштуу ойчул, педагог Эдуард Торундайк (1874—1949) — адамдын психикалык сапаттары деле «көз, тиш, манжалар» сыяктуу даяр, калыптанган бойдон берилет. Тарбиянын таасири менен баланын кандай адам болуп чоңоюшу, анын табийгат кандай жаратканына жараша болот деген тыянакка келип, инсандын калыптануусундагы тарбиянын ролун жокко чыгарууга аракеттенет.

Дагы бир америкалык көрүнүктүү окумуштуу педагог Джон Дьюи (1859—1952): ар бир баладагы табийгат берген шык менен жөндөм тарбиянын тийгизген таасирисиз эле өсүп өнүгө берет деген ой корутундуга келген. Бул багыттагы педагогдор тарбиянын инсандагы психикалык касиеттерди жаратуучу күчүн тан алышпайт. Так ушул көз караштын негизинде «расизм назарияты» өнүккөн. Анын өкүлдөрү бүткүл экватериалдык, монголоиддик расалардын, ал эми европоиддик расалардын болсо айрым гана антропологиялык топторунун биологиялык жана психикалык жактан толук баалуулугуна күмөн санашат. Буржуазиялык юрисприденция кылмышкерликтин негизги себептерин да биологиялык факторлордон издейт. Алар-

дын оюнча ак сөөктөрдүн кылмышкерлиги-кокустуктун натыйжасы, ал эми карапайым элдин арасынан чыккан кылмышкерлик — мыйзам ченемдүүлүк, ата мурас деп каралат. Чындыгында инсандын жетилүүсүндөгү мурасчылыктын ролу өтө чоң. Бирок адам биологиялык гана жаныбар эмес, ал социалдык да жаныбар болуп эсептелет. Ошондуктан инсандын өнүгүүсүнүн бир гана булагы бар — ал мурасчылык деген тыянак өтө эле бир жактуу, илимий жактан чабал.

Ал эми социогенетикалык көз караш болсо инсандын жетилүүсүндөгү ички мийзам ченемдүүлүктү, андагы тукум куучулуктун, табийгаттын ролун толугу менен танат, чечүүчү ролду социалдык чөйрөгө ыйгарат. Адам жашаган шарттардын бүт комплексин чөйрө деп эсептеп, алар инсандын жетилүүсүн жаныбарлардын биологиялык чөйрөгө ылайыкташуусу сыяктуу жөнөкөй эле социалдык чөйрөнүн шартына акырындап көнүү, үйрөнүү деп карашат. Аль-Фараби, Ибн Сина сыяктуу эле Джон Локк да бул маселени чечүүдө: адамды табийгат боорукер кылып да, мыкачы кылып да жаратпайт. Жаңы төрөлгөн баланын башы эч нерсе жазыла элек тактай сыяктуу таза, ага айлана чөйрөнүн жана трбиянына таасири менен бул же тигил сапат жазылат деп өтө эле бир жактуу тыянак чыгарат.

Бул көз карашты XVIII кылымдагы Француз окумуштуу—материалисттери (Гельвеций, Дидро) андан ары өркүндөтүшүп: «Адам — айлана чөйрөнүн шарайыты менен тарбиянын гана продуктусу» — деген чечимге келишкен. Гельвеций андан да аша чаап: «Тарбия менен барып жасоого болот!» — деген. Бирок Дидро инсандын калыптануусундагы табийгаттын ролун толук танып жибере албай: бардык эле адамдан Рафаэлди тарбиялап чыгаруу мүмкүн эмес деген чечкиндүү ой айткан. Чындыгында адам айлана чөйрөдөгү шарайытка баш ийип эле олтуруп калбастан аны өзүнүн турмуштук талабына жараша өзгөртүүгө активдүү киришет, мунун натыйжасында адам өзүнүн табиятын да өзгөртүп жиберет. Француз социалист — утописттери, материалист — философтору адамдын көз карашы, мүнөзү, адеби социалдык чөйрө менен тарбиянын таасирине ылайык калыптанат, социалдык чөйрө кандай болсо, адам ошондой болот. Жакшы коомдун адамдарында ак пейилдүү айкөлдүк өркүндөсө, жаман коомдун адамдары кара ниет, кесепеттүү болушат. Чөйрөнү, коомду жакшыртуу үчүн адегенде тарбиянын таасири менен адамдарды оңдоо керек деген пикирге келишкен. Булар табиятты түшүнүүдө материалист болушканы менен коомдук кубулуштарды идеалисттерче баалашкан. Адам өзгөрүлгөн чөйрөнүн жана ага ылайыкташтырылган тарбиянын продуктусу экендигин таң алган материалисттер — деп ой жүгүрткөн К. Маркс — чөйрөнү адамдар

гана өзгөртө аларын, тарбиячынын өзү тарбияланган болууга тийиш экендигин эстеринен чыгарып коюшкан (15).

Орустун революциячыл демократтары (Белинский, Чернышевский, Добролюбов, Герцен) жана алардын устаты Радишев бул маселени бир топ ыраатту чечишкен. Акыл жагынан же тилүүдө адам табийгатка эч кандай көз каранды эмес деп Гельвеций канчалык жан талашпасын, тарбиянын таасиринен алуу менен табийгаттын күчүн таптакыр танып жибере албайсыз деген ойду Радишев айткан.

Бала төрөлгөндө анда эч кандай даяр сапат болбойт деген бүтүмгө келет Белинский, бирок ал алибетте, таза тактай эмес, табийгат балдарга окутуп тарбиялоонун таасири менен өсүп жетилип, чындыкка айлана турган мүмкүнчүлүктөрдү кошо берет.

Баланын психикасынын өнүгүүсү жөнүндөгү маселени чечүүдө биздин педагогика азыркы илимдин жетишкендиктерине таянат. Инсандын өнүгүүсүндөгү тукумкуучулуктун ролун илим танбайт, анткени адам барыдан мурда жандуу организм. Жандуу организм катары ал мурасчылдыкка таасирленет, бирок ал таасир адамдын келечегин аныктоочу тагдырдын жазмышы эмес. Жашоонун айлана чөйрөсүндөгү шарайытка карай мурасчылдыктын өзү да өзгөрүүгө дуушар болуп турарын эстен чыгарып коюуга болбойт.

Адам сырткы табийгый чөйрөгө таасир тийгизип аны өзгөртүп, ошону менен кошо ал өз табиятын да өзгөртүп жиберет. Эмгек аркылуу табийгат менен карым-катнаш мамиле жасоо жараянында адам ар тараптан жетилип, аң-сезими өсүп, акылы оожалат. Бат өнүгүп, ар тараптан тез жетилүү балалык куракка мүнөздүү. Бул жерде өнүгүү деген сөз эки маани берет. Клеткалардын кошулуусу менен дененин чоңоюшун бойдун өсүүсү дейбиз. Мында сапаттык өзгөрүү жок, сан жагынан (көкөмдүк) өсүү. Ал эми психикалык касиеттердин калыптанып жетилүүсү сапаттык өнүгүү болуп эсептелет.

Педагогика илими инсандын жетилүүсүндө айлана чөйрөнү да, мурасчылдыкты да маанилүү деп эсептейт, бирок максатка ылайык жүргүзүлгөн тарбия — бул жагдайда чечүүчү роль ойной турган эң күчтүү фактор. Табият берген шык, жөндөмдүн өнүгүүсү үчүн белгилүү шарттагы чөйрө жана баланын өзүнүн активдүүлүгүн камсыз кылган тарбия зарыл. Башкача айтканда табият берген шык, жөндөм (мурасчылдык) баланын өнүгүүсүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүгүнүн негизин гана түзөт. Ал мүмкүнчүлүк чындыкка айланбастан кала бериши да ыктымал. Алты саны аман төрөлгөн ар кандай эле бала сүйлөөгө жөндөмдүү, бирок кайсы тилде сүйлөшү айлана чөйрөгө жана тарбияга жараша болот. Ал эми белгилүү курак-

ка (5—6 жашка) чейин бала сүйлөө чөйрөсүнөн оолак чоңойсо, анын көмөкөйү катып калат, ал эч качан сүйлөбөй (сүйлөй албай) калат. Бир жагынан табийгаттын бары жокту эсепке алган камдуулугунун натыйжасында, экинчи жагынан өзүн коргоо инстинктинин күчү менен жаңы төрөлгөн балага сууда сүзө билүү жөндөмү кошо берилет. Демек баланы төрөлөрү менен сууга салса ал сүзөт, чабак ата алат. Эгерде бала төрөлгөн учурда мындай чөйрө түзүлүп, ага ылайык тарбия берилбесе анын сууда сүзө билүүгө болгон мүмкүнчүлүгү чындыкка айланбай кала берет. Адамдагы музыкага, математикага, поэзияга ж. б. ларга болгон жөмдөмдүүлүктөрдүн тагдыры деле ушундай. Табийгат ушунчалык калыс, ушунчалык жоомарт экен, ар бир эле бала шумдуктуудай керемет, анын сырын сыйкырдуу тарбиячы гана ача алат. Тарбиячынын сыйкыры — анын педагогикалык — психологиялык сабатуулугу.

Андай тарбиячысыз керемет шумдукка айланбай кала берет. Баладагы шык, жөндөмгө ылайык чөйрө түзүлүп, тийиштүү тарбия болбосо табыйгат берген жөндөм же биротоло өнүкпөй, же жетишээрлик деңгээлде өспөй кала берерин илимий сынамыктар бир нече жолу өтө эле ынанарлык деңгээлде далилдеди.

Советтик көрүнүктүү окумуштуулар А. Р. Лурия, В. Н. Колбановскийлер бир тукум клетка түйүлдүгүнөн бөлүнүп төрөлгөн эгиз балдарга жүргүзгөн илимий сынамык иштери инсандын өнүгүүсүндөгү тарбиянын ролу чечүүчү экендигин толук тастыктады. Мындай эгиздер биологиялык окшош, кошмок организмдер, алардагы мурасчылдык да бип бирдей. Окумуштуулар бул эгиздерди табигый негизи бирдей эки жарыш катар топко ажыратып бөлүп, ал топтордо окутуу, тарбия иштерин эки түрдүүчө усулдар менен уюштуруп өткөрүп, ал балдардан өз алдынча акыл ишмердүүлүктөрдү талап кыла турган эки башка мүнөздөгү көнүгүүлөрдү аткартуу аркылуу эгиздердеги өсүп жетилүүнүн эки деңгээлин камсыз кылышкан. Мында балдар өзүнчө аткарган акыл иштери өтө чоң роль ойногон.

Азыркы психологиялык — педагогикалык илимдердин жаңы концепциялары өнүгүү жараянынын негизги кыймылдаткыч күчтөрү деп, персенттин турмуштук талабы менен ал талапты канааттандырууга болгон анын мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы карама-каршылыктарды, бөбөктөгү жаңы жаралуу-ларды жана опурталдуу (кризистик) абалдарды эсептейт.

Баланын муктаждыгы, зарылдыгы, кызыгуусу, каалоосу, башкача айтканда, талабы менен мүмкүнчүлүгүнүн (кудуретинин) ортосундагы карама-каршылык анын инсандык өнүгүүсүнүн негизги кыймылдаткыч күчү. Айталы, 7—8 айлык бө-

бөк олтурат. Анын колуна оюнчук карматтык. Ал аны кармалап, ургулап, сыйпалап, оозуна салышка далалаттанып өзүндөгү кандайдыр бир талаптарды канааттандырат. Бир оокумда оюнчукту колунан алыска түшүрүп жиберди. Аны кайра алууга бөбөк умтулуп активдүү аракет жасайт. Мына баланын талабы менен мүмкүнчүлүгүнүн ортосундагы карама-каршылык пайда болду. Бул анын өнүгүүсүндөгү негизги кыймылдаткыч күч. Муну түшүнбөгөн эне (тарбиячы) бул карама-каршылыкты, балага оюнчуктушып алып бере коюу менен, автоматтык түрдө жоёт. Бир, эки жолу карама-каршылыктын мындай жол менен жоюлушу баладагы активдүү аракетти кан буугандай токтотуп коёт. Натыйжада балада терс мүнөз түптөлөт. Мындай кырдаал кайталанган сайын бала оюнчукту алууга аракет жасоонун ордуна жан кыйнабай эле ыйлап, кыңкыстап аны алып берүүнү улуулардан талап кылат. Бул көрүнүштүн тез-тез кайталанышы баланын мүнөзүнүн физиологиялык механизми-динамикалык стреотипти калыптандырат. Демек ата-эненин сокур сүйүүсү, опсуз баласактыгы бөбөктүн өнүгүүсүнө түрткү берүүчү кыймылдаткыч күчтү, карама- каршылыкты, автоматтык түрдө жоюу менен, аны активдүү кыймыл аракеттен ажыратат, анын туура өнүгүүсүнө бөгөт болот. Мындай ата-энелер баланы тарбиянын объектиси катары гана эсептешет. Баланы ата-энелер гана эмес мындай ишке атайын даярдалган адис мугалимдер да таалим, тарбиянын объектиси катарында гана карашат. Бала өнүгүүнүн субъектиси да экендигине алардын баамы толук жетпейт. Мектептик турмуштан бир көрүнүш. Бала үч күн сабак калтырып андан кийин окууга келди. Сабак өтүп жаткан мугалим аны кийин мага учура деди. Мында да карама-каршылык пайда болду. Бала ойго түштү. Анын жообу карама-каршылыктын чечилүүсүн мүнөздөйт. Бирок бул жерде мугалим окуучуну өнүгүүнүн объектиси гана катары эсептесе, бул окуя терс натыйжа берет. Анткени бала өзүн коргоо максатында түрдүү куулук-шумдукту ойлоп таап, ошол абалдан оңой чыгуунун жолун издейт. Мугалим ырайымсыз мамиле кылса, окуучу андан оңой кутулуу үчүн жалган айтууга аракеттенет. Мындай окуянын кайталанышы окуучудагы динамикалык стреотипти калыптандырат. Ал акырындык менен жалган айтууга көнөт.

Жаңы жаралуу—баланын курактык калыптануусундагы мийзам ченемдүү сапаттык өзгөрүү. Бул кубулуш да өнүгүүнүн негизги кыймылдаткыч күчү. Алсак, бала үч айлык болгондо өзүнүн жакындарын көргөндө аларга эмоционалдык абалда кайрылат, сүйүнүп, каткырып, булкунуп кыйкырып умтулат, ал эми 5—6 айлык бала жөрмөлөй баштайт. 10—11 айлык бала тамтуңдап басат, балдырап айрым сөздөрдү так айтып сүйлөй

баштайт. Мындай жана ушуларга окшогон толуп жаткан жаңы жаралуулар алдардагы өз алдынчалыкты, өзүнө болгон ишенүүнү жана активдүүлүктү күч алдырат.

Опурталдуу (кризистик) абал баланын өнүгүүсүндөгү анчалык байкалбай өтүүчү куректык өзгөчөлүктөрдүн мүнөздүк көрүнүштөрү. Бул дагы инсандын өнүгүүсүндөгү кыймылдаткыч күч.

Л. С. Выгодский инсандын өнүгүүсүндөгү туруктуу жана спурталдуу (кризистик) абалдын курактарын төмөндөгүдөй мүнөздөйт. Жаңы төрөлгөн бала эки айлык болгончо кооптуу, андан кийин бир жашка чейин туруктуу мүнөздөө өнүгөт. Ал бир жашар болгондо кооптуу мүнөзгө өтөт. Андан кийин 3, 7, 13, 17 жашка толгон учурларда гана кооптуу мүнөздө өнүгөт, калган учурларда өнүгүү туруктуу мүнөздө өтөт. Кооптуу мүнөздөгү курактарда балдар өнүгүүнүн улам жаңы баскычына көтөрүлөт. Ал эми жаңы баскычтын ар биринде өнүгүүнүн ички жана сырткы карама-каршылыктары оожалат, демек, таалим-тарбия татаалдашат. Мындай учурда түрдүү чыр-чатактын алдын алуу максатка ылайык, Кооптуу мүнөздөгү курактар тымызын алмашаарын эстен чыгарууга болбойт.

Ошентип, жаңы төрөлгөн баланын балакатка жетүү жолунда анын физиологиялык жана психикалык жактан өнүгүүсүн камсыз кыла турган түрдүү кыймылдаткыч күчтөр жөнүндө азыноолак кабардар болдук. Ар бир тарбиячы, мугалим жана ата-эне булар жөнүндө жакшы билүүсү ылазим.

Элибиздин өткөнүнө жакшылап саресеп салсак ата-бабаларыбыз бул жагдайларды дайыма эске алгандыктарын көрөбүз Биз сөз кылган өнүгүүнүн кооптуу мезгилдеринде бабаларыбыз балдарды өтө этияттап, суук көздөн оолак кармоого аракеттенишкендиктерин эпостордон, жомоктордон, болмуштардан көп кезиктиребиз, Бирок, өтө эле караңгы, түркөйлүгүбүздөн биз мындай көрүнүштөрдү «ырымчылдык» деп дөөрүп жүрөбүз.

Өнүгүү — оюнда, окууда жана эмгектенүүдө жемиштүү ишке ашат. Оюн балдардын активдүү ишмердүүлүгүн өтө жаш кезинен камсыз кылат, аларды жашоо турмушка амалияттык жактан даярдайт. Перзенттин инсан болуп жетилүүсүндөгү оюндун мааниси баа жеткис, жандуу организмдин оюнга болгон табигый талабы күчтүү. Баланы оюнга эч ким зордобойт. Ал өз каалоосу менен ойнойт. Оюндун дагы бир өзгөчөлүгү ал куректык мезгилге да катуу баш ийбейт. Көп учурда 4—5, 7—8, 10—11 жашар балдар чогуу ойной беришет. Ар түрдүү куректагы балдардын минтип чогуу ойношу, ойноо жараянындагы түрдүү маалыматтардын алмашуусун, социалдык тажрыйба-

нын муундан муунга өтүүсүндөгү ырааттуулукту камсыз кылат. Көп жаңылыктарды, объективдүү дүйнөнүн мийзам-ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү түрдүү түшүнүктөрдү алар бири-биринен угуп, улам тактап алардын дүйнөгө болгон көз караштары калыптанып, түрдүү инсандык касиеттери түптөлөт. Балдардын оюнун сырттан бирөө келип уюштуруп, баарын мажбурлап ойнотпойт. Ар бир оюндун акылга тете эрежеси болот. Балдардын курактык мезгилине ылайык оюн өзү өзгөрүүлөргө дуушар болуп турат.

Бөбөк оюнчукту кармалап, сыйпалап, мыжыгып ойнойт. Чоңон баштаганда акырындык менен предметтик оюнга өтөт, башкача айтканда, оюнчуктун атын атап ойнойт. Алсак, куурчакты аллейим, оюнчукту мышыгым же машинам ж. б. деп атай баштайт.

Андан ары өнүгүү жараянында бала ошол оюнчуктарга предметтик мазмун бере баштайт. Куурчакты эмизет, эркелетет, аллейлейт, уктатат. Мышыкты мыёлоп чакырып, тамак берип ойнойт. Чоңоё баштаганда бала оюнчуктун мазмунуна карап роль аткарып ойнойт. Мисалы, куурчактын апасы болуп ага жомок айтып берет, оокат даярдайт, машинени айдоочу болуп башкарат ж. б.

Анан жогорку этапта бала толук ролдук оюндарды ойной баштайт. Алсак, дүкөнчү, дарыгер, мугалим же үй-бүлөдө эр, аял, конок ээси же мейман же той ээси ж. б.

Ролдук оюндар өзүнүн өнүгүү этаптарында инсандын түрдүү касиеттерин калыптандыруу өзгөчөлүгүнө карата бир нече топко бөлүнөт.

К ы й м ы л д у у о ю н д а р: ордо, ак чөлмөк, төө басты, ит тартыш, жоолук таштамай, чикилдек, топ чапмай ж. б. Бул оюндар инсандын ден соолугун чыңдап, шамдагайлыкка, чапчаңдыкка, чыдамкайлыкка көнүктүрүп, анын моторикасын түптөйт.

А к ы л о ю н д а р ы: ашык утушуу, тогуз коргол, чатраш, табышмак, апыртма ж. б. Ашык утушууда төрт амалды оозеки аткаруу ркылуу оюнчунун математикалык ой жүгүртүүсү өнүгөт. Мисалы, чүкөнү эсептөөдө бирдин үчү (беш), бирдин үчү бир ((алты), бирдин үчү эки (жети), экинчи үчү (он), үчтүн үчү (он беш) деген сандарды пайдаланат.

Ал эми элибиздин эң байыркы оюндарынын бири болгон тогуз корголду алсак, ал жалпак жыгач бетиндеги же тегиз жердеги 18 уя, ар бир уяда тогуздан коргол (же таш) жана утуп алынган корголдор үчүн чоңураак эки уядан турат.

Оюн төмөндөгүдөй жүрөт: Эки оюнчу корголдорду уяларга ирет менен айланта жайгаштырат. Утулган корголдорду ар бир оюнчу өзүнө тиешелүү чоң уяга топтойт. Оюнда ар бир оюн-

чунун эркинин туруктуулугу, көшөргөн тырышчаактыгы, ошону менен бирге чоң акыл күчү талап кылынат. Оюндун жүрүшүндө айыгыштар арифметикалык төрт амалды тең пайдаланып өзүнүн жүрүшүн жана атаандашынын оюн чагылгандай тез таап алууга тийиш. Ар бир оюнчу жүрүшүнөн жаңылбай атаандашынын коргоолду көп жыйнашына өбөлгө түзүүгө милдеттүү. Мында кимиси аналитикалык акылга бай келип жүрүштүн даанышмандык ыкмаларын жакшы билсе, ошол утат. Бул оюн жөнүндө төмөндөгүдөй табышмак бар: «Эки атасы, 18 энеси бар, 162 баласы бар». Бул эмне? Тогуз корголду ата-бабаларыбыз байыртадан эле ойноп келгендигин «Манас» эпосундагы:

...Жалпак жыгач чаптырып,
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз,
Үй чыгарып коюшуп,
Оюн менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргол ойгону,
Ордо, тогуз коргол деп
Жаш Манас кылып койгону...
Тогуздан коргол салганы,

Бу Манастан калганы» — деген саптар толук далилдейт. Демек элибиз, ата-бабаларыбыаз байыртадан эле маданияттуу эс алууга чоң маани беришкен. Ошону менен бирге эл оюндун инсанды акыл жактан өнүктүрүүдөгү ролун туура түшүнгөн. Алсак тогуз коргол балдардагы математикалык ой жүгүртүүнү өркүндөтүп, аналитикалык акылды түптөгөн, элдин интеллтуалдык потенциалын бийик көтөргөн. Мындан да таталыраак оюн чатраш. Бул оюн жөнүндө элдик фольклордо:

«Мени—мени, мени бр,
Отуз эки саны бар.
Аны тапкан адамдын
Акылында кени бар» — деп айтылат. Бул оюндарды байыркы доордогу ата-бабаларыбыз ойношконун далилдеген төмөнкү саптарды «Манас» эпосунан жолуктурабыз.

«Сыр аякка бал салып,
Чатраш ойноп даң салып,
Туу байталды сойдуруп

Бул оюндун эл арасында кеңири таралгандыгы, аны ар кандай салтанаттарда кары жашы бары чогуу ойноп, маданияттуу эс алгандыгы, оюндун эрежелери эпосто ийне жибине чейин баяндалат. Азыркы шахмат оюну кыргыздын чатыраш оюунун өркүндөгөн көрүнүшү.

Табышмак оюнуна да үй-бүлөдө чоң кичине, кары жаш бүт активдүү катышкан. Негизги максаты балдардагы ой чабыттарын өөрчүтүү. Үй-бүлөдөн башталган табышмак чоң аш-тойлордо, маараке-майрамдарда чогулган калың элдин арасында төкмө акындар бири-бирине табияттын, коомдун жашоо жана өнүгүүсүндөгү мийзам ченемдүүлүктөрдү, купуя сырларды, инсандагы оң, терс сапаттардын калыптануу себептерин табышмак — суроо катары берип, анын акылга тете жообун ыр менен куюлуштуруп айтуу өзүнчө бир жанрга айланган.

Мисалы Шекер кыз менен Жеңижоктун айтышынан бир учурду алып көрөлү.

Шекер кыз суроо менен ырдап Жеңижокко кайрылат:

Үйүнөн өлүк чыкпаган
Ааламда бүтүн бар бекен?
Куу ылаачын теппеген,
Култуюп жерге түшпөгөн
Кууда бүтүн бар бекен?

Өгү бар, жалы жок
Экөө чыкты, ким экен?
Желмаяндай жүгүрүп
Желип чыккан ким экен?

Айыш менен Бүбүшкө
Ырчы өткөн ким экен?
Айбанаттын баарына
Сынчы өткөн ким экен?

**Жеңижок:**

Үйүнөн өлүк чыкпаган
Ааламда бүтүн бир кудай.
Куу ылаачын теппеген,
Култуюп жерге түшпөгөн
Кууда бүтүн куркулдай.

Өгү бар, жалы жок,
Экөө чыкты дегениң
Кош өгүз бакыр эмеспи!
Желмаяндай жүгүрүп
Желип чыкты дегениң
Төө бакыр эмеспи.

Айыш менен Бүбүшкө
Ырчы өткөн Токторбай
Айбанаттын баарына
Сынчы өткөн Толубай»,— деп жооп берет (9, 90—93).

Мындай айтыштар элдин эстетикалык табитин өркүндөтүп, объективдүү дүйнөнү таанып билүүнүн эң сонун жемиштүү сабагына айланган, илимий популярдык публикалык лекциянын милдетин аткарган. Тил (речти) өстүрүү оюндары: айбанатты тууроо оюндары, жаңылмач айтуу, макал-лакаптар айтып жеңишүү, айрым тыбыштарды (р, ч, ш, з, ж жана башкалар) так айта албаган балдарды туура айтууга көнүктүрүү үчүн атайын түзүлгөн уйкаш сөздөр же ыр саптары ж. б.

Үй айбандарын, жаныбарларды, куштарды туурап ойноо менен баланы айрым тыбыштарды так айтуу ыгына ээ кылуу элдик тарбиянын салтына айланып калган. Ошондой эле жаңылмач айтуу баланын речин өстүрүүдө, оюн тактоодо, речь менен ойдун байланышын аңдап түшүнүүдө өтө чоң роль ойнойт. Макал-лакаптар өзүнчө эле элдин акыл оюнунун каймагы эмеспи. Жеңишүү үчүн бала макалдарды көп билүүгө умтулат. Элдик макалдарды көп билген баланын эс-акылы гана өспөстөн, адеп-ахлагы кошо калыптанат. Ал эми айрым тыбыштарды так айта албаган балдарды ал тыбыштарды туура айтууга көнүктүрө турган мааниси, мазмуну жагынан өтө кызыктуу сөз уйкаштарын, ыр саптарын эл эбак эле ойлоп чыккан. Андай көнүгүүлөрдүн өзүнчө системасы пайда болгон. Инсандын өркүндөгөндүгүнүн ажыралгыс касиети катары эл андагы өркүндөгөн речти эсептеген. Демек, оюндар балдардагы табигый шык, таланттарды өстүрүп, чыгармачылык жөндөмдү өркүндөтөт, объективдүү дүйнөнү таанып билүүсү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп, ой чабыттарын ооҗалдырат, жалпы түшүнүгүнүн кеңейишине өбөлгө түзүп, алардын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат. Аларды жүрүш-турушун ык, машыгууларына ээ кылып, адамдык касиеттерин түптөөдө да оюндар өтө чоң роль ойнойт.

Орус педагогикасынын атасы К. Д. Ушинский: Бир кыздын куурчагы кир жууп, кийим тигип, идиш-аяк жыйнаштырып, көйнөк үтүктөйт, башка бирөөнүкү диванда чалкалап конок күтөт, шашылып театрга же мейманчылыкка даярданат; үчүнчүсүнүкү бирөөлөрдү таяктап, дүйнө жыйнап, акча санайт. Кээ бир балдардын пряниктен жасалган адамдары кызматка көтөрүлүп, пара алып жаткандарын да көргөнбүз. Ушулардын баары эле оюн мезгили менен кошо, тытылган куурчактар, сындырылган пряниктер менен жок болуп кетет деп ойлоого болбойт деген тыянак чыгарган.

Ошентип, оюндар элдик тарбиянын эң негизги бөлүгү, Ата журтту эмгекти сүйүүгө жаш жеткинчектерди тарбиялоодо, алардагы эрдик, чечкиндүүлүк, акыл-эстүүлүк, адептүүлүк касиеттерди түптөөдө эл кеңири пайдалана турган таалим, тарбиянын күчтүү каражаты, элдик педагогиканын соолубас булагы.

Оюндар балдарды коомдун жашоосу үчүн эң зарыл болгон материалдык жана руханий байлыктарды өндүрүүчү эмгекке амалияттык жактан даярдайт.

Жаш жеткинчектердин акыл потенциясынын максатка ылайык өсүү деңгээлин камсыз кыла турган эмгектин эң маанилүү түрүнө окутуу кирет. Окутуу жараяныңдагы баланын таанып билүү ишмердиги анын психикалык жактан өнүгүүсүнө өтө чоң таасир тийгизет. Фактыларды, кубулуштарды, окуяларды аңдап, иликтеп ой жүгүртүп үйрөнүүдөн аларды талдап тыянак чыгарууга өтөт. Бул тыянак-сырткы дүйнөдөгү мийзам ченемдүүлүк. Алардын үстүнөн ой чабыттарын өөрчүткөн окуучунун чыгармачылык жөндөмү оожалат. Андай бала өз алдынча билимин өркүндөтүп, өздөштүргөн билимин турмушта пайдалана билүү ыгына ээ болот.

Активдүү иш-аракетиндеги организм гана тынымсыз өркүндөп өнүгө алат, — деп жазат чыгаан окумуштуу психолог С. Л. Рубинштейн, — чоң кишилер эмгектенүү менен өнүксө, балдар — окуп, тарбиялануу менен жетилишет. Баланын психикалык өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгү мына ушундай.

Окутуу бир жагынан баладагы психикалык касиеттердин өнүгүүсүнө таасир тийгизсе, экинчи жагынан ал баланын өсүп жеткен деңгээлине таянат. Окуучу тапшырманы өз алдынча аткара алса бул анын акылы белгилүү деңгээлде өскөндүгүн көрсөтөт. Ага ушундай эле тапшырмаларды үстөкө-босток аткартуу менен биз ал баланын таанып билүү жөндөмүнүн өнүгүүсүн камсыз кыла албайбыз. Анткени мындай учурда окутуу баланын акылынын өсүп жеткен деңгээлинде көнүктүрүүгө айланып калат.

Эгерде окуучу берилген тапшырманы өз алдынча аткаруу үчүн бүгүн мугалимдин жардамына муктаж болуп, эртең аны эч кимдин жардамысыз өзү иштеп кете алса бул анын акылынын толук жетиле баштагандыгын мүнөздөйт. Л. С. Выготский муну «өнүгүп өсүүнүн жакынкы зонасы» — деп атап, окутууда так ушуга ыктоо зарыл экендигин баса көрсөтөт. Ошондо гана окутуу балдардын акылынын өсүүсүнө түрткү берет, өнүгүүнү ээрчитип жүрүп олтурат, ансыз окутуу баланын өсүп жеткен деңгээлин бекемдөөчү жараянга айланып калат. «Өнүгүүнүн алдына түшүп, аны ээрчитип жүргөн окутуу гана жакшы окутуу боло алат» деп жазат Выготский (6).

Буржуазиялык психологдордун көрүнүктүү агымы-бихевиористтердин өкүлдөрү: «окутуу дегенибиз өнүгүү, өнүгүү дегенибиз — окутуу» — деп экөөнү бир эле кубулуш катары эсептешет. Биз мындай ойго макул болбойбуз. Анткени ар кандай эле билим акылдын өнүгүүсүн камсыз кылбайт. Окутуунун табияттын күндөлүк тиричилик турмушунда жана эмпирикалык таж-

рыйбасында аңдап туура түшүнүп, анын үстүнөн акыл калчап ой жүгүрткөн эл сырткы дүйнөнүн мийзам ченемдүүлүктөрүн таанып билүүгө бала өзү ынтаасы менен активдүү киришпесе окутуунун натыйжасы эч качан көңүлдөгүдөй болбой калаарын баамдап: «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» — деп нукура илимий педагогикалык тыянак чыгарган. Демек, окутууда деле баланын психикалык өнүгүүсүн өсүүсүн кыймылдатуучу негизги күч, оюндагыдай эле, карама-каршылык. Бирок бул карама-каршылык окутуу жараянынын өзгөчөлүгүнө мүнөздүү болот. Аны мугалимдер өз эрки менен эле пайда кыла бере албайт. Мугалимдин каалоосу менен түзүлгөн карама-каршылык окуучунун акылын өстүрүү функциясын талаптагыдай аткара койбойт. Бул карама-каршылык окутуунун жүрүш жараянында анын логикасынан клип чыгат. Окутуунун табиятын туура түшүнгөн мугалим окуу материалын окуучуларына сырткы дүйнөнүн мийзам ченемдүүлүктөрүн таанып биле турган маселе катары сунуш кылат. Окуучу түшүнүп кабыл алган маселе анын оюн чабыттатып, коюлган суроого жооп издөнүүгө мажбурлайт. Ошентип, окутуу бир жагынан алдына коюлган таанып билүү маселесин чечүүгө окуучуну даярдоо, экинчи жагынан маселе чечүүдө окуучулар жеткен деңгээлден бийиигирээк деңгээлдеги жаңы дүйнө таануу маселелерин улам татаалдаштырып коюп олтуруу. Ошондо окутуу. Л. С. Выготский айткандай, окуучулардын акыл жагынан өнүгүүсүн алдына түшүп алып аны артынан ээрчитип жүрөт. Демек, баланын психикасынын өнүгүүсүндө оюндун да, окутуунун да, эмгектин да ролу өтө чоң.

Окуу, тарбия ишин максатка ылайык ийгиликтүү жүргүзүү үчүн анын мазмунун, уюштуруу формаларын жана усулдарын балдардын курак жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтыруу керек. Балдардын, жалпы эле жаш муундардын, курак жаш өзгөчөлүктөрүн психология илиминин өзгөчө тармагы болгон курак жаш психологиясы илими изилдейт. Балдардын психикалык өнүгүүсүн жетектөөчү негизги ишмердүүлүктөргө таянып айрым психологдор жаш курактык үч топту белгилешет.

Мектепке чейинки жаш куракта жетектөөчү ишмердүүлүк — оюн. Бул куракка 6—7 жашка чейинки балдар кирет.

Мектеп жаш курагындагы жетектөөчү ишмердүүлүк —окуу. Бул куракка 6—7 жаштан 16—17 жашка чейинкилер кирет.

Улан, кыздар жаш курагынын жетектөөчү ишмердүүлүгү — өндүрүмдүү эмгек. Буга бойго жеткен улан, кыздар кирет. Мектепке чейинкилер өзүнүн жаш өзгөчөлүгүнө карай, төрөлгөндөн үч айлык болгонго чейин ымыркай курак, үч айдан алты айга чейинкилер бөбөк курагы, алты айдан бир жашка чейинки жөрмөлөп, тамтуң баскан бешик үйүнө чейинки курак,

1ден 3 жашка чейин бешик үйү курагы, үчтөн алты, жети жашка чейинкилер балдар бакчасы курагы болуп бөлүнөт.

Мектеп жашындагылар кенже, өспүрүм, жеткинчек курактары болуп бөлүнөт.

Эмгек курагындагылар бойго жеткен курак, орто жаш жана улгайгандар болуп бөлүнөт.

Жогоруда бөлүнгөн ар бир жаш курактардын өзгөчөлүгү таалим, тарбия жараянында толук эспке алынуусу ылазим.

Айрым окумуштуу психологдор балдардын курак жаш мезгилдерин аныктоодо алардын психикалык өнүгүүсүндөгү жаңы жаралууларды жана өнүгүүдөгү опурталдуу (кризистик) абалды негиз кылып да жүрүшөт. Бул маселени чечүүдөгү түрдүү мамилелердин өзгөчөлүгү өтө эле принципиалдуу мазмундук өзгөрүүлөргө дуушар кылган учур али дайын боло элек.

Тема боюнча түйүндүү маселелердин өздөштүрүлүүсүн көзөмөлдөөчү соболдор жана окурмандардын өз алдынча иштөө багыттары.

1. Өнүгүү жараянынын маңыз маанисин аныкта. Инсандын өнүгүүсүнүн негизги булактары жана факторлору кайсылар? Алардын арасында кандай байланыш бар?

2. Инсандын психикалык жактан өнүгүүсүн алдыга жылдыруучу кыймылдаткыч күчтөр кайсылар? Алардын ар бирине мүнөздөмө бер. Бул жагдайда элдик педагогиканын тажрыйбасынан эмне билесиң? Өзүң мисал келтире аласыңбы?

3. Инсандын өнүгүүсү жөнүндөгү кандай көз караштарды байкадың? Биогенетикалык жана социогенетикалык көз караштардын маңыз маанисин аныктап бер. Алардын кайсынысынын пикирине кошулаар элең?

4. Бойго бүткөн түйүлдүктүн эненин курсагында өнүгүүсү жөнүндө эмне билесиң? Канды, тукумду тазалоо боюнча кыргыздын элдик педагогикасындагы пикирлерди айтып бер. Улуттун генефонду дегенде эмнени түшүнөсүң? Ал кандай жол менен түзүлүшү ылазим

5. Инсандын өнүгүүсүндөгү оюндун ролун айгинелеп айтып бер Оюндун түрлөрүнө талдоо жүргүз. Оюндун инсандык касиеттерди түптөөдөгү ролун айгинеле. Муундан муунга социалдык тажрыйбаны өткөрүүдөгү оюндун маанисин баяндап бер.

6. Окутуу жараянынын балдардын акылын өстүрүүчү мүнөзүн аныкта. Өнүгүүнү ээрчитип жүрүүчү окутуунун психологиялык негизин баянда.

Балдардын курак жаш мезгилдерин аныктоодо жетекчиликке алынган факторлорду аныкта. Тарбиянын курак жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталышын баянда.

**Реферат жазуу үчүн болжолдуу темалар.**

1. Өнүгүү жөнүндө жалпы түшүнүк. Инсандын психикалык жактан өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү.

2. Өнүгүүнүн негизги булактары жөнүндөгү биогенетикалык жана социогенетикалык окуулардын жаңы мааниси.

3. Инсандны психикалк өнүгүүсүн кыймылдатуучу күчтөр жөнүндө баянда.

4. Кыргыз элинин генефондун түзүүнү кантип илимий негизде өркүндөтсө болот?

5. Оюн-жаштарды эмгекке жана турмушка даярдоонун негизги каражаты.

6. Окутуунун инсандагы интеллектуалдык потенцианы жогорулатуучу мүмкүндүгүн айгинеле.

**Реферат жазууда пайдалануу үчүн сунуш кылынган булактар.**


1. В. А. Сухомлинский. Родительская педагогика. том III. М. 1981, 395—420 беттер.

2. Б. П. Никитин. Первые уроки естественного воспитания, или Детство без болезней. Лен. издат. 1990, 6—8 -беттер, 168—186-беттер.

3. Мурас, Фрунзе, 1990.

4. Януш Корчак. Как любить ребенка. М. 1990, 306—398-беттер.

5. Жеңижок. Фрунзе, 1982.

6. Кыргыздар. Бишкек, 1991.

## ҮЧҮНЧҮ БАП

## ТАРБИЯНЫН МАКСАТЫ

### Темадагы түйүндүү ойлор.

Тарбиянын максаты жөнүндө түшүнүк. Элдик тарбиянын максаты. Буржуазиялык коомдогу тарбиянын максатына карата пикирлер. Өркүндөгөн инсанды калыптандыруудагы акыл, эмгек, адептүүлүк, эстетикалык жана дене тарбиянын биримдиги. Ошондой эле политехникалык билим берүүнү жана окутууну өндүрүмдүү эмгек менен айкалыштыруунун инсанды жетилдирүүдөгү ролу жөнүндөгү ойлор.

**Темадагы бейтааныш педагогикалык туюнтмаларга кыскача таржымал жана терминдердин котормосу.**

Категория — гр. ой, пикир, түшүнүк.

Афоризм — гр. учкул сөз, санат сөз.

Иороглиф — гр. диний, сыйкырдуу жазуу, кандайдыр бир түшүнүк берүүчү фигуралуу белги, иороглифтик жазуу белгиси. Мис: кытай жазуусу.

Пергамент — гр. өзгөчө ык менен иштетилген мал териси. Аны барабанга пайдаланган, тамеки калта жасаган, кагаз ордуна жазуу үчүн пайдаланган.

Ренессанс — фр. кайра төрөлүү, кайра жаралуу доору. Италияда XVI к. батыш Европанын башка өлкөлөрүндө XV к. жана XVI к. кылымда ишке ашкан коомдук-саясий, маданий кыймыл.

Фитонциддер — гр. өсүмдүктөр бөлүп чыгаруучу, учуп жүрүүчү заттар. Алар оору таркатуучу бактерияларды кырып жоюуга жөндөмдүү. Муну Б. П. Токин деген орустун окумуштуусу ачкан.

Интеллект — лат. акыл, акыл-эс, эс.

Комплекстүү — лат. байланышта, бир бүтүндү түзгөн кубулуштардын же предметтердин биримдиги: жыйнакташкан, айкалышкан, жыйынды болгон.

Интенсивдүү — күчөгөн, тездетилген.

Алхимия — лат. орто кылымда жөнөкөй металлды «философиялык таш» деп аталган нерсенин жардамы менен алтынга айландыруу жолдорун издеген мистикалык илим.

# ТЕМАНЫН МАЗМУНУН ЧЕЧМЕЛӨӨЧҮ ОЙ ЧАБЫТТАРЫ.

Ар кандай эле коомдун, элдердин, эл ичиндеги топтун, уюмдун же таптын келечеги өсүп келе жаткан жеткинчектердин алган таалим, тарбиясына жараша болот. Ошондуктан коом, өлкө, ар бир эл, ар кандай эле өкмөт, түрдүү уюм же тап жаш муундарды окутуу жана тарбиялоо жөнүндө өзгөчө кам көрөт.

Адам коому өзү жыйнаган бай турмуштук тажрыйбасын, билим кенчин жана ишенимин, тиричилик үчүн зарыл материалды өндүрүү усулдарын улам жаш муундарга тарбия аркылуу гана бере алат. Жаштарды рухий жана дене жагынан жетилдирип, коомдук жүрүш-туруштун ыктарына аларды тарбия жараянында гана каныктырат. Тарбия жараянынын маңызмааниси так мына ушунда.

Адамдын ишмердүүлүгү өтө эле көп кырдуу болору жалпыга маалим. Анын көп кырдуу ишмердүүлүгүнүн бири — тарбия. Тарбия бул философиялык тил менен айтканда түбөлүктүү категория. Анткени, ал адам коому айбанат дүйнөсүнөн бөлүнгөн биринчи учурунан баштап эле аны коштоп келе жатат. Коом канча жашаса тарбия ошончо жашайт. Тарбия ишинен солак турган бир да пенде болбойт. Ар кандай эле пенде же тарбиялануучу, же тарбиячы катарында тарбиянын таасирине дуушар болот.

Адамдын бардык иши эле аң сезимдүү, демек, тарбия деле аң сезимдүү ишмердүүлүк. Мындай ишмердүүлүктүн негизги өзгөчөлүгү —белгилүү бир натыйжаны камсыз кыла турган максатка умтулгандык. Ар бир жеткинчектин келечекте кандай адам болору, ким болору, кандай коомдук же жекече кызыкчылыктарды көргөп, кантип жашаары так ушул тарбиянын максатына жараша болот. Тарбиянын максаты жалпы мүнөздө да, жекече мүнөздө да болот.

Бул жерде окурмандардын көңүлүн бур турган нерсе бардык элдердин педагогикалык маданиятынын проблемалары маңыз-мааниси жагынан бири-бири менен өтө тыгыз байланышта. Алсак, «Күч—бирдикте» — деген накыл сөз бардык элдерде эле афоризм катары айтылат. Ар бир адам эли менен бирдикте күрөшсө гана өз мүндөөсүнө жетет, элден ажыраган пенде максатын ишке ашыра албайт. Алсак, орустар: «Эл бирден түкүрсө, — деңиз», кыргыздар: «Көп түкүрсө көл болот», чубаштар: «Жалгыз түкүрсө кургап калат, көп түкүрсө көл болот», кытайлар: «Эл үйлөсө бороон болот, тепкилесе жер титирейт», африкалыктар: «Көп менен көлгө барсаң, сага крокодил кол сал-

байт», чубаштар: «Жалгыз өлсө эч ким келбейт, жүздөн бири өлсө — токсонтогузу келет», кыргыздар: «Жалгыз таруу ботко болбойт», Украиндер: «Жалгыз аары бал бербейт», азербайжандар: «Жалгыз кол менен түйүн түйө албайсың» ж. б. Мындан биз бардык улуттун карапайым калкы ынтымактуулукту, биримдикти көксөгөнүн көрөбүз, «Ырыс алды — ынтымак» деген бардык элдердин эле ой кортундусу. Демек элдик тарбиянын максаты дайыма жалпы мүнөзгө ээ. Анын максаты ар бир пендедеги чыныгы инсандык касиеттрди калыптандыруу.

Ошону менен бирге тарбиянын бир багытка умтулган жекече максаты да болуусу ыктымал. Мындай учурда тарбия коомдун, өлкөнүн, элдин жалпы кызыкчылыгын көздөбөстөн коомдогу айрым топтун, мекеменин, уюмдун б. а. кандайдыр бир тар чөйрөнүн мүдөөсүн ишке ашыруу үчүн жеткинчектеги белгилүү бир касиетти гана түптөөгө багытталат. Мындай тарбиянын натыйжасында ууру же такыба сопу адам, чабандес же желдет, атеист же динчил фанатик, чайкоочу же тынчы же спортсмен же у. с. жетилет. Кээде тарбиянын бир тармагына (акыл, дене тарбиясына, адеп же эмгек, же эстетикалык тарбияга) бөтөнчө көңүл бурулуп калуусу да ыктымал. Бул учурда да тарбиянын максаты бир жактуу, жекече мүнөзгө ээ болот.

Элдик тарбиянын жалпы максаты адамдагы белгилүү бир коомго мүнөздүү касиеттерди, типтүү сапаттарды, жосундуу жоруктарды калыптандыруу менен бирге ар бир пендедеги жөндөм, шык, таланттарды оожалдыруу.

Тарбиянын максаты даана, так, ачык аныкталып, аны жүзөгө ашыруу үчүн астейдил киришкен активдүү аракет болууга тийиш. Ансыз тарбия эч кандай натыйжа бербейт. Ачык максатты ишке ашыруу үчүн чындап киришкен аракет жок жерде тарбия деле жок десек болот. Анткени мындай учурда тарбиянын натыйжасы болбойт. Алсак, айрым үй-бүлөдө ата-энеси менен балдары тим эле чогуу жашай беришет. Андай ата-энелерге баары өзүнөн-өзү эле боло берчүдөй көрүнөт. Ошондуктан ал ата-энелерде эч кандай максат да, ал максатты турмушка ашырууга болгон умтулуу да жок. Мунун натыйжасында балдары начар чыгып калса алар эмне үчүн балдар жакшы чыгышпады деп таң калышат. Буга ар бирибиз эле күбө болуп жүрбөйбүзбү.

Тарбиянын максаттуулугуна элдик педагогикада бөтөнчө көңүл бөлүнгөн. «Жакшы ниет жарым ырыскы» деген эл макалы буга эң сонун күбө. Тарбиянын максатын ишке ашырууну эл өтө эрте баштап, «Баланы — жашынан» — деген тыянакка келген. Элдик педагогиканын залкар идеялары калайык калктын рухий дүйнөсүнүн мерчемдүү түйүнү экендигин акыл

калчап түшүнүп, ал идеяларды байытып коргоо үчүн кам көрбөсө, аларды тарбия жараянында чеберчилик менен пайдалана билбесе тарбия, таалимде эч кандай жугум болбой, жумурай журт баа жеткис кенчинен, дангыр жолунан ажырап калат. Ата-бабаларынын тарыхын, элинин өткөнүн унутуп, маданий мурастарын жериген калктын келечеги тайкы экенине эми гана баамыбыз жете баштады. Ал эми элдик тарбиянын тажрыйбасында буга өзгөчө маани берилген. Жусуп бабабыз элдин бул багыттагы идеясын көркөмдөп:

«Кары сөзүн айтылган капка сакта,
Кары сөзү алтын да сырын ачса»
«Тарбиячы адам тап, пейли кенен,
Уул-кызың дени сак өсөт экен.
Билим берип адилет тарбияла,
Эки дүйнө бактылуу болот анда.
Уулдарга үйрөткүн жакшы сапат,
Жакшы иштеп бакыт да, байлык табат» (7., 370) деп жазган. Бул келтирилген саптар өткөндөн таалим, сабак алып, тарбиянын бай тажрыйбасына элибиз дайыма өзгөчө ыклас менен назар салгандыгына эң сонун далил. Тарбиялоодогу өзүнүн тажрыйбасын кабылдап үйрөнүп, өзүнүн тарбиялык ишин жемиштүү кылууга умтулуу элдик педагогикада дайыма күн тартибинде турган. Ар бир эле ата-эненин көңүлүндө: «Эмне үчүн паланчанын балдары ишке дилгир, эмгекчил?», «Түкүнчөнүн кыздары уз, чебер, жарокер», «Эмне үчүн тигилердин балдары окууга зирек, өнөр үйрөнүүгө дилгир?», «Неге мунун балдары элпек кичи пейил?» — деген өңдүү суроолор дайыма турат. Бул ата-эненин өзүнө коюлган суроо гана эмес, өз балдарын өзгөлөрдөн кем калбай турган кылып тарбиялоого болгон умтулуу. Максатты жүзөгө ашыруудагы мындай аракет элди педагогикалык залкар идеяларга алып келген.

Элдин педагогикалык генийине чек жок. Буга таң калбаска эч кандай арга да, амал да жок. «Бешиктеги баланын Бек болорун ким билди?» Кандай залкар педагогикалык ой жүгүртүү. Бул өзүнчө эле бир педагогикалык чоң академиянын фундаменталдык илимий изилдөөсүнүн жемиштүү тыянагы өңдүү көрүнөт. Мында табияттын марттыгына таң калуу да (эл Атасы боло алгыдай жөндөмдү шыкты, талантты табият ар бир балага марттык менен бере алат деген ой да), бала табияттын шумдуктуу жаратканы, анын кереметин сыйкырчыдай билген тарбиячы гана ача алат дген ой да камтылган. Анткени баланын табияты купуя сырга толгон өтө татаал, кереметтүү жаратылыш экендигине элдин баамы эбак жеткен. Баланы тарбиялоону анын жан дүйнөсүнө үңүлүп кирип, терең иликтеп үйрөнүүдөн баштоо керек экендигине элдин көңүлү эбак эле бурулгандыгына

бул пикир эң сонун күбө. Элдин бул ою бөбөктөрдүн табияты нын өтө назик жактарын терең түшүнө билген дилгир психолог, ааламдын айкөл, мээрбан педагогу Януш Корчактын: «Бөбөк, сен айрымдарын гана эптеп окуп боолгоп түшүнө ала турган, ал эми анча мынчасын араң өчүрүп же үстүнөн чийип коюп гана өзүң каалагандай мазмунду жазып коё ала турган иероглифтерге тулку бою капталган пергамент» — деген илимий тыянактуу оюна өтө эле төп келип турат (24, 24).

Тарбиячы ажыратып окуп, боолгоп түшүнө албай калган купуя сырлар.—бул биздин (ата-эне, мугалим, тарбиячынын) көрүп баамдабай калган баладагы шык, жөндөм, талант. Себилген урук топураксыз жана азыксыз өнбөгөн сыяктуу эле тийиштүү шарайыт жаралып, керектүү тарбиялык кырдаал түзүлбөсө балдардагы ар кандай эле жөндөм өсүп-өнүкпөй калат. Натыйжада эл Атасы — бек болуп, өзүнүн жүрүш-турушу менен элге үлгү көрсөтүп, эл камын ойлогон нарк- нускалуу инсандын ордуна бир селсаяк, наадан өсүп жетилип калат. Демек инсандын өсүп жетилүүсүнө анын табиятына ылайык уюштурулган тарбиянын ролу өтө эле чоң десек болот. Ушундай эле жагдайда: «Эр жигитке 72 өнөр аздык кылат» деген макал баланын колунан көп иш келген инсан болуп жетилүүсүндөгү мүмкүнчүлүктөрүнүн чексиздигин да айгинелейт. Бул макалдын маанисине терең ой жүгүртсок баланын табияты купуя сырга толгон кереметтүү жаратылыш, тарбия, таалимди ага ылайык уюштура билсең гана ал сырлар ачылат, купуя сырларды сыйкырчы ачкан сыяктуу, баланы билими күчтүү, жөндөмдүү тарбиячы гана өркүндөгөн инсан кылып жетилдире алат, анын көп кырдуу жетилүүсүндө чек жок деген ойду түшүндүрөт.

Тарбиянын максаты жөнүндөгү маселени педагогика илими изилдейт. Тарбиянын максаты жана милдеттери жөнүндөгү маселелердин илимий негизде так жана даана аныкталышынын назарияттык да, амалияттык да мааниси өтө зор. Түпкү максатын айкын аңдап түшүнгөн тарбиячы кандай инсанды калыптандырарын даана баамдап, тарбиялык ишти өзүнүн табигый нугуна салууга умтулат. К. Маркс белгилеп көрсөткөндөй, максат деле мийзам өңдүү, адамдын иш аракеттеринин мүнөзүн айгинелеп, ыкмасына туура багыт берет. Максаттын түпкү натыйжасынын даана көрүнүп турганы тарбия ишинин жемиштүүлүгү үчүн өтө маанилүү экендигин баса белгилеп, К. Д. Ушинский: «Пайдубалын көтөрүп жатып кандай имарат курасың деген суроого жооп бере албаган архитектор жөнүндө эмне десе болот? Жүргүзүп жаткан тарбиялык ишинин түпкү максаты жөнүндө ачык айтып бере албаган педагог сөрөй жөнүндө деле ошону айтса болот... Наристенин периштедей аруу жан

дүйнөсүнө адегенде өтө жугумдуу таасирди тийгизүүсүнө баланы ишенип берип жаткандан кийин биз тарбиячыга: ниетиң кандай? ишиңдин натыйжасы эмне болот? кандай максатың бар? деген собол таштап, ага так жана чечкиндүү жооп берүүнү талап кылууга акылуубуз. деген ойду баса белгилеп көрсөтөт. (24).

Тарбиянын максаты айрым педагогдордун же жеке адамдардын субъективдүү каалоолоруна жараша болбостон, коомдуч материалдык турмуш шартына жана элдин социалдык абалына жараша болот. Тарбиянын максаты түбөлүккө өзгөрбөс, бирдей эле туруктуу да эмес. Аны коомдогу тарыхый шартка ылайык эл өзгөртүп турат. Коомдо үстөмдүк кылуучу тапты жактоочу ойчулдар, педагогдор аны бийликтегилердин кызыкчылыгын коргоого багыттайт. Тарбиянын таптык мүнөзү мына ушинтип аныкталат.

Кул ээлөөчүлүк жана феодалдык түзүлүштөрдүн доорундагы бийлөөчү таптар тарбияны жана анын максатын өз мүдөөлөрүнө ачык эле баш ийдирип алып, аны көз көрүнөө эле кулдар менен дыйкандарды эзүү үчүн пайдаланышкандыктары жөнүндө биринчи бапта учкай сөз болгон эле. Ал эми буржуазиялык коомдо иш таптакыр башкача мүнөзгө ээ болду. Феодализмге каршы айыгышкан күрөштө буржуазия элдердин бир туугандыгын, эркиндикти жана теңдикти даңазалап, тарбиянын максаты жалпы элдик мүнөздө болууга тийиш, ошондуктан ал максат жыргал турмушта сайрандап жашай турган инсанды түптөөгө багытталууга тийиш деген өңдүү ооз көптүрмө чакырыктарды көтөргөн. Алсак, буржуазиячыл немис педагогу В. Рейн (1847—1929) тарбиянын максаты өз элинин камын ойлоп жан талашып, алпурушуп эмгктенген, айкөл, ак ниет инсанды калыптандыруу болууга тийиш деп баса белгилеген. Ал эми буржуазиячыл педагогдордун айрымдары болсо тарбиянын социалдык максатынын зарылдыгы дале жок деген тыянакка келишкен. АКШнын ойчул—проргаммист педагогу Джон-Дьюинин ою боюнча адам тубаса адаттардын кулу, анын табиятын өзгөртүүгө болбойт. Тарбияга коомдук максат коюу алгачкы коомдогу адамдар сыйкырдуу кереметке ишенген сыяктуу эле көрүнүш. Тарбияны баланын инстинктик талаптарына жана кызыгууларына негиздөө зарыл деген пикирге келет. Бул пикирде жүйөлүү жактар да жок эмес.

Жан-Жак Руссонун бала жарык дүйнөгө өркүндөгөн табият менен келет деген идеясына таянып XIX-к. аягында XX к. башында «эркин тарбия» назарияты пайда болду. Бул окуунун таламдаштары тарбиялык иштин борборунда бала туруга тийиш, анын калыптануусуна сырттан кийлигишүүгө болбойт, тарбия баланын ички табигый жөндөмдөрүнүн өсүүсүнө өбөлгө

түзүп, ага толук эркиндик берүүсү ылазым деген пикирге келишкен. Андан ары алар тарбияда кандайдыр бир максаттын болушу зарыл эмес, ал эми балдарды түрдүү саясий идеялык иштерден мүмкүн болушунча обочо тутуу керек деген тыянак чыгарышкан.

Бир нече ондогон жылдар бою биздин тарбиябыздын максаты буржуазиялык тарбиянын максатынан түп-тамырынан бери айырмаланат. Аны Маркс, Энгельс, Ленин иштеп чыккан. Анын максаты балдарга коммунисттик тарбия берүү деп ооз көптүрүп жүрдүк. Коммунисттик тарбиянын максаты — коммунисттик коомду курууга активдүү катышуучу, анын ишине астедил берилген жаңы — ар тараптан жетилген адамды тарбиялоо. Ал эми ар тараптан жеткилең инсан—рухий жактан байлыкты, адеп—ыйман жагынан пакизалыкты, дене жагынан жетилгендикти өзүндө шайкеш айкалыштырган адам болууга тийиш эле. Мындай адамды социалисттик коомдо гана тарбиялоо мүмкүн, ошондуктан бул максатты бизде — СССРде жана социалисттик лагредин өлкөлөрүндө гана ишке ашырууга болот деген куру кыялга гипностонгондой ишенип, өзүбүздү өзүбүз көп жылдар бою алдап келдик. Чындыгына келгенде мындай сонун идеяны турмушка ашыруу үчүн биздин үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия берүү системабызда эч кандай реалдуу мүмкүнчүлүк жок эле. Барыдан мурда биздин тарбия баланын табиятынан да, күндөлүк турмуш чөйрөсүнөн да, коомдук түзүлүштүн бүгүнкү талабынан да толук бойдон ажырап калган болуучу. Анын үстүнө тарбия-таалимибиз инсанды ар тараптама жетилдирүү мындай турсун анын бир тарабын да алгылыктуу жетилдире алган эмес. Ал жөнөкөй эле мажирөө, бийлик өкүлдөрүнүн айтканын кыңк этпей аткара турган элпек кулду калыптандырууга гана ылайыкташкан болучу. Мындай адам жумуш аткарып жатканда колунун иши менен башынын ишин байланыштырууга да, өтөп жаткан кызматына чыгармачылык менен мамиле жасоого да жөндөмү жок бечара. Психологдордун айтуусуна караганда биздин мектепти бүтүргөн адамдардын 2—3%инде гана эмгекке карата чыгармачылык мамиле жасоо талапка ылайык өнүккөн.

Үй-бүлө, баланын бөбөктүк курагын жасалма узартып, анын ар тараптан жетилүүгө эң ыңгайлуу мезгилин өткөрүп жиберген. Үй-бүлөнүн оокат-тиричилигине кол кабыш кылууну билбей, турмуш менен көзү ачылбаган бала кийин чоңойгондо өзүн коргоого алсыз эле бир бечара болуп калары тажрыйбада эбак дайын.

Физиологдордун, врачтардын акыркы маалыматтарына караганда мурдагы СССРдин аймагында жашаган элдерде бүгүн күнү күндө 90—95% бала физиологиялык жактан толук жетил-

бестен чемендүү, кеселмен төрөлүп жатат. Андай балдар түрдүү түпөйүл дартка бат чалдыгышат. Ал балдардын денесин чыңдап, кыймылын тынымсыз камсыз кыла алсак гана аларды түрдүү илдеттен коргоп кала алмакпыз. Биздин тарбия-таалим системабыз буга жөндөмсүз. Шордуу балдарды партада кыймылсыз отуруунун өзү эле мойсоп түгөтөт. Ал эми жумасына 2 саат дене тарбиясы баланын организминин кыймылга болгон муктаждыгын 11%ке канааттандырат, же болбосо талаптагыдан 9 эсе аз. Натыйжада башталгыч классты аяктаган балдардын үчтөн экисинде келбет жок, 5—6 класстын окуучуларынын 80%нин нерви айныган, 14 жаштагы мектеп балдарынын үчтөн бири түрдүү илдетке чалдыккан, мектепти бүтүргөндөрдүн теңинен көбү начар көрөт. Биздин «коммунисттик тарбиябыздын» акыбети мына ушундай.

Бул жерде коммунисттик тарбия берүү идеясы туура эмес деген ой жок. Ал эң сонун идея! Бирок аны реалдуу чындыкка айландыруу үчүн бизде эч кандай шарт да, мүмкүнчүлүк да жок. Бул максат биздин келечектеги идеалы катары кала берүүгө тийиш.

Биздин тарбия-таалимибиздин бүгүнкү максаты башка элдердикиндей эле — чыныгы инсан тарбиялоо болууга тийиш. Ал инсандагы эң зарыл касиеттер-ыймандуулук, мээримдүүлүк, айкөлдүк. Ал ар тараптама жетиле албаса, эң жок дегенде, өз жөндөмүнө, шыгына ылайык өркүндөөсү зарыл. Биздин тарбия-таалимибиз ушуларга өбөлгө түзгүдөй болуусу ылазым.

Эмгекчи элдин мүдөөсүн көздөгөн көп ойчулдар инсанды ар тараптан жетилдирүү идясын Маркска чейин эле көтөрүшкөн. Байыркы коомдогу, орто кылымдагы жана андан кийинки ойчулдар бул жагдайда бир топ пикирлер айтышкан. Бирок ал пикирлердин көбү бир жактуу, чектелген ой жүгүртүүлөр болгон. Анткени алар адамды дене жагынан жетилдирүүнү күч эмгегинен биротоло ажыратышып карап, акылдын өсүүсүн бир гана рух, идея, кудай менен байланыштырышкан. Ал эми орто кылымдагы батыштын ойчулдарында болсо бул идея күн тартибинен таптакыр алынып ташталган. VIII—XIII кылымдардагы Жакынкы жана Орто Чыгыштагы, Орто Азиядагы окумуштуу-энциклопедиячыл ойчулдардын илимий эмгектеринде инсанды рухий жана дене жагынан шайкеш жетилдирүү идеясы көңүлдүн борборунда турган. Бул, алибетте, коом кайрадан жаратууга көрүлгөн даярдык эле.

Ренессанс (кайрадан жаралуу) доорунда гуманистер да (Т. Мор, Т. Компанелла ж. б.) бул идеяны тике колдоп кайра күн тартибине коюшкан. XVIII к. аягында XIX—к. башындагы социалист-утопистер (Р. Оуен, Ш. Фурье, С. Симон) аны андан ары өркүндөтүшкөн. Адамдын баары эле бирдей төрөлөт, алардын

ар бирин ар тараптан жетилдирүү үчүн бирдей өбөлгө түзүп, бирдй кам көрүүгө тийиш деген талапты, Чыгыштын окумуштуу-энциклопедиячылары сыяктуу эле, булар да ачык коюшкан.

Кийинчерээк, буржуазия бийликти толук колго алгандан кийин, өзүнүн мурдагы прогрессивдүү педагогикалык идеяларынан акырындык менен чегине баштайт. Бийликтин идеологдору адамдар жөндөмү жана акыл күчүнүн өсүүсү боюнча тең болуусу мүмкүн эмес, ошондуктан бирөө акыл эмгеги үчүн жаралса, экинчи бирөөнүн энчисине кара күч эмгеги таандык деген идеяны таркатышкан. Тарбиянын жалпы максаты инсанды ар тараптан жетилдирүү деп эл массасына жуукурланып коюп, алар иш жүзүндө капиталдын кыңк этпес нөөкөлөрүн калыптандыра беришкен. Жаштарга терең илимий билимди берүүнүн ордуна алардын башын ар түрдүү ишенимдер, ырымжырымдар менен тумандатышкан. Ушул жагдайда буржуазиялык мектепти Ленин төмөндөгүдөй таамай мүнөздөп: «Эски мектеп бардык жагынан билимдүү адам тарбиялап чыгарууну жана жалпысынан илимге үйрөтүүнү каалаймын деп айтчуу эле. Бул баштан аяк калп экендигин биз билебиз, анткени бүткүл коомдун өзү адамдардын таптарга, эксплуататорлорго жана эзилүүчүлөргө бөлүнүшүнө негизделген жана ошого сүйөнүп келген болуучу, эски мектептердин баарысы бүт бойдон таптык дух менен сугарылгандыктан буржуазиянын балдарына гана билим бергендиги табигый нерсе. Анын ар бир сөзү буржуазиянын таламдарына ылайыкталган эле: Бул мектептерде жумушчулар менен дыйкандардын жаш муундарына тарбия берүүдөн көрө көбүрөөк алардын мээсине ошол эле буржуазиянын таламдарына туура келе турган нерселерди куюшкан. Аларды тарбиялаганда, буржуазияга пайда бере ала тургандай, ошону менен бирге, буржуазиянын тынчын албай тургандай, анын бекер жатып ичүүсүнө тоскоолдук кылбай тургандай керектүү кызматчы кылып тарбиялашкан» — деп жазган (14—362). Тарбиянын максаты коомдук өндүрүштүн өсүү талаптарына жана коомдогу таптык мамилелердин мүнөзүнө жараша болорун көптөгөн социологиялык, педагогикалык изилдөөлөр илимий жактан ынынарлык далилдеди. Эмгектин коомдук бөлүнүшү коомдогу таптарды пайда кылары баарыбызга маалим. Ар кандай таптын эмгекке болгон мамилеси ар түрдүү мүнөзгө ээ экендигин да билебиз. Аристократтык катмар колундагы байлыкты жана бийликти пайдаланып күч эмгегинен толук оолактап өзүн биротоло рухий дүйнөгө багыштаган. Ошентип акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы карама-каршылык күчөгөндөн күчөп олтурган. Тарбиянын максаты ар бир доордогу тарыхый шартка жараша өзгөрө берген. Бул көрүнүштүн алгылыктуу

жагы да болгон, ага биротоло көз жуумп коюу калыстыкка жатпас эле. Адамды чүнчүткөн, өндүрүмдүүлүгү аз күч эмгегинен биротоло бошонгондор өздөрүн толугу менен илим, көркөм өнөр, гимнастика жана зергерчиликке арнашкан. Маркс айткандай, илим менен маданияттын дүркүрөп өсүүсүнө кул ээлөчүлүк система гана негиз боло алган. Көркөм өнөр менен маданияттын көп жанрларынын, физкультуранын башаты байыркы Греция болгонунун да жөнү бар. Ошондой эле инсанды рухий жана дене жагынан шайкеш жетилдирүү жөнүндөгү педагогикалык идеянын келип чыгышы да ошол доорго таандык.

Коомдук өндүрүшкө катышуу ар кандай эле пенденин ыйык милдети экендигин, билим берүүнү өндүрүмдүү эмгек менен айкалыштыруу инсанды ар тараптан жетилдирүүнүн гана каражаты эмес, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы негизги айырмачылыкты жоюунун да фактору экендигин илимий социологиялык изилдөөлөр аныктап, бул идеянын тууралыгын турмуш толук далилдеди. Уул, кыздарды жашынан коомдук улуу өндүрүшкө толук чечүүгө азыркы өндүрүштүн кыйшаюусуз умтулуусу, буржуазиялык коомдо өтө эле түрү суук болуп баратканына карабастан, прогрессивдүү жана мыйзам ченемдүү көрүнүш. Акылга тете уюшулган коомдо ар бир бала 9 жашынан өндүрүмдүү эмгекке катышуусу ылазым деген ойду баса белгилеп, Маркс, «балдардын иш убактысын жаш курагына ылайыктоону сунуш кылган». Биз тарбия дегенде үч нерсени түшүнөбүз: Биринчиден: акыл тарбиясы, экинчиден, дене тарбиясы, үчүнчүдөн техникалык окутуу ал, окутуу бардык өндүрүш жараяндарынын негизги принциптерин тааныштыруу менен балдарды жана жеткинчектерди бардык өндүрүштүн жөнөкөй куралдарын пайдалануу ыгына ээ кылат деп жазган (15).

Инсандын жетилүүсүндөгү адептүүлүктү жана моралдык принциптерди этибарга алып көптөгөн прогрессивдүү ойчулдар адилет коомду эмгекке жана мүлккө жаңыча мамиле кыла билген ымандуу адам, адабият менен көркөм өнөр дүйнөсүнө үңүлүп кирип өзүнүн жан дүйнөсүн байыткан адам гана кура алат деген тыянакка келишкен. Бул тыянак элдин мүдөөсүнө да төп келет. Элдин идеялына ылайык өркүндөгөн инсанды калыптандыруу үчүн тарбиянын төмөндөгүдөй түрлөрүн комплектүү ишке ашыруу талап кылынат. Алар: дене тарбия, акыл тарбия, адеп-ахлак трабия, эмгек тарбиясы, эстетикалык тарбия менен катар жаштарга политехникалык билим берүү.

Демек, элдик тарбиянын мүдөөсү өркүндөгөн инсан. Аны жетилдирүүчү тарбиянын бир тармагы — **дене тарбиясы.**

Дени соо, келбети келишкен алдуу, күчтүү адам жарык дүйнөдө жадырап- жайнап көңүлдүү жашайт, турмуш-тиричи-

гин күндөн-күнгө жакшыртууга умтулат, келечектен үмүтүн үзбөйт. Ал эми чемендүү, чабал адам түрдүү түпөйүл илдетке бат чалдыгат, көңүлү дайыма кир, турмушуна наразы, жашоого кайдыгер болуп калат.

Мектеп окуучусунун рухий дүйнөсүнүн байышы — акылынын ойлоосунун, көңүл буруусунун, эсте сактоосунун өсүүсү, окуудагы жана эмгектеги кыйынчылыктарды жеңүүгө болгон чыдамкайлык эрктүүлүгүнүн калыптанышы баланын ден-соолугуна толук көз каранды болот. Мектепте жана үйдө окуган учурда өтө эле жай ой жүгүрткөн балдар дээрлик ден-соолугу илең-салаң болгон оорулуулар. Бирок алар көпчүлүк учурда өздөрүнүн оорулуу абалын сезишпейт. Сабакта өтүлүп жаткан материалды өздөштүрүү үчүн ага толук дит коюп, акылын топтоп 10—15 минутадан ашык астейдил аракет жасоого андай окуучулардын дарамети жетпейт, бат эле, акырындап барып көзү бозоруп, ою чаржайыт тартып, акылын жыйнашка чамасы келбей шалдая түшөт. Ошондуктан окуучулардын ден соолугун чыңдап, алардын сабакты өздөштүрүүсүн жакшырткысы келген ата-энелер менен мугалимдер жамааты биринчи иши баланын тарбиятын үңүлө изилдеп үйрөнүүдөн баштоосу ылазым. Оорулуу балдардын организминдеги коргоо күчтөрүн чыңдоо үчүн алардын эс алуу, эмгектенүү, тамактануу режимин мектеп менен үй-бүлө бирдикте жөнгө салып, жаз, жай, күз мезгилдеринде ачык абада уктоосу үчүн шарт түзүү керек. Андай балдарга ооруну таркатуучу бактерияларды кырып жоюуга жөндөмдүү фитонциддерге бай, витаминдүү тамактарды (бал, сүт, май, жумуртка, эт, жашылча) көп берүү зарыл.

Бала ысык жан, анын мээси өтө эле назик. Окуп үйрөнүүнү үстөкө-босток ыкчамдатуудан мурда анын организминин туура өсүүсү үчүн жакшы шарт түзүп, анын ден-соолугу жөнүндө кам көрүү мугалимдер менен ата-эненин ыйык парзы.

Мектеп балдарынын дене жана акыл жагынан шайкеш өсүүсү үчүн тынымсыз кам көрүү керек. Өспүрүм курагындагы (өтөнчө 12—15 жашта) окуучу үй тапшырмасын аткаруу үчүн түрдүү материалды жаттап күнүгө 4—5 саат жабык бөлмөдө отурса, анын ден соолугу сөзсүз начарлайт, бүкүрөйүп, дене мүчөлөрү бузулуп, кебетеси келишип, кунары качып, көрүүсү начарлайт. Буга жол кою алибетте туура эмес. Кыз балдарга оор жүк көтөрүүгө, артыкча күчөнүүнү талап кылган жумуш аткарууга катуу тыю салуу керек. Мектептин айланасын, айылды, көчөнү «кычкылтектин фабрикасы» болгон көк-жашыл бак-даракка чүмкөп коюу—туура коюлган дене тарбиясынын негизги шарты.

Дайыма өз убагында тамактанып, гимнастикалык көнүгүүлөрдү тынымсыз жасап, сууда сүзүү өнөктөө айланса гана ба-

ланын ден соолугу чың болот. Мектеп жана үй-бүлөдөгү окуу, тарбия иштери баланын ден соолугун чындоо үчүн тынымсыз кам көрүүгө айланган учурда гана физкультура менен спорт өркүндөгөн инсанды жетилдирүүнүн негизги каражатына айланат.

Адептүү, акылдуу, чыныгы инсанды тарбиялагысы келген үй-бүлө жана мектеп биринчи баланын ден-соолугу жөнүндө кам көрүүгө тийиш. Туура уюшулган дене тарбиясы баланы төрөлөрү менен ага өз энесин эмизүүдөн башталат. Жарык дүйнөгө келери менен өз энесинин эки эмчегин тең какшыта ээмп, кара уузга тойгон чүрпөдө бир нече ондогон жугуштуу жана ата-бабадан тукум кууп өтүүчү ооруларга каршы иммунитет пайда болорун академик И. А. Аршавскийдин илимий лабороториясындагы көп жылдык изилдөө аныктаганына чейрек кылым болоюн деп калды (18, 168—186). Ушунчалык узак мезгилдин ичинде окумуштуунун балдарды төрөлөрү менен эмизүү системасына өтүү жөнүндөгү сунушу төрөт үйлөрүндө али толук ишке ашпай жатат. Мындай кайдыгерлик өз учурунда «советтик» деп атанган элге гана мүнөздүү болсо керек...

Мектеп балдарынын жазында, айрыкча жайында жана күзүндө жалаң аяк жүрүүсү ден соолукка өтө пайдалуу экенин В. А. Сухомлинский көп эскерет. Л. Толстой шиберде, шүүдүрүмдө, бак арасындагы жалгыз аяк жолдордо көбүнчө колоңдоп жалаңаяк жүрчү экен. Себостьян Кнейп деген врач өткөн кылымда эле: «жалаңаяк таштаган ар бир кадам—өмүрүңдүн минутага узарышы» — деп жазган экен.

Адептүүлүк — өркүндөгөн, чыныгы инсандын касиети. Адеп (морал, орусча — нрава) — адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы. Адептүүлүк адамдардын жүрүш-турушуна, карым катнаш мамилелерине жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк уятсыздык, айкөлдүк — караниеттик деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адептүүлүктүн нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага дин, илим, саясат, философия, юрисприденция өңдүү коомдук аң-сезимдер да өз таасирин тийгизет. Адептүүлүк нормаларды адамдардын кыйшаюсуз сактоосун көзөмөлгө алуучу эң күчтүү каражат коомдук пикир, элдин назары.

Бир нече жыл мурда оң жээктеги Украинанын бир кыштагында мындай окуя болуп өттү — деп жазат В. А. Сухомлинский. Жайдын ысык күндөрүндө күчкө толгон жаш жигит тосулган көлмөнүн боюнда балык тутуп отурат. Жанында сууга түшүп ойноп жаткан бала бир маалда чөгө баштап, жардам сурап кыйкырды, чыңырып ыйлады, чөгүп кетти. Баарын көрүп турган таш боор жигит солк этип кебелип да койгон жок. Айыл-

даштардын баары ал жигиттен жүзүн үйрүп ала качып, каршы келе жатса тескери бурулуп кетчү болушту. Уулу менен аялы да аны таштап үйүнөн чыгып кетишти. Элге жек көрүндү болуу эмне экенин, жалгыздыктын башка түшкөнү эмне экенин жигит ошондо түшүндү. Элге кайра кошулууга бети чыдабай өзү өлүп тынды (23).

Бул окуядан биз адамдын эл алдындагы жоопкерчилиги менен өзүнүн уятынын алдындагы жоопкерчилигинин биримдигин көрүп турабыз. Эл алдында жоопкерчилик сезбеген кишиде уят, намыз, ариет деген болбойт.

Адам өзүн, өзүнүн жүрүш- турушун, кылык-жоругун башка бирөөлөрдүн көзү менен көрүп баалоону үйрөнгөндө гана элдин пикирине маани бергидей болот, элдин назарын да, ата назарын да урматтап сыйлай ала турган болот. Андай адамда мени эл жаман дебесе экен деген ички талап пайда болот. Ыймандуулук мына ушундан башталат. «Элдин назары — Кудайдын назары» деген бекеринен накыл сөзгө айланган эмес. Эл— «Баланы жашынан» — деп, ал жамандык-жакшылыктын маанисин толук аңдап түшүнгөндөй боло электе эле аны адептик нормаларына үйрөтө баштайт. Баланын жан дүйнөсү эмоционалдык сезимге өтө күчтүү таасирлене турган мезгилде эле ата-эне жалпы инсанияттын адептүүлүгү жөнүндө түшүндүрүп, аларды ыймандуулуктун алиппесине үйрөтөт. Бул элибиздин жашоо турмушунун зарылдыгына айланып калган каада-салт. Анткени эл жалпы инсаниаттык адептүүлүктүн нормаларын оздөштүрүүнү балдарга моралдык маданияттын калыптануусунун эң биринчи жана эң негизги этабы деп караган. Ошону менен бирге бала жашынан адеп нормаларынын маңыз-маанисин аңдап терең түшүнсө ал түшүнүк анын ишенимине тез айланат. Мындай ишенимин реалдуу чындыкка айландыруу үчүн активдүү күрөшкөн адамдын ыйманы пакиза болот, андай адам жашынан эле эл камын ойлойт. Баланын жүрүш турушу анын элге кылган мамилесинин көрсөткүчү болуп эсептелет. Элдик педагогикада балдарга адеп сабагы алардын жалындуу жаш жүрөгүнө өтө катуу таасир тийгизе турган окуяларды, болмуштарды жомокторду айтып берүү аркылуу ишке ашкан. Жомок элдик педагогиканын эч качан көөнөрбөс жаркын эстелиги. К. Ушинский элдин педагогикалык генийине теңдеше турган эч нерсе жок деген ойду так ушул жомокторду элестетип туруп тамшана айтканы белгилүү.

Акыйкаттык, айкөлдүк, мээнеткечтик, чыдамдуулук, достук, адамгерчилик, мээримдүүлүк ар дайым жеңишке алып келген чоң эненин жомогу баланын жан-дүйнөсүн балкытып, сезимин ойготуп, акылын тактайт, ыйманын тазалайт. Чоң эне, чоң ата

(таяне, таята), эне, ата — табигый педагогдор, элдик педагогдор. Невересин койнуна алып жатып элдик жомокторду, болмуштарды, окуяларды көркөмдөп, элестүү кылып айтып берген таяне, чоң эне бул — чебер тарбиячы, устат педагог. Бала үчүн эң мээримдүү, эң жумшак, эң жылуу жай чоң эне менен таяненин койну, эң жемиштүү сабак— алардын насааты. Азыркы турмуш-шартыбыз көпчүлүк балдарды бул рахаттан ажыратып койду. Элдеги ыймандын азайышына мунун салакасы тийбей койгон жок. Айланасындагылар үчүн жагымсыз каалоолорун бала оздуктай билсе бул анын ыймандуулугунун башаты деп түшүнгөн эл жаш балага кайрылып: — сен эл ичинде жашайсың, сен өз каалооңду ишке ашыруу үчүн жасаган ар бир кадамың айлана-чөйрөдөгүлөр үчүн ыңгайсыз эмеспи? Алардын кыжырын келтирип жаткан жоксуңбу? Мунун үстүнөн акылдуу бала ойлонууга тийиш деп түшүндүрүшкөн. Ыймандуу инсан болуусу үчүн ата-энеси менен айлана-чөйрөсүндөгү элдин тынымсыз кам көрүп жатканын бала жаштайынан баамдап түшүнсө, чоңойгондо алардын ишеничин актоо үчүн жан талашып аракет жасоо анын ыйык милдети экендигин сезсе гана тарбия туура нукка түшкөн болот деп эсептеген эл.

Жашынан үй-тиричилигине аралашып кол кабыш кылган балада өндүрүмдүү эмгекке карата туура мамиле калыптанат. Андай бала жашоонун булагы эмгек экендигин, эмгексиз адамдын жашоосу мүмкүн эмес экендигин, эл үчүн керектүү товарды өндүрүүгө катышуу ар бир ак ниет адамдын ыйык парзы экендигин аңдап туура түшүнгөн бала ыймандуу инсан болот.

«Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» — деп, элдик педагогиканын салты боюнча ата-энелери аларды өтө эле жашынан эмгекке чегишкен. Бөбөктөрдүн үй-тиричилигине байланыштуу эмгегин уюштуруудагы негизги принцип балдар аткарган иштин натыйжасы адегенде ата-энесин кубандырып, төбөсүн көккө жеткизгидей болушу ылазым. Там-туң баскан баласын отуруп алып жумшап анча мынча иш аткарткан эненин, эки үч жашар баласы жумушка шашып бараткaнда бут кийимин же керектүү буюмун даярдап турган атанын төбөсү көккө жете сүйүнүшөт. Баланын андай жумуштарды аткарууда ар кандай эле кыйынчылыкты тырышып жеңүүсүнө түрткү берүүчү күч ата-энесинин кубанычы болууга тийиш. Улам бала чоңоюп, түрдүү жумушту аткара ала турган мүмкүнчүлүгү көбөйгөн сайын анын аткарган ишинин натыйжасы кубаныч алып келген чөйрө кеңейе берүүгө тийиш. Эмгектенген учурда адегенде ата-энеси, үй-бүлөсү, анан бара-бара айлана чөйрөдөгүлөр жөнүндө кам көргөн адам чыныгы ак ниет, айкөл, мээримдүү инсан болуп жетилет. Эмгек — адамды жараткан... деген Энгельстин оюн биз ушул мааниде түшүнүүгө тийиш элек.

Мындай эмгектин инсандагы мыкты касиеттерди жаратуучу күчү жөнүндө сөз болуп отурат. Эгерде бала 13—15 жашында өзү аткарган ишинин көзгө көрүнөрлүк натыйжасына көңүлү көтөрүлбөсө, өз эмгегинин натыйжасы жеткирген кубанычка рахаттанбаса андан эр жарытар кул чыкпайт дейт элдик педагогикада. Ал оoз көптүрө сүйлөп мактангандан башканы билбеген куу чирен болот. Эгерде бала өз үйүнүн айланасын, көчөнү, мектептин участкасын же талааны жашылдандырууга активдүү катышып, өз пешене тери менен көгөрткөн бак, даракты көрсө анда өз эмгегинин натыйжасына рахаттануу сезими пайда болот. Андан айлана-чөйрөдөгүлөр жөнүндө дайыма кам көргөн, боорукер, адамгерчиликтүү киши чыгат. Ал эч качан пендеге жамандык кылбайт, акыйкатсыздыкка, абийирсиздикке жол койбойт. Мектеп жана үй-бүлөдөгү тарбия ишинин амалиятында көп жылдар бою биз өйдө жакта айтылгандарга паамыбыз жетпей тарбияны куру саясатка, куру кыйкырыкка айландырып алдык. Пионер, комсомол уюмдары, ата-энелер жана мугалимдер коллективи окуучуларга кайрылып, силер интернационалист, патриот, төңкөрүшчүл, коллективист, гуманист, демократ, коммунист болууга тийишсиңер деп кыйкыра бердик. Ал эми балдардын көбү бул сөздөрдүн маңыз маанисине жете түшүнбөй аң-таң болсо, көбүнүн буга итиркейи келет эле. Биз эч нерсе байкабаган болуп кыйкырыгыбызды күчөтө бергенибиз, анын «акыбетин» эми көрүп жатабыз. Жаштарда ыйман жок, биз ыймандуу элек деп өзүбүздү жоошутабыз, башка айла табууга кудретибиз жетпесе, анан эмне демек элек. Бул айтылгандардан биз эми, кеч болсо да тыянак чыгарууга тийишпиз. Чыныгы инсанды тарбиялай турган киши тарбия чөйрөсүнө куруу саясатты аралаштырбастан жөнөкөй эле адамкерчиликтүү, боорукер пендени калыптандырууга умтулуусу керек. Бул жагдайда заманыбыздын залкар гуманист педагогу В. А. Сухомлинский: Мен тарбиялап жаткан жеткинчек кыштын ызгаарында буюккан чымчыкты терезеден көрүп, аны тоңуп өлүүдөн сактоого аракеттенсе, көгөрүп турган дарактын көчөтүн же гүлдү үзүп-жулкуп сындырбай же башка бирөөлөргө тебелептепсетпей аларды аспеттеп өстүрүү үчүн кам көрсө мен патриотту, гуманистти, демократты тарбиялаганым ошол, ал чоңойгондо бирөөгө эч кандай жамандык ойлобогон, адамдарды сортко бөлбөгөн, ыймандуу, адамкерчиликтүү инсан болуп жетилет. Ал эми мен тарбия берип жаткан өспүрүм жөрмөлөп жүргөн жандуу курт, кумурсканы былчырата тебелегенине ырахаттанса, көгөрүп турган көчөттү, гүлдү сындырып, уйпалап үзүп-жулкуп ойносо ал чоңойгондо эң биринчи, өзүнүн жакындарынын төбөсүнө жаңгак жанчып кумарлана турган мыкаачы болот.

— Жети жашар бала мектепке шашып жатат, — деп жазат В. А. Сухомлинский. Ботинканын боосу тез өтпөгөнүнө ачууланып, аны сууруп ыргытат, ага кыжырланат. Апасы жардамга келет. Ботинканын боосун көп кыйналбай эле өткөзүп жатканына ачуусу келип, бутун буйтаңдата ага тоскоол жасайт. Апасы да боону тез өткөзө албай кыйналып ачууланып, көзүнө жаш алганын көргөндө алиги бала бир топ сергий түшөт. Бул чоңойгондо бирөөлөргө жамандык издеген, кара ниет, аялы менен балдарына карата кызыл камчы, тираң адам болот» деп жазат В. А. Сухомлинский (23, 410). Боорукер, адамкерчиликтүү инсан тарбиянын негизги максаты болууга тийиш. «Боорукер адам улуу, залкар инсандан өйдө, бирок андан төмөн эмес» — деп жазган улуу Гете.

«Улуттун эң кымбат байлыгы — анын ыймандык, адептик сапаты» — деп жазат Н. Г. Чернышевский. Белгилүү тарыхый кырдаалда эскинин калдыгы, саркындысы деп бут кыргыз улутунун ажарын ача турган ата-бабалардан калган трыхый, маданий кенчибизди жеридик. Тилибизди, дилибизди кошо жерип, кудайды танаңарга албай, ага тооп кылбай, Ленинди, Сталинди, Хрушевди, Брежневди кудай көрүп динибизден ажырадык, аны менен кошо ыйманды, адепти жоготтук, элибиздин тарыхын жана маданиятын чагылдырган көркөм өнөрүбүздү, оймо чиймебизди, көл өнөрчүлүгүбүздү да жоготтук. Элибиздин өткөнү, тили, дини, дили жөнүндө кыпындай түшүнүк бербей туруп балдарыбызга октябряттар менен пионерлердин эреже жоболорун, комсомолдун уставын, коммунизмди куруучулардын моралдык кодексин жаттаттык. Бул жолду басып өткөн ар кандай эле эл катары төрөлгөн пендеде ыйман, адеп, улуктук сезим ойгонуусу мүмкүн эмес эле. Азыркыдай жаштардагы манкурттук кейп мийзам ченемдүү тыянак болууга тийиш. Бул көрүнүшкө педагогикалык арсеналдагы дөдөбай гана таң калуусу ыктымал.

А к ы л (интеллект) ТАРБИЯСЫ — өркүндөгөн инсанды жетилдирүүнүн негизги каражаты жана составдуу бөлүгү. Акыл тарбиясына окуучунун билимди өз алдынча өздөштүрүү усулун үйрөнүүсү жана илимий көз карашынын калыптануусу, анын таанып билүү жана чыгармачылык жөндөмүнүн өсүүсү, акыл эмгегинин маданиятына эгедер болуусу, активдүү акыл ишмердүүлүгүнө болгон талантынын жана кызыгуусунун жетилүүсү, билим дараметин тынымсыз өркүндөтүп, аны амалиятта кеңири пайдалана билүү ыгына ээ болуусу кирет. Акыл тарбиясы илимий билимдерди өздөштүрүү жана билим дараметин амалиятта пайдалана билүү жараянында ишке жемиштүү ашат, бирок акылды илимий билимдердин белгилүү көлөмү-

нүн жыйындысы катары кароо туура эмес. Акыл тарбиясынын каражаттарынын эң күчтүүсү — окутуу. Окутуу жараяныңдагы акыл тарбиясынын ийгилигин камсыз кыла турган негизги факторлорго төмөндөгүлөр кирет: мектептин бүтүндөй жашоо жана иштөө тармактарынын руханий байлыгы, мугалимдердин окунган мударистиги жана жан дүйнөлөрүнүн кеңдиги, тереңдиги, маданиятынын бийиктиги, окуу программаларынын мазмунунун маңыздуулугу, окутуу усулдарынын активдүү мүнөзү, үйдө жана сабакта окуучулардын эмгегин уюштура билүү чеберчилиги ж. б. у. с. Акыл тарбиясынын максаты баланын ой чабыттарын өстүрүү. Ал оюн, окуу, эмгектенүү жана түрдүү турмуштук кырдаалда ишке ашат. Окутуу жараянында акыл жемиштүү өсөт. Тамганы тааныбай туруп текстти окуй албаган сыяктуу, баладагы жандуу жана ийкемдүү ой чабыттарды камсыз кылып, анын акылын өнүктүрбөй туруп ага туура интелектуалдык тарбия берүү мүмкүн эмес. Акыл тарбиясы үй-бүлөдөн башталат. Эмгекчи эл баланы аягына тик туруп тамтуң баскан күнүнөн баштап эле ар түрдүү эмгекке аралаштырып, эмгек менен көз ачтырткан, анткени индивиддин рухий дүйнөсүнүн байлыгы ал өзү кабылып дуушар болгон мамилелеринин байлыгына жараша болоорун элдин акылы боолгоп билген. Ошондуктан эл баланы жашынан эле өндүрүмдүү эмгекке чеккен. Ошону менен бирге элдик педагогика баланы тарбиянын субъектиси катары караган, анын түрдүү жумушту аткарууга болгон демилгесин колдоп, ага чек койбостон кайра «Эр жигитке 72 өнөр аздык кылат» деп, баланын колун түрдүү усулга, уздукка, чеберчиликке багыттаган. Түрдүү эмгек операцияларын аткаруу жараянында миллиарддаган абалга келген адамдын чебер колу анын аң сезиминин тарбиячысы, акыл оюнун жаратуучусу экенин карапайым эл эбак түшүнгөн. Элдин ушул оюн андан ары өркүндөтүп В. А. Сухомлинский: «Баланын акылы анын манжаларынын учунда»— деген тыянакка келет (23, 382).

Өндүрүмдүү эмгекте өркүндөгөн адамдын чебер колу сыйкырдуу күч менен Рафаэлдин сүрөттөрүнө, Торвальдсендин статуяларына, Паганинин муыкасына жан киргизгенин Энгельс даңазалап жазган (15, 14).

Совет мектеби өтө эле интеллектуализмге ооп кетти, ошондуктан окуучуларды ар түрдүү күч эмгегине чегүү керек деген элге билим берүүнү башкарган көптөгөн педагогикалык жактан дөдөй чиновниктердин дөөрүгөн кеңештерин мектеп админист-

рациясы жана мугалимдер жамааты акыл калчап кыпындай ой жүгүртпөстөн ишке ашыра беришти. Окуучу бош жүрүп калбоосу керек деп аларды жүдөтүп, жадатуучу оор жумушка чегүү, алардан чыгармачылыкты талап кылбаган туш келди иштерди зордуктап аткартуу балдардын акылын бекерпоздуктан бешбетер мойсоп, жан дүйнөсүн жардылантып, ыйманын учурарына алардын паамы жетпеди.

Элдик тарбиянын салты боюнча балдар өтө эле жашынан ата-энелеринин тиричилигине кол кабыш кылып эмгектенүү жараянында турмушту, айлана чөйрөнү таанып билген. Балдардын ой чабыттарын андан ары өркүндөтүү максатында кечиндеси ата-энелер табышмак, жаңылмач, апыртма өңдүү элдик оозеки чыгармачылыкты пайдаланышкан. Мазмуну өтө эле кызыктуу, ал эми жандырмагын табуу өтө татаал болгон табышмактар балдардын ой жүгүртүүсүн активдештирип, логикалык ойлоосунун өнүгүүсүнө эң сонун өбөлгө түзгөн. Айрым табышмактардын жандырмагын изденип табуу үчүн акыл чөйрөсүндө машакаттануу бир нече күнгө, аптага созулган. Натыйжада баланын логикалык ой жүгүртүүсүндөгү ийкемдүүлүк, сындуулук калыптанып ой чабыттарынын чөйрөсү кеңейген. Чыгаан ойчул, залкар акындар (Калыгул, Арстанбек Токтогул, Жеңижок, Барпы ж. б.) ушундай эле элдик мектептин салты боюнча сабак алган инсандар болушкан. Азыркы мектепте элдик мектептин салтын сактап, өрнөгүн колдосок окутуу ишин өтө ийгиликтүү жана жемиштүү уюштурган болмокпуз. Анткени табышмактын жообун (жандырмагын) изденүүгө балдарды эч ким зордуктаган эмес. Алар өз кызыгуулары менен изденген. Ал эми туура жооп тапкан баланын кубанычын бүт үй-бүлө бөлүшкөн. Андай балдардагы элестүү көркөм ойлоо күндөн күнгө оожала берген. Анткени кызыктуу табышмак, жаңылмач, апыртма дайыма эмоцияга таянат. Карачы карапайым элдин педагогикалык генийинин залкарлыгын. Элдин педагогикалык генийи өзүнчө эле чексиз, чоң илимий лабораториядай. Көрсө илимий изилдөөчүлөрдүн тыянагына караганда мээнин сол жарымы логикалык ой жүгүртүүнү, ал эми оң жарымы көргөзмөлүү элестүү ой жүгүртүүнү башкарат экен. Ал эми балдарда, табияттын мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык, көргөзмөлүү — элестүү ой жүгүртүү жакшы өнүккөн болот. Муну боолгоп баамдаган эл балага сыйкырдуу жомок, болумуштарды эмоционалдуу айтып берүү аркылуу, кызык табышмактардын жандырмагын издентүү аркылуу, алардын мээсинин оң жарымын толук активдүү ишке чеккен. Мындай учурда мээнин сол жарымы өзү эле мээнин оң жарымы аткарып жаткан ишке киришип кетет. Баланын бүт мээси активдүү иш абалында болот. Мындай учурда эсте сактоонун бүт түрлөрү, бардык эрк пуржи-

налары психиканын бүтүндөй жашырын резервдери жапырт ишке киришет. Баланын акылы интенсивдүү өнүгөт. Биздин мектепте болсо окутуу иши баланын психикасынын жетилүү мыйзам ченемдүүлүгүнө тикеден тике карама каршы уюштурулат. Баланын мээсине оор жүктү ашыкча жүктөп, аны зордук менен ишке чегүүгө курулай аракеттенет. Ал эми элдик тажрыйбаны пайдаланып окутуу биздин азыркы мектептегидей кургак логикалык окутуудан 2—3 эседен 9—10 эсеге чейин жемиштүү экендигин Совет жана Болгар мектептеринде өткөрүлгөн сынамык (эксперимент) далилдеди. Биздин азыркы 11-жылдык мектептин программасын окутуу иши элдик тажрыйбадагыдай туура уюштурулса аны биздин окуучуларыбыз 5 жылга жетип жетпей эле өздөштүрүп алмак (21).

Көркөм өнөр, спорт, кызыккан иш менен алагды боло турган убакытты балдарга окутуунун жаңы, активдүү усулдары гана бере алат, ошол гана мугалим менен окуучуну ашыкча керексиз иштерден бошотуп, алардын чыгармачылыгынын өркүндөшүнө өбөлгө түзөт. Ошону менен бирге ойнотуп—окутуу — бул бир эле мезгилде окутуп тарбиялоо, болгондо да балдардагы чыгармачылык жана изденүү касиеттерин кошо тарбиялоо, Окутуу ишин уюштурууда элдик тажрыйбанын өрнөгүн, элдик педагогиканын салтын чыгармачылык менен пайдаланып өз иштеринде ийгиликке жетишкен Ш. Амонашвилинин, Г. Волковдун, С. Лысенкованын, Б. Никитиндин, М. Шетининдердин даңазаларын эл бекеринен чыгарып жаткан жок. Элдик мектептин салт-санаасын улантып окуу материалын күндөн күнгө татаалдашып баруучу табышмак (дүйнө таануу маселеси) катарында окуучулардын алдына коюп, экинчи жагынан аларды жандырмакты өз алдынча чыгармачылык менен изденип табуу ыгына ээ кылсак, биздин мектептерибиздеги окутуу жараяны өзүнүн табигый нугуна түшөт эле, андай окутуу окуучулардын акылынын тынымсыз жетилүүсүнө эң сонун өбөлгө түзмөк. Педагогика илиминин келечеги өткөндөн сабакты көбүрөөк алса гана кең болорун турмуш далилдеди.

ЭМГЕК ТАРБИЯСЫ: Эмгек адамды тарбиялоонун эң байыркы, эң күчтүү каражаты, өркүндөгөн инсанды калыптандыруунун бирден бир шарты. Бирок эмгек эптеп септеп эле жумуш аткаргндын баарын тегиз тарбиялай бербейт. Эгерде эмгек балдардын денесин чыңдап, аларга адеп тарбиясын берүүдөн, интеллектуалдык жана идеялык мазмундан, эстетикалык жана эмоционалдык таасирден, көп кырдуу чыгармачылык мамиледен ажырап калса эптеп будамайлап, кутулуу үчүн аткарыла турган милдетке же моюнга жүктөлгөн озуйпага айланып калат. Мындай эмгек адамдын рухий талабына жооп бербейт, демек ал адамдын көңүлүн көтөрүп, жан дүйнөсүн сергиткендин

ордуна аны чүнчүтүп рухий жактан жакырлантат. Орус педагогикасынын атасы К. Д. Ушинский эмгектин эки касиетин даана ачып көрсөткөн, биринчиси, эмгектин натыйжасы —байлык, экинчиси, эмгектин адамды жаратуучу кудрети б. а. эмгектин экономикалык жана педагогикалык касиеттери. Эмгектин натыйжасында пайда болгон байлыкты бирөөгө мураска калтырса да, же бирөөдөн акчага сатып алса да, же күч менен бирөөдөн тартып алса да болот. Ал эми эмгектин адамды жаратуучу кудретин бирөөгө мураска калтырууга да, бирөөдөн эч кандай күч менен зордуктап тартып алууга да, Калифориниядагы бүт алтынды жыйып чогултуп бирөөдөн сатып алууга да мүмкүн эмес, эмгектин адамды жаратуучу кудрети эмгектенген адамдын өзүндө гана калат деп жазган К. Д. Ушунский (24, 284). Пешене теринин натыйжасына сыймыктануу сезими ойгонбогон адам инсан катары өркүндөй албайт. Адамдын жашоосунун мүдөөсү—инсан катары өркүндөп жетилүүсү. Эмгек адамдын акыл дүйнөсүн байытып, чыгармачылык умтулуусун эргитип, адеп ахлагын түгөлдөп, эстетикалык табитин коздоп көкөлөтсө гана чыныгы инсанды жаратуучу кудретке ээ болот. Ошондой учурда гана адам эмгек маданиятынын жогорку чегине, эмгектеги чыгармачылыкка жетишет. Эмгектенүү кара курсакты багуу үчүн гана эмес, өзүндөгү шыкты талантты өнүктүрүүнүн, чыгармачылык рухту түптөөнүн негизги каражаты болуп калса гана эмгек адамдын кубанычынын соолубас булагы боло алат, рухий талапка айланат.

Машиналык техника жана технологиялык жараян канчалык өркүндөп татаалдашпасын кол эмгеги өндүрүштүн эң маанилүү элементи боюнча кала берет. «Кол эмгеги» — дегенди күч эмгеги деп түшүнүү туура эмес. Жогорку маданий деңгээлге көтөрүлгөн кол эмгегинде чыгармачылык ой-пикир ачык эле көрүнүп турат. Эмгектин техникасы жана технологиясы канчалык көп татаалданса, ал техниканы үйрөнүүдөн мурда кол эмгектин ошончолук көптөгөн жөнөкөй ык, машыгууларына ээ болуу талап кылынат. Татаал машиналарды, механизмдерди ишенимдүү жана ийкемдүү башкара билүү кол эмгегинин чеберчилигине тикеден тике көз каранды. Окуучу машинаны айдоону үйрөнөрдөн мурда анын кыймылдуу үлгүсүнүн (действующая модель) тетиктерин бириндетип кайра чогултуп, тетиктер менен түйүндөрүнүн арасындагы кыймыл байланыштарын андап түшүнсө, андан кийин чыныгы машинанын моторун ачып, бириндетип чачса жана аны кайрадан чогултуп жыйнай алса гана ошол окуучу ал машинанын чыныгы ээси жана эркин башкаруучусу боло алат, деталдардын иштен чыгып бузулуп калуусунун алдын алат. Кол эмгегин аткарып жатканда эмгек жараяны менен эмгектенген адамдын акыл жүгүртүүсү канча-

лык көп айкалышса эмгектин тарбиялык мааниси ошончолук күчтүү болот.

Кол эмгеги абстрактуу ойлоону өнүктүрүүдө да чоң роль ойнойт. Машина, механизм, технологиялык жараян, эмгектин өндүрүмдүүлүгү деген өңдүү жалпылоочу түшүнүктөрдүн калыптануусу кол эмгегинин аткарылуу мүнөзүнө жараша болот.

Аткарып жаткан иштин максатына карай эмгек тарбиясынын усулу акыл, адеп, эстетикалык жана дене тарбияларынын усулдары менен тыгыз байланышып кетет. Эгерде бала аткарып жаткан жумуш анын ык, машыгууларын өркүндөтүүгө багытталса тарбиянын усулу окутуунун усулуна окшош болот, ал эми эмгектин максаты ишенимди, көз карашты калыптандыруу болсо эмгек тарбиясынын усулу адеп тарбиясыныкындай, эгерде эмгектенүүнүн максаты элге ата журтка кызмат өтөө идеясын калыптандыруу жана андан ары аны өркүндөтүү болсо, биринчи планга сезимди өстүрүү коюлат. Балдардын бирөөлөрдүү тууроого болгон жнөдөмдүүлүгүн эске алып ата-энелер, эже, агалар балдар үчүн кызыктуу иштердин үлгүсүн көрсөтүүгө байыртан эле аракеттенип келишкен. «Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт» — деген макал эмгек тарбиясынын элдик усулунун негизи болгон. Ар бир бала өтө эле жашынан атасынын, энесинин, агасынын же эжесинин эптүү чеберчилик менен аткарган ишине, уздугуна толкунданса, улуулардын эмгеги, рухий жашоосу балдардын үмүт тилегине айланып калса деп эңсеген эл. Баланын рухий кейпи ата эне, мугалим аны турмуштун кайсы жолуна баштаганына жараша болот.Б ул жерде биз баса белгилей турган нерсе карапайым калкты эмгектин (балдардын эмгегинин) экономикалык жагы гана эмес, айрыкча педагогикалык жагы өтө кызыктырган. Анткени эл балдарынын чыныгы инсан болуп жетилүүсү үчүн кам көргөн. Ал эми биздин мектептерде/балдардын өндүрүмдүү эмгггин уюштурууда ал эмгектеги идеяны, адептүүлүктү, эстетиканы, чыгармачылык мамилени б. а. эмгектин адамды жаратуучу кудретин биротоло мойсоп жоготуп, окуучулардын эмгегин кулдун эмгегине айландырып жиберген. Ошондуктан эмгектенүү биздин мектепти бүтүрүүчүлөрдүн рухий талабына айланбай калган. Тескерисинче мындай абал жаштардагы эмгекти жек көрүүнү, тапшырылган ишти эптеп септеп тезирээк аткарып өз милдетинен кутулууга умтулууну, эмгектен коркуп качууну пайда кылган.

Ал эми эмгек, пешене тер, адамды шыктандырууга, эргитүүгө, жан дүйнөсүн байытууга тийиш. Андай эмгекке бала өзү кызыгат. Эл эмгектин адамды жаратуучу кудретин туура байкап, балдардын табигатын туура түшүнүп, аларды кызыктыруунун эң сонун усулдарын тапкан. «Кары келсе ашка, жаш

келсе ишке» дейт эл макалы. Бул балдарды эмгектенүүгө психологиялык жактан даярдоо. Бала жашынан эле эмгектенүү инсандык парз экендигин түшүнөт.

«Кылганың бирөө үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн» деген накыл сөз, эмгектин үйрөтүүчү да, тарбиялоочу да элементтерин эл боолгоп туура түшүнгөндүгүнүн далили. Ар кандай жумушту кайта-кайта аткаруу баланын иш аткаруучу ык, машыгууларын бекемдейт, бул эмгектеги үйрөтүүчү элемент. Ал эми өркүндөгөн ык, машыгуулары менен аткарган ишине бала сыймыктанса, ага эргип көңүлү көтөрүлсө мындан биз эмгектеги тарбиялык элементти көрөбүз.

ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ — өркүндөгөн инсанды калыптандырууда эстетикалык тарбиянын ролу баа жеткис. Анын маңыз мааниси табигаттагы, эмгектеги, коомдук жана жеке турмуштагы, көркөм өнөрдүн кубулуштарындагы сулуулукту туура кабылдап, даана түшүнүү жөндөмүн балдарда калыптандыруу. Ошону менен бирге жашоодо жана көркөм өнөрдө өз алына жараша сулуулук кошумчалоо жөндөмүнө да ээ кылуу. Сулуулук — инсандын ыйман-адеп жагынан аруулугунун, рухий жактан байлыгынын, дене жагынан өркүндөөсүнүн эң күчтүү булагы. Эстеликалык тарбиянын милдети балага табияттагы, көркөм өнөрдөгү, адамдардын бири-бири менен мамилесиндеги сулуулуктан руханий асыл заттыкты, боорукердикти, мээрбандыкты көрө билип, ошолордун негизинде өз жан дүйнөсүндөгү сулуулукка жол ачууга өбөлгө түзүү.

Ажайып кооздукка дилгир адам жашоо турмушуна сулуулуктун үлүшүн кошууга дайыма умтулат. Ал чыныгы кооздукту сүйүп туура баалоо менен гана чектелбестен, ар кандай элпластыкты, пастыкты жек көрөт. Маркстын сөзү менен айтканда ал өз жашоосун сулуулуктун мыйзам ченемдүүлүгүнүн негизинде курууга умтулат. Инсандын нарктуулугунун негизги шарты болуп анын ажайып кооздукка дилгирлиги эсептелет. Ажайып кооздукка дилгир адамда акыл тетик боло алат, ушундай касиети бар окумуштуу гана табият менен кубулуштардын биримдигин аңдап түшүнүп, аалам деңгээлиндеги идеяга көтөрүлө алат, ушундай касиети бар атуул гана өз пайдасын, өз үмүтүн ата журтка курмандыкка чала алат, ушундай касиети бар адам гана турмуштун кыстоосуна кебелбестен эрдик көрсөтө алат деген акылга тете тыянак чыгарат В. Г. Белинский.

Эстетикалык тарбия баланын туюу жана кабыл алуу маданиятын өркүндөтүүдөн башталууга тийиш. Адамдын акыл жөндөмүн өркүндөтүүгө алып келген эмгектик ык, машыгууларга узак көнүкпөсө, андагы чеберчилик пайда болбогон сыяктуу эле сезүү органдарынын, баарыдан мурда, угуу, көрүүнүн узак көнүгүүсүсүз адамдын руханий, адептик, сезимдик, эстетика-

лык маданияты өркүндөп өспөйт. Адамдын өзүнө жана айлана-чөйрөгө кылган сезимталдык мамилесинин назиктиги анын туюу жана кабыл алуу маданиятына жараша болот. Туюу жана кабыл алуу канчалык өнүккөн болсо адам айлана чөйрөдөгү түстөрдүн жана добуштардын эң назик жактарын тагыраак баамдай алат, заттарга, фактарга, кубулуштарга берген эмоционалдык баасы канчалык терең болсо, адмдын рухий маданиятын мүнөздөгөн эмоционалдык диапазону ошончолук кең болот. Айлана чөйрөнү туюу жана кабылдоо жараянында кубануу-кайгыруу, кыжырлануу -суктануу, ызалануу-таңдануу сезимдери канчалык терең болсо адамдагы эстетикалык табит ошончолук күчтүү өнүгөт. «Жайдын мемиреген таңы дык кой-гондо наристелер менен бир дөңсөөдөн туруп таңдын атышын, күндүн чыгышын байкаган бир учур эсимен такыр кетпейт. Таң сүрүп келе жаткандагы жарык нурдун кубулган түстөрү сыйкырдап койгондой балдар менен кыздар асмандан көздөрүн ала алышпайт. Аларды асмандагы жыбыраган нурлардын шооласы да, таңдын сулуулугун чагылдырган көлчүктүн кооздугу да таңдандырат. Ушундай көнүгүүлөрдүн натыйжасында менин 2-класстагы окуучуларым коңур күздөгү ачык асмандан 14 түстүү ажырата көрүүнү үйрөнүшкөн эле» — деп жазат Сухомлинский (23, 252).

Көрдүңүздөрбү! Жаратылыш кандай кудреттүү тарбиячы! Аны менен ар кандай эле таланттуу педагог да теңтайлаша албайт. Бирок, табияттын купуя сырларын байкап, аңдап түшүнүүнү үйрөтүп, андагы ажайып кооздукка балдардын көңүлүн тарбиячы атайын бурбаса, бала жаратылышка кайдыгер боюнча кала берет. 2-класс эмес мектепти толук бүтүргөн ар бир улан же кыз тунук асмандан 14 түс ажыратып көрө албасы баарыбызга бештен белгилүү. Жаратылыштын кооздугундагы асылдыкты, жакшылыкты кабылдап, аны менен жан дүйнөсүн эргите билген бала үчүн гана табият эстетикалык табиттин булагы болот. Элдин пейилин, улуттук мүнөзүн калыптандыруудагы жаратылыштын таасиринин күчүн жазуучулар, акындар көп сүрөттөп жазып, ырдап келгени баарыбызга маалым. Бул жагдайда кыргыздын элдик акындарынын алдына өтүү кыйын болсо керек. «Манастан» баштап бүт эпсостордо, же акындардын жөн эле эргиген нуска, насаат ырларында, жалпы эле ой толгоолорунда табияттын эң жашырын купуя сырларын акыл калчап, боолгоп, ар бир инсан ынанаарлык, илимий негизде көркөмдөп, аң сезимге жеткизе айтканына таң калбай турган пенде болбосо керек. Жаратылыштын купуя сырларын баян доодо Сагымбай менен Саякбайга, Барпы менен Жеңижокко теңдеш алпты ааламдан издеп табуу кыйынго!

Бирок ушундай кенчти жаштарга таалим, тарбия берүүдө толук пайдалана албай жатабыз. Алсак, Күн... Бул жөнүндө канча элдик ырлар, табышмактар, макалдар, жомоктор бар! Күнгө байланыштуу канча салт-санаа, ырым-жырымдар бар? Элдик тарбияда алар кеңири пайдаланылат. Этнопедагогикалык изилдөөнүн белгилүү этабында«Күн педагогикасы» деген кызыктуу илимий эмгек жаралышы ыктымал деп жазат академик Волков Г. Н.

Мындай изилдөөлөрдүн максаты балдардын жан дүйнөсүн байытууда тарбиячынын табиятты пайдалана билүүгө үйрөтүү

Айлана чөйрөдөгү ажайып коздукка таңданып, тамшанып рахаттана билгенде гана адам өз тиричилигине алынча сулуулукту кошууга умтулат. Чындыкты, турмушту чыгармачылык менен жакшыртып, адеп ахлак жагынан жетилүүдө адамга эстетикалык маданият, өнүккөн көркөм табит гана өбөлгө түзөт. Өркүндөгөн инсандын эстетикасы анын этикасына айланып калат. Эстетикалык ой жүгүртүүнүн булагы болуп табият, адамдардын коомдук жана жекече турмуштагы мамилелери, айлана чөйрө, эмгек, окуу, жүрүш-туруш, көркөм өнөр, б. а. адамдардын жашоосундагы турмуш чындыгы эсептелет. Ошондуктан балдар жашап, окуп, эмгектенип, ойноп турган үй, имарат, айлана чөйрө, улуттук кийим жана балдарга педагогикалык таасир тийгизе турган адамдардын жүрүш-турушу эстетиканын талабына жооп бергидей болууга тийиш.

Туура уюштурулган эстетикалык тарбия жаштардагы рухий эргүүнү айда кылат. Эстетикалык тарбиянын дагы бир күчтүү каражаты-көркөм өнөр. Көркөм өнөр — адам рухундагы сулуулук жашай турган убакыт жана мейкиндик. Ошону менен көркөм өнөр дүйнө таануунун да күчтүү каражаты. В. Г. Белинский: Философ ой чабытатып сүйлөсө, акын-элестетип, сүрөттөп сүйлөйт, экөө бир эле ойду баян кылат. Бири акыл менен далилдесе бири көзгө көрсөтөт. Экөөтең ынандырат. Бири логикалык ой жүгүртүү менен, экинчиси сүрөттөө менен. Аң сезимге көркөм өнөр илимден кем таасир тийгизбейт. Мында илим да, көркөм өнөр да бирдей эле зарыл. Көркөм өнөр илимди, илим көркөм өнөрдү алмаштыра албайт деген пикирге келген. Демек көркөм өнөр сезимди да, акылды да өркүндөтөт, эстетикалык тарбиянын да, акыл тарбиясынын да күчтүү каражаты. Мектепте окутулган бардык эле сабактар эстетикалык тарбия берүүдө өтө маанилүү. Музыка, ыр, сүрөт, адабият сабактары адамдын сезимине аябай күчтүү таасири тийгизет. Ошондуктан аларды биология же алгебра сабагындай окутууга болбойт. Адабият менен адамды тарбиялай билүү өтө маанилүү, анткени адамды өзүн-өзү билүүгө, турмушту түшүнүүгө, элди сүйүүгө, боорукердик, калыстык, айкөлдүккө үйрөтүү

ишинде педагогикалык арсеналда адабияттан күчтүү каражат жок.

Сөзгө, анын ар кыл маанисине болгон сезгичтикти тарбиялоо өркүндөгөн инсандын башаты. Махмуд Кашкари бабабыз: «Адептин башаты — тил» — деп бекеринен айтпаса керек. Тилсиз адепти, маданиятты түшүнүү кыйын. Эне тилин билүү, аны аздектөө, ага таазим кылуу инсандык парз. Ансыз адам билимдүү да, маданияттуу да, адептүү да боло албайт.

Тарбия жараянында адамдын жан дүйнөсүнө дайыма бирдей таасир тийгизүүчү универсалдык каражат жок. Эмгек бул жагдайда өтө кудреттүү каражат, бирок адамдын жан дүйнөсүнүн түпкүрүндөгү булуң-бурчуна тарбиянын эң назик аспабы— таасирдүү сөз жетпесе, эмгектин тарбиялык мааниси басаңдайт. Тил казынасынан андай сөздү таап пайдалана албаган нонок тарбиячынын сөзүн окуучу укпайт, анын жан дүйнөсү дүлөй болуп калат.

Музыка сезимдин тили. Тарбиячы жалындуу жүрөккө сөз менен гана таасир этип, андан ары таасирди музыка аркылуу тереңдетпесе, тарбия кемтик болуп калат. Сүрөт, ыр, музыка мектептин окуу предмети гана эмес, тарбиянын да күчтүү каражаттары.

Адамдын эмоционалдык, адептик маданиятынын өзөгү инсандагы асыл заттык, айкөлдүк. Инсандагы мындай пакиза сапаттын бардыгына музыкасыз ынандыруу мүмкүн эмес. Биз музыканы жашообуздагы кандайдыр бир жасалма кошумча нерсе өңдүү көрөбүз. Ал эми чындыгында музыка—жашоо турмушубуздун өзү эле. Мектепте жана үй-бүлөдө сүрөт тартууга, ыр окууга, ырдоого жана музыка угууга бөтөнчө көңүл бурулууга тийиш. Инсандагы асыл заттык сапаттарды өнүктүрүүнүн эң зарыл каражаттары ушул сабактар. Биздин мектептерибиздеги бул сабактарга болгон кайдыгерликти педагогикалык дөдөйлүк деп гана эсептөө керек. Эстетикалык тарбия берүүдө окуучулардын, мугалимдердин сырткы кебетесине, кийим-кечесине, жүрүш-турушуна сүйлөө речине, бири-бири менен мамиле кылуу манерасына көп көңүл бурулуусу зарыл. Эстетикалык жактан туура тарбияланган адамдын зоболосу бийик болуп, рухий жактан эргип, чыгармачылыгы өркүндөйт, өз наркын бийик кармайт. Андай адамда рух күчтүүлүгүнөн өзүн жупуну, жөнөкөй тутуп, кичи пейил, элпек болот. Ал эми эстетикалык табити осол адам бирөөлөрдү туурап, кийими же кебетеси менен өзгөчөлөнүүгө аракеттенип, өзүн маскара кылып жатканына баамы жетпейт. Андай адам орой, мыкаачы, көйрөң, куу чирен болот.

**ПОЛИТЕХНИКАЛЫК** билим — өркүндөгөн инсан үчүн турмуштук зарылдыкка айланып калды. Политехникалык окуу

жеткинчектерге азыркы өндүрүштүн негизги тармактары жана уюштуруунун илимий принциптери жөнүндө билим берет. Өндүрүмдүү эмгекке катышуу үчүн зарыл болгон жалпы техникалык амалияттык ык, машыгууга жаштарды ээ кылат.

Ар бир жумушчу улам жаңы алмашкан станок же машинанын түзүлүшүн, алардын иштөө принциптерин, технологиялык жараяндын илимий негизин жакшы билсе, аларды керек учурда оңдоп, башкара алат. Анткени азыр жумушчулардын квалификациясы жогорулап, алардын ишиндеги акыл эмгегинин үлүшү көбөйүп жатат. Жаштарга политехникалык билим берүү жөнүндө түрдүү көз караштар болгон. XIX кылымдын аягында XX кылымдын башында, Г. Кершенштейнердин ою боюнча, германиядагы эмгек мектеби балдарды күч эмгегине гана даярдап, капиталдын ыңгайлуу нөкөрүн тарбиялоого тийиш болгон.

Джон Дьюинин идеясы боюнча эмгек мектебиндеги тарбия балдарды турмушка ылайыктап, анын жашоодогу ийгилигин камсыз кылууга тийиш. Дьюи мектептин ишинин борбору окуучуну кызыктыруучу турмуш-тиричиликтеги ийгилик жана пайдага үмүттөндүрүүчү эмгек болууга тийиш. деген пикирге келген. Советтик эмгек мектеби адегенде эле ушул тажрыйбаларды пайдаланган, акырындык менен политехникалык билимдин башатын берүүгө аракеттенген. Мектептин турмуш менен байланышы чыңдалган. Бирок 1937-жылдан баштап мектептин ишинде жалпы билим берүү маселесине өтө эле көп көңүл бурулуп кетип, эмгектик жана политехникалык окууга кайдыгерлик мамиле башталган. Анын кесепети ушул күнгө чейин тийип жатат. Мектебибиз политехникалык эмгек мектеби деп аталганы менен аны бүтүрүүчүлөрдүн колунан эч нерсе келбейт.

Ири өндүрүштүн табиятын терең изилдеп үйрөнүп К. Маркс, Ф. Энгельс индустриялуу өндүрүштү уюштуруудагы жана техника, технологиядагы тынымсыз прогресс капиталисттик коомдогу эмгектин мүнөзүн өзгөртөт, анын натыйжасында жумушчулардын составдарынын бир өндүрүштүн тармагынан экинчисине карай агуусун пайда кылат. Мындан ишсиздик келип чыгат. Муну алдын алуунун бирден бир жолу жаштарга политехникалык билим берүү деген тыянакка келишкен. Келечекте бүткүл коомдун кызыкчылыгы үчүн ишке ашкан өндүрүш ар тараптама билими, кеңири политехникалык түшүнүгү бар адамдарга муктаж болот. Тарбия өндүрүштүн бүт системасын жаштар өз амалиятында тез эле өздөштүрүп алуусун камсыз кылып, өндүрүштүн бир тармагынан экинчи тармагына коомдун талабына ылайык же кээ бирөөлөрүнүн жеке жөндөмүндөгү өзгөчөлүгүнө карай ирети менен өтүп туруусуна өбөлгө ту-

зөт деген тыянакка келет Ф. Энгельс. Алардын окуусун андан ары өркүндөтүп В. И. Ленин жаштарга политехникалык билим берип, алардын окуусун өндүрүмдүү эмгек менен айкалыштырбай туруп, келечектин билимдүү адамын да, келечек коомдун идеялын да элестете албайбыз деген пикирге келген (14, 361). Өркүндөгөн инсанды калыптандыруу үчүн биз жогоруда кыскача баяндаган тарбиянын түрлөрүн комплекстүү ишке ашырууга тийишпиз. Анткени инсандагы сапатты кезек менен бир бирден түптөөгө болбойт. Бүгүн баланын ден соолугун чыңдап, андан кийин акылын өстүрүп, аны бүтүрүп коюп, адебин калыптандырууга өтүү мүмкүн эмес. Өркүндөгөн инсандын асыл заттык сапаттары бир эле мезгилде түрдүү багытта, ар кыл каражаттардын жардамы менен түптөлөт. Анткени инсандын жан дүйнөсү, тулку бою менен адамдык касиети ажырагыс бирдикте. Өркүндөгөн инсан — бул элдин камын ойлоп, жасаган эмгегине шыктанган, адамгерчиликтүү, ыймандуу, мээрбан, айкөл адам. Ал өз билимин өркүндөтүү аркылуу жан дүйнөсүн байытууга, эл камын ойлоп ак ниет эмгектенүүгө, адеп ыйманын тазартуу үчүн чечкиндүү күрөшүүгө умтулуп, материалдык жана рухий байлыктарды маданияттуу пайдалана билүү менен гана чектелбестен алардын көбөйүүсүнө өз үлүшүн кошууга умтулат. Азыркы тарбиянын максаты мына ушундай болууга тийиш.

Албетте, адам — табияты өтө татаал жаныбар. Анын кээ бир инстинктик талаптарынын өзгөчөлүгүн айрым учурда биз жакшы көңүлгө албай коюп, тарбия ишибизде өтө чоң жаңылыштыктарды кетирдик. Айрым социолог ойчулдардын айтуусу боюнча адамдагы өзүмчүлдүк, жеке менчикке умтулуу, ичи тардык өңдүү инстинктер көп учурда өзгөрүүгө учурабайт. Белгилүү англис ойчулу Г. Спенсер коомдук организм канчалык ийкемдүү болбосун адамдын табиятындагы осол жактар өзүн көрсөтпөй коё албайт. Өзүнүн таасири менен адамдагы коргошун инстинкти алтын адеп-ахлакка айландырып жибере турган саясий алхимиянын болушу мүмкүн эмес деген пикирди баса белгилеген. Бул пикилерде жүйөлүү жактар жок эмес. Бирок, социологдордун, педагогдордун бул жагдайдагы айрым ойлоруна макул болуу менен бирге тарбиянын ролун биз толук жокко чыгара албайбыз. «Жакшы ниет, жарым ырыскы» — дейт эл макалы. Эгерде бала чоңойгон чөйрөдө жакшы кырдаал түзүлүп биз жогоруда баяндаган тарбиянын бөлүктөрү табиятына ылайык комплекстүү ишке ашса ыймандуу, адамгерчиликтүү, айкөл инсан калыптанышына эч кандай шек жок.

**Тема боюнча түйүндүү маселелердин өздөштүрүлүүсүн көзөмөлдөөчү соболдор жана окурмандын өз алдынча иштөө багыттары.**

1. Тарбиянын максаты дегенде эмнени түшүндүң? Тарбиянын жалпы максаты жана жеке максаты жөнүндө түшүнүгүңдү баянда. Элдик тарбиянын максаты менен буржуазиялык тарбиянын максатындагы айырмачылыктарды талдап түшүндүр.

2. Өркүндөгөн инсан дегендин маңыз маанисин чечмеле. Өркүндөгөн инсандын жетилүүсүнө таасир тийгизүүчү факторлор жана тарбиянын составдуу бөлүктөрү жөнүндө түшүнүгүңдү талдап бер. Тарбияга комплекстүү мамиле дегенди кандай түшүндүң?

3. Өркүндөгөн инсанды жетилдирүүдөгү дене тарбиясынын ролун баянда. Дене тарбиясынын мазмунун кандай түшүндүң? Аны ишке ашыруунун формаларын, усулдарын айгинеле. Үй-бүлөдө дене тарбиясын кантип оптималдуу ишке ашырса болот? Академик И. А. Аршавскидин экспериментинин натыйжасы дене тарбиясын өркүндөтүүгө кандай өбөлгө түздү?

4. Адептүүлүк жөнүндө түшүнүгүңдү баянда. Адептүүлүктүн нормаларынын сакталуусун көзөмөлдөөчү кандай күч бар? Адептүүлүк тарбиясын ишке ашыруу амалиятында биздин мектептердин кетирген каталыктарын талдап чечмеле.

Адептүүлүк менен ислам дининин байланышы эмнеде?

5. Акыл тарбиясынын маңыз маанисин айгинеле. Акыл тарбиясынын эмгек тарбиясы менен байланышын баянда.

Акыл тарбиясы менен эмгек тарбиясынын усулдарындагы айырмачылык менен окшоштукту баянда. Баланын акылы анын манжаларынын учунда дегендин мазмунун баяндап бер.

6. Эстетикалык тарбиянын маңыз маанисин кандай түшүнөсүң? Эстетикалык ой жүгүртүүнүн булагы эмне? Эстетика адамдын этикасына кантkende айланат? Политехникалык окуу жаштарга эмне берет? Биздин мектептин амалиятында политехникалык окууну ишке ашыруу кандай мүчүлүштөргө дуушар болду? Анын себептерин талдап бер.

## Реферат жазуу үчүн болжолдуу темалар.

1. Тарбиянын максаты жөнүндө түшүнүк. Элдик тарбиянын максаты өркүндөгөн инсан деген түшүнүктүн маңыз маанисин талдап чечмеле.

2. Дене тарбиясынын мазмуну, формасы жана усулдары жөнүндө баянда.

3. Адептүүлүк деген түшүнүктүн маңыз маанисин такта. Адептүүлүк тарбиянын милдеттери, формалары, усулдары.

4. Акыл тарбиясынын мазмун, усулдары жана каражатта-

ры. Акыл тарбиясы менен эмгек тарбиясынын биримдигин айгинеле.

5. Эстетика предмети жана анын милдеттери. Эстетикалык тарбия жана эстетикалык табит. Эстетикалык тарбиянын мазмуну, милдеттери жана усулдары.

**Реферат жазууда пайдалануу үчүн сунуш кылынган булактар.**


1. Мурас. Фрунзе. «Кыргызстан» 1990.
2. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим, Фрунзе, «Кыргызстан», 1988.
3. В. А. Сухомский Рождение гражданина М. 1971.
4. Юрий Борев эстетика, М. 1988.
5. Б. М. Неменский Пути о человечивания школы «Новое педагогическое мышление» деген китепте, М. 1989, 103—134 б.
6. Педагогика (окуу китби).

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. Аль-Фараби. Философские трактаты, Алма-ата, «Наука» 1970.

2. Аль-Фараби. Социально-этические трактаты, Алма-Ата, «Наука» 1972.

3. Аль-Фараби. О разуме и науке. Алма-Ата, «Наука», 1975.

3 «а». Айтматов Ч. «Биринчи мугалим», «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар» ж. б.

4. Беруни, Абу-р-Райхан Мухаммед ибн Ахмед. Собрание сведений для познания драгоценностей (минералогия) Л. АН ССР, 1963.

5. Бекембай Апыш. Жалпы дидактиканын негиздери «Бишкек» «Мектеп» 1991.

6. Выготский Л. С. Развитие высоких психических функций. М. 1960.

7. Волков Г. Н. Чувашская народная педагогика, Чебоксары, 1958, 1982.

8. Жусуп Баласагын Кут алчу билим. Фрунзе, 1988.

9. Жеңижок. Фрунзе, 1982.

10. Ибн Сина, Абу Али: Канон врачебной науки, Ташкент. Фан. 1980—1982, 5 томдук.

11. Кабус-наме. М. ИЛ. 1958.

12. Кыргыздар. Бишкек «Кыргызстан», 1991.

13. «Кыргыз руху» (гезит), 11-март, 1992-ж. № 9 (28) 4—5-беттер..

14. Ленин В. И. О воспитании и образовании, М. 1973.

15. Маркс К. жана Энгельс Ф. О воспитании и образовании. М. 1978. 2 томдук.

16. Мурас, Фрунзе, «Кыргызстан», 1990.

17. Новое педагогическое мышление. М. «Педагогика», 1989.

18. Никитин Б. П. Первые уроки естественного воспитания или Детство без болезней. Лениздат 1990.

19. Омар Хайям. Трактаты. М. 1968.

20. Омар Хайям. Рубан. Ташкент, 1977.

21. Спрингер С., Дейч Г. Левый мозг, правый мозг. М. «Мир», 1983.

22. Симаков Г. Н. Общественные функции киргизских народных развлечний в конец XIX начале XX века. Л., «Наука», 1984.

23. Сухомлинский В. А. Избранные педагогические сочинения. В трех томах, М. «Педагогика», 1981.

24. Сыдыкбеков Т. «Көк асаба», «Адабият», 1989.

25. Ушинский К. Д. Избранные педагогические произведения, М., 1968.

26. Януш Корчак Как любить детей, М., 1990.

## МАЗМУНУ

Редактордон 3
Сөз башы 4

### БИРИНЧИ БАП

Педагогика предмети жана анын милдети 6
Теманын мазмунун чечмелөөчү ой чабыттары 7
Реферат үчүн болжолдуу темалар 56

### ЭКИНЧИ БАП

Өнүгүү, тарбия жана инсандын калыптанышы.
Темадагы түйүндүү ойлор 58
Теманын мазмунун баяндоочу ой чабыттары 59
Реферат жазуу үчүн болжолдуу белгилер 77

### ҮЧҮНЧҮ БАП

Тарбиянын максаты. Темадагы түйүндүү ойлор. 78
Теманын мазмунун чечмелөөчү ой чабыттары 79
Реферат жазуу үчүн болжолдуу темалар 105
Пайдаланылган адабияттар 107

Редактору Качыкеев Т.
Сүрөтүн тарткан Эшпаев М.
Техредактору Шульченко Л.
Корректору Апышев Б.

Терүүгө 13. 05. 93 ж берилди. Басууга 25. 06. 93 ж. кол коюлду форматы 60x84 1/16, 7 басма табак. Заказ № 3203 Нускасы 20000.

Ош ш. областтык басмаканасы. Курманжан датка көчөсү № 209.